KYRGYZ INVESTMENT AND CREDIT BANK

# Туруктуу өнүгүү багыты боюнча отчет

Алдыдагы максаттар - кардарларга, айлана-чөйрөгө, коомчулукка кам көрүү менен Кыргыз Республикасынын өркүндөп өсүшүнө алгылыктуу салым кошуу

2025

# Мазмуну


**Банктын Директорлор кеңешинин төрагасынын кайрылуусу** 3

**Банк Башкармасынын Төрагасынын кайрылуусу** 4

**1. Отчет тууралуу** 6

1.1. Отчетту даярдоого өтүү ыкмасы 6

1.2. Олуттуу темаларды аныктоо ыкмасы 7

1.3. Банктын профили 8

1.4. 2025-жылдагы негизги финансылык көрсөткүчтөрү 9

1.5. Туруктуу өнүгүү жаатындагы негизги көрсөткүчтөр 10

**2. Туруктуу өнүгүү жана ESG** 12

2.1. Туруктуу өнүгүү стратегиясы 12

2.2. Туруктуу каржылоо 13

2.3. Салык саясаты жана ачык-айкындуулук 14

**3. Банктын БУУнун туруктуу өнүгүү максаттарына жетишүүгө кошкон салымы** 16

3.1. Банктын БУУнун туруктуу өнүгүү максаттарына жетишүүгө кошкон салымы 16

3.2. Аныкталган олуттуу темалардын БУУнун туруктуу өнүгүү максаттарына ылайык келиши 17

**4. Корпоративдик башкаруу** 19

4.1. Корпоративдик башкаруу боюнча баяндама 19

4.2. Кызыкдар тараптар менен өз ара иш алып баруу 25

4.3. Ишкердик этика, комплаенс жана коррупцияга каршы аракеттерди көрүү 27

4.4. Тобокелдиктерди интеграцияланган негизде тескөөгө алуу 30

4.5. Киберкоопсуздук 31

4.6. Маалыматтардын купуялуулугунун сакталышы 32

**5. Бизнести жүргүзүү жоопкерчилиги** 34

5.1. Санариптик трансформациялануу жана финансылык инклюзия 34

5.2. Банктын тармактык демилгелерге катышуусу жана эксперттик ишмердүүлүгү 35

5.3. Чакан жана орто бизнес жана корпоративдик бизнес 36

5.4. Микрокредиттөө 37

5.5. Ишкер аял затын колдоого алуу 38

5.6. Туруктуу жеткирүү чынжырчасын башкаруу жана жоопкерчиликтүү сатып алуулар 40

**6. Социалдык жоопкерчилик** 42

6.1. Персонал менен өз ара иш алып баруу 42

6.2. Персонал менен иш алып баруу (аларды башкаруу ыкмасы) 42

6.3. Жакшы иштөөгө өбөлгө түзүү (мотивациялоо) жана сыйакы белгилөө системасы 46

6.4. Персоналды окутуу 47

6.5. HR-брендди өнүктүрүү жана корпоративдик маданият 48

6.6. Социалдык өнүгүүгө салым жана кайрымдуулук 49

**7. Экологиялык жоопкерчилик** 52

7.1. Экологиялык жоопкерчилик маселелерин чечүү ыкмалары 52

7.2. Климаттык тобокелдиктерди жеңге салуу жана мүмкүнчүлүктөрдү караштыруу 52

7.3. Парник газдарынын бөлүнүп чыгышы 53

7.4. Сууну керектөө 57

7.5. Калдыктарды башкаруу 57

7.6. Энергияны керектөө жана энергияны үнөмдөө 58

**Тиркемелер** 61

А тиркемеси: GRI маани-маңызынын көрсөткүчү 61

В тиркемеси: Маалыматтарды IFRS S1 сунуш-көрсөтмөлөрүн эске алуу менен чечмелөө 64

С тиркемеси: Маалыматтарды IFRS S2 сунуш-көрсөтмөлөрүн эске алуу менен чечмелөө 65

D тиркемеси: Глоссарий (атоолор) 66

Е тиркемеси: Байланыш маалыматтары 68

# Банктын Директорлор кеңешинин Төрагасынын кайрылуусу



Урматтуу өнөктөштөр, кесиптештер жана кызыкдар тараптар,

2025-жыл «Кыргыз Инвестициялык-Кредит Банкы» ЖАК үчүн туруктуу өнүгүү принциптерин корпоративдик башкаруу түзүмүнө андан ары системалуу түрдө киргизүү жана өнүктүрүү мезгили болду. Директорлор кеңеши үчүн ESG боюнча күн тартибинде камтылган маселелер узак мөөнөткө финансылык туруктуулукту камсыз кылуунун жана банк ишинде келип чыгышы мүмкүн болгон тобокелдиктерди тескөөгө алуунун ишенимдүү пайдубалын түптөө аркылуу жалпы стратегиялык иш багытынын ажырагыс бөлүгү катары кароого алынды.

Директорлор кеңеши отчеттук мезгил ичинде стратегиялык көзөмөлдөөнүн өтмө шартын калыптандырууга көңүл топтоду. Банктын Тобокелдиктерди тескөөгө алуу комитети экологиялык жана социалдык факторлорго өзгөчө көңүл буруу менен акционерлердин операциялык иш тажрыйбасы боюнча көз карашын өз ара айкалышта кароого мүмкүндүк берди. KICB экономикага тийгизип жаткан таасири менен тышкы таасирлер, эң оболу, климаттык таасирдин кредиттик портфель сапатына таасир эткен факторлор ортосундагы өз ара байланышка баа берүү үчүн каралган олуттуу кош маселе концепциясын этап-этабы менен киргизүүнү баштады.

Банктын алгачкылардан болуп 1,3 млрд сом суммасына туруктуу өнүгүү облигацияларын чыгаруусу, мына ушул тандалып алынган стратегиялык багыттын олуттуу тастыктамасынан болгон. Облигацияларды чыгаруу иш-чарасынын ийгиликтүү, көз карандысыз негизде верификацияланышы жана эл аралык финансылык институттар тарабынан таанышылы максаттуу капиталды тескөөгө алуунун ачык-айкындуулугун жана KICBнин өз ишин дүйнөлүк эң мыкты тажрыйбаларга таянуу менен жүргүзө тургандыгынын айкын далили.

Директорлор кеңеши финансылык эмес маалыматтардын сапатын ыраатту жогорулатууга өзгөчө көңүл бурат. Биз маалыматтын ачыктыгынын маанилүүлүгүн тең бөлүшөбүз жана бул отчетту маалыматтарды ачыктоонун заманбап эл аралык ыкмаларына багытталган ESG-метрикалар тутумун ыраатту өнүктүрүү жолундагы маанилүү кадам катары карайбыз.

Корпортаивдик башкарууну ишенимдүү чыңдоо KICBнин туруктуу өнүгүүсү жана анын рыноктук позициясы үчүн бекем негиз түзөт. Директорлор кеңеши Кыргыз Республикасынын финансы системасын өнүктүрүүгө жана анын туруктуулугуна өбөлгө түзүү менен банк ишинин ишенимдүү алга илгерилиши үчүн шарттарды караштырууну мындан ары да уланта бермекчи.

Ишиңиздерге ийгилик каалап,

Закир Махмуд

«Кыргыз Инвестициялык-Кредит Банкы» ЖАКтын Директорлор кеңешинин төрагасы

# Банк Башкармасынын төрагасынын кайрылуусу



Урматуу кардарлар, акционерлер, өнөктөштөр жана кесиптештер,

2025-жылы KICB өзүнүн ESG күн тартибин андан ары тереңдетүүнү улантып, анын элементтерин күнүмдүк бизнес-процесстерге киргизди. Мында, Банктын операциялык иш максаттарын кардарлардын жана коомдун айкын күтүүлөрүнө ылайык келтирүү - негизги приоритеттен болгон.

Банктын 1,3 млрд сом суммасына туруктуу өнүгүү облигацияларын чыгаруусунан түшкөн каражат Кыргызстандын экономикасынын реалдуу секторунда жигердүү иштеп жатат. Банк ал капиталды энергияны үнөмдөө, чакан бизнестеги экологилык технологияларды киргизүүгө багытталган модернизациялоо долбоорлорун каржылоого, ошондой эле социалдык маселелерди чечүүгө, ишкер аялзатынын жана жаштардын ишкердик демилгелерин колдоого багыттоодо.

Ошону менен катар эле, банк климаттык факторлордун кредиттик портфель деңгээлине таасир этишине баа берүү жагында пилоттук долбоорлорду өздөштүрүү ишин жигердүү баштады. Жеке долбоорлорду кароодо экологиялык талдоо элементтерин киргизүү тобокелдиктерди өз убагында аныктоого жана кардарлардын туруктуураак бизнес-моделдерге өтүүсүндө аларга колдоо көрсөтүүгө багытталган.

KICB үчүн социалдык жоопкерчиликтүүлук технологиялык өркүндөө ишине түздөн-түз байланыштуу. Отчеттук мезгилде Банк өзүнүн ИТ-инфраструктурасын заманбапташтырды жана маалыматтык коопсуздук контурун күчөттү. Жеке маалыматтарды коргоонун жогорку деңгээлин камсыз кылуу, процесстердин үзгүлтүксүздүгүн сактоо жана жеткиликтүү санариптик кызматтарды өнүктүрүү башкы багыттар болуп саналат.

Албетте, жүрүп жаткан бардык өзгөрүүлөрдүн өзөгүндө адам баласы турат. Банк бизнестин айлана-чөйрөнү коргоого алуу моделине өтүүдө кардарлардын талабын, аларды колдоого алуу үчүн ичтен экспертиза жүргүзүү шартын калыптандырып, команданы окутууга системалуу түрдө инвестиция жумшап келет. Мындан ары Банктын аракеттери ESG критерийлерин биздин продуктулук чечимдерибизге операциялык интеграциялоо аркылуу жашыл каржылоонун жеткиликтүүлүктүүлүгүн кеңейтүүгө жана биздин кардарларды туруктуу бизнес-моделдерге өтүүсү үчүн зарыл болгон экспертиза менен камсыз кылууга багытталат.

KICBнин бүтүндөй эмгек жамаатына ишине чын дилден берилип, так иштегендиги, ал эми кардарлар жана өнөктөштөргө Банкка карата туруктуу ишеними үчүн терең ыраазычылык билдирем. Биз Кыргызстан үчүн биргелешип ишенимдүү, туруктуу келечекти камсыздай алабыз.

Ишиңиздерге ийгилик каалап,

Ариф Махмуд Али

«Кыргыз Инвестициялык-Кредит Банкы» ЖАК Башкармасынын Төрагасы



KICB
KYRGYZ INVESTMENT AND CREDIT BANK


Банктын Директорлор кеңешинин төрагасынын кайрылуусу

Банк Башкармасынын төрагасынын кайрылуусу

**1. Отчет тууралуу**

- **1.1. Отчетту даярдоо ыкмасы**
- **1.2. Олуттуу темаларды аныктоо ыкмасы**
- **1.3. Банктын профили**
- **1.4. 2025-жылдагы негизги финансылык натыйжалар**
- **1.5. Туруктуу өнүгүү жаатындагы негизги көрсөткүчтөр**

2. Туруктуу өнүгүү жана ESG

3. Банктын БУУнун туруктуу өнүгүү максаттарына жетишүүгө кошкон салымы

4. Корпоративдик башкаруу

5. Бизнести жүргүзүү жоопкерчилиги

6. Социалдык жоопкерчилик

7. Экологиялык жоопкерчилик

Тиркемелер

# Отчет тууралуу

GRI 2-1, 2-2, 2-3, 2-4, 2-5, GRI 3-1

### Отчетту даярдоо ыкмасы

KICBнин 2025-жыл ичинде туруктуу өнүгүү багытында аткарылган иштер боюнча отчету Банктын экологиялык, социалдык жана башкаруу иш аспектилеринде (ESG) башкаруу инструменттерин колдонуу жагында иши боюнча консолидацияланган баяндамасы болуп саналат. Документ кызыкдар тараптарга Банктын өлкөнүн экономикалык жактан өнүгүшүнө кошкон салымы, өз кызматкерлерин жана коомду социалдык колдоого алуусу, ошондой эле курчап турган чөйрөгө келтирилип жаткан терс таасирлерди азайтуу жагында көргөн чаралары тууралуу маалымат берүү каражаты катары кызмат кылат. Отчетто Бириккен Улуттар уюмунун (БУУ) туруктуу өнүгүү максаттарына негизденген ( мындан ары - БУУнун туруктуу өнүгүү максаттары) жоопкерчиликтүүлүк менен бизнес жүргүзүү принциптери чагылдырылган жана анда бардык кызыкдар тараптардын кызыкчылыгы эске алынган.

Отчеттук мезгилде Банк IFRS S2 стандартынын, ошондой эле эл аралык PCAF жана GHG Protocol стандарттарынын ыкмаларын колдонуу менен усулдук базасын сапаттуу кеңейтти. Маалыматтарды ачыктоо мурдагыдай эле Туруктуу өнүгүү чөйрөсүндөгү отчеттуулуктун глобалдык демилгесинин (GRI) 2021-жылдагы редакциясындагы стандарттарына негизделет, бул маалыматтардын ачык-айкындуулугун жана салыштырмалуулугун камсыз кылууга өбөлгө түзөт. Финансылык көрсөткүчтөр IFRS боюнча тышкы аудит менен тастыкталган. 2025-жылы отчеттун көз карандысыз тышкы күбөлөндүрүлүшү жүргүзүлгөн жок, бул Банктын ESG отчеттуулугун этап-этабы менен өнүктүрүүнүн учурдагы практикасына ылайык келет.

### Отчеттун чеги

Отчет «Кыргыз инвестициялык кредит банкы» ЖАКтын (Башкы кеңсе жана филиалдык түйүнүнүн) Кыргыз Республикасынын аймагы боюнча 2025-жылдын 1-январынан 31-декабрына чейинки мезгил аралыгында иш чөйрөсүн камтыйт. Консолидацияланган (жалпыланган) финансылык отчеттон айрымаланып бул документте башкы уюм (Банк) боюнча гана көрсөткүчтөр чечмеленген жана анда туунду камсыздандыруу компаниясы - «Jubilee Kyrgyzstan Insurance Company» ЖАК боюнча маалыматтар камтылган эмес. Отчет даярдоонун бул ыкмасы KICBнин түздөн-түз операциялык контролдугуна алынган объекттерге көңүл бурулгандыгы менен шартталган; Банк келечекте маалыматтарды топтоо системасынын өркүндөтүлүшүнө жараша чечмелеп берүү чөйрөсүн кңейтүү мүмкүнчүлүгүн да караштырып жатат.

Банк 2024-2025-жылдар үчүн көрсөткүчтөр динамикасын чагылдыруу аркылуу маалыматтарды салыштырып көрүүгө боло тургандыгын да камсыз кыла алган.

**Усулдук жактан тактоо:** Отчеттук мезгил ичинде 2024-жыл үчүн экологиялык көрсөткүчтөрдү (энергия, парник газдары, суу) ретроспективдик негизде кайрадан эсептөө жүргүзүлгөн. Оңдоолорду киргизүү (корректировкалоо) операциялык контролдоо чегин тактоого – ресурстарды түздөн-түз менчикте турган же банктын операциялык контролдугуна алынган объекттер боюнча эсепке алууга өтүүгө байланыштуу ишке ашырылган. Усулдук ыкманы мына ушундай өзгөртүү келечекте салыштырып талдап-иликтөөлөрдүн тактыгын арттырууга багытталган.

### Туруктуу өнүгүү отчетунун маани-маңызын аныктоо жана сапатын камсыз кылуу принциптери

Отчетту даярдоодо жана олуттуу темалар тизмегин аныктоодо Банк маалыматтардын толук жана так чечмеленишин камсыз кылган GRI стандарттарынын фундаменталдуу принциптерине таянган.

**Темалардын олуттуулугу жана толуктугу:** темаларды тандоо Банк ишинин экономикага, экологияга жана коомго таасир этишинин маанилүүлүгүнө баа берүүнүн өзүнчө процесси чегинге жүргүзүлгөн.

**Туруктуу өнүгүү контексти:** Банк ишин ааламдашуу доорундагы чакырыктарга жана БУУнун Туруктуу өнүгүү максаттарына (ЦУР) үндөштүрүү.

**Маалыматтардын тактыгы жана текшерүүгө боло тургандыгы:** сандык көрсөткүчтөр үчүн GHG Protocol жана PCAF эсептешүү ыкмаларын колдонуу.

**Баланстуулук жана ачык-айкындуулук:** иш натыйжаларын кызыкдар тараптар үчүн жеткиликтүү болгон формада объективдүү чагылдыруу.

**Салыштырууга боло тургандык жана өз учурунда сунуштоо:** Отчетто белгиленген мөөнөттөрдө эки жылдык маалыматтарды (2024-2025-жылдар) сунуштоо.

Отчет Банктын Директорлор кеңешинде 2026-жылдын 2-июнунда бекитилген.

GRI 2-4; 2-14; 3-1; 3-2; 3-3


### Олуттуу темаларды аныктоо ыкмасы

2025-жылы Банк олуттуу темаларды жана БУУнун артыкчылыктуу туруктуу өнүгүү максаттарын (ТӨМ) актуалдаштыруу боюнча комплекстүү изилдөө жүргүздү, анын жыйынтыктары ушул Отчеттун түзүмүн аныктады. Процесс төрт этапта ишке ашырылды:

- Идентификациялоо: Тренддерди жана жөнгө салуучунун (регулятордун) талаптарын эске алуу менен, GRI/SASB стандарттарынын, тармактын лидерлеринин бенчмаркингинин, Банктын экономикага, айлана-чөйрөгө жана коомго тийгизген таасирин баалоонун негизинде темалардын кеңири тизмесин түзүү.
- Өз ара иш алып баруу: Интеграцияланган сурамжылоо жүргүзүү. Катышуучулар 20 негизги ESG-теманы жана 17 ТӨМдү «Маанилүү эмес» (1) дегенден «Абдан маанилүү» (5) дегенге чейинки беш баллдык шкала боюнча баалашты. Кызыкдар тараптардын жети тобунун (кызматкерлер, кардарлар, өнөктөштөр, инвесторлор, жеткирүүчүлөр, ЖМК, жергиликтүү жамааттар, эксперттер жана жөнгө салуучулар) өкүлдөрүнөн жалпысынан 186 жооп алынган, алардын ичинен 163ү — ички жана 23ү — тышкы респонденттерден келип түшкөн.
- Приоритеттештирүү: «Кызыкдар тараптар үчүн маанилүү» жана «Банк үчүн маанилүү» багыттары боюнча матрицаны түзүү. Талдоо киберкоопсуздуктун, санариптештирүүнүн жана туруктуу каржылоонун артыкчылыктуулугун тастыктады.
- Верификациялоо: Темалардын акыркы тизмесин Банктын Башкармалыгы тарабынан бекитүү жана ар бир теманын тиешелүү ТӨМ менен түз байланышын орнотуу.

| Приоритет түлүүк | Темалар |
|---|---|
| 1 | Киберкоопсуздук жана жеке (персоналдык) маалыматтарды коргоо |
| 2 | Санариптештирүү жана инновация |
| 3 | Экономикалык натыйжалуулук жана наркты түзүү |
| 4 | Ишкердик этика, комплаенс жана каоррупцияга каршы аракеттерди көрүү |
| 5 | Корпоративдик башкаруу жана туруктуу өнүгүүдөгү лидерлик |
| 6 | Адам капиталын тескөөгө алуу жана персоналдын деңгээлин өркүндөтүү |
| 7 | Тобокелдиктерди интеграцияланган негизде тескөөгө алуу |
| 8 | Финансылык сабатуулук жана керектөөчүлөр укугун коргоо |
| 9 | Финансылык продукттардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгү |
| 10 | Көп түрдүүлүк, теңчилик жана инклюзивдүүлүк |
| 11 | Социалдык өнүктүрүүгө салым жана жамааттарга колдоо көрсөтүү |
| 12 | Кызкдар тараптар менен өз ара иш алып баруу |
| 13 | Туруктуу каржылоо жана «жашыл» экономика портфели |
| 14 | Адам укугу |
| 15 | Климаттын өзгөрүүсү |
| 16 | Салыктар жана ачык айкындуулук |
| 17 | Энергияны керектөө жана энергияны үнөмдүү пайдалануу |
| 18 | Жоопкерчиликтүү сатып алуулар жана жеткирүү чынжырын жөнгө салуу |
| 19 | Көмүртектин изи |
| 20 | Калдыктар менен иш алып баруу жана сууну керектөө |

Олуттуу катары аныкталган (Киберкоопсуздук, Санариптештирүү, Ишкердик этика) темалардын негизги аспектилери боюнча кылдат чечмелөөлөр отчеттун тиешелүү иш багыттары боюнча бөлүктөрүндө чагылдырылган.



GRI 2-1,6, 7 GRI 201-4

## Банктын профили

«Кыргыз инвестиялык кредит банкы» ЖАК (KICB) 2001-жылы эл аралык финансылык институттардын катышуусунда негизделген. Банк ушул жылдар аралыгында корпоративдик секторду каржылоого басым жасаган институттан Кыргыз Республикасынын рыноктун бардык сегменттери үчүн финансылык кызмат көрсөтүүлөрдүн толук түрмөгүн сунуштаган эң ири универсалдуу банктардын бирине чейин трансформациялануу жолун басып өткөн.

Банктын уникалдуу акционердик түзүмү корпоративдик башкаруунун жогорку стандарттарынын андан ары бекемделишин камсыз кылып, тобокелдик менеджменти боюнча алдыңкы системаны жөнгө салууга жетишкен. KICB бүгүнкү күндө эң кылдат экспертиза жүргүзүү, калайык-калк үчүн жогорку технологиялык тейлөө шартын өнүктүрүү аркылуу экономиканын реалдуу секторун узак мөөнөттүү кредиттөөнү айкалыштга караган Банк болуп саналат. Бизнес үлгүлөрүндө жоопкерчиликтүүлүк менен каржылоо принциптерине интеграциялануу аркылуу Банк туруктуу экономикалык өнүгүү жана финансылык инклюзивдүүлүк программаларын ишке ашырууда мамлекеттин жана эл аралык уюмдардын стратегиялык өнөктөшү катары иш алып барып келет.

**Банктын башкы кеңсеси Бишкек шаарынын Эркиндик бульвары, 21 дареги боюнча жайгашкан.**

Кызматкерлеринин саны

1,4 миң.

24 филиал

29 Аманат кассасы

4 Кардарларды тейлөө пункттары




GRI 2-1; 2-2; 2-3; 2-4; 2-5; 3-3

## 2025-жылдагы негизги финансылык көрсөткүчтөрү, отчеттук мезгилдин акырына карата млрд. сом.

### Активдер

↑ 86,1
2025





74,5
2024

53,3
2023

### Кредиттер

↑ 31,6
2025





23,2
2024

21,4
2023

### Капитал

↑ 11,9
2025





10,4
2024

9,3
2023

### Таза пайыздык киреше

↑ 3,9
2025





3,0
2024

2,6
2023

### Депозиттер

↑ 67,4
2025





57,4
2024

36,6
2023

### Таза пайда

↑ 2,4
2025




2,0
2024

1,8
2023

## Туруктуу өнүгүү жаатындагы негизги көрсөткүчтөр

**1,3**
**млрд. сом**

Туруктуу өнүгүү облигацияларын чыгаруу – «жашыл» экономика жана социалдык долбоорлорду максатуу каржылоо

Туруктуу өнүгүүгө инвестициялар

**49,8**
**млн. сом**

Билим берүү, саламаттыкты сактоо, экология, маданият жана спорт, ошондой эле банк кызматкерлерин колдоого алуу чөйрөсүндө кайрымдуулук долбоорлоруна социалдык инвестициялар

Социалдык жоопкерчиликтүүлүк жана жамааттарды колдоо

**1,0**
**млрд. сом**

Өлкө бюджетине салыктык чегерүүлөр

Салыктык төлөөлөр

**63 %**
**Банк кызматкерлеринин ичинде аял затынын үлүшү**

**58 %**
**Жетекчи кадрлардын ичинде аял затынын үлүшү**

**44 %**
**Насыя алуучулар ичинде аял затынын үлүшү**

Гендердик баланс





KICB
KYRGYZ INVESTMENT AND CREDIT BANK


Банктын Директорлор кеңешинин Төрагасынын кайрылуусу

Банк Башкармасынын Төрагасынын кайрылуусу

1. Отчет тууралуу

2. Туруктуу өнүгүү жана ESG

2.1. Туруктуу өнүгүү стратегиясы

2.2. Туруктуу каржылоо

2.3. Салык саясаты жана ачык айкындуулук

3. Банктын БУУнун туруктуу өнүгүү максаттарына жетишүүгө кошкон салымы

4. Корпоративдик башкаруу

5. Бизнести жүргүзүү жоопкерчилиги

6. Социалдык жоопкерчилик

7. Экологиялык жоопкерчилик

Тиркемелер

# Туруктуу өнүгүү жана ESG

GRI 2-12, 2-13

**Туруктуу өнүгүүнү башкаруу архитектурасы: Интеграцияланган башкаруу модели**

KICB «жиксиз интеграциялануу» моделин карманат, мында туруктуу өнүгүүнү башкаруу функциялары корпоративдик башкаруунун иштеп жаткан түзүмүнө киргизилген. Бул ыкма эл аралык мыкты практикаларга ылайык келет жана ESG күн тартиби менен операциялык ишмердүүлүктүн ортосундагы түз байланышты камсыз кылат. Башкаруу тутуму жоопкерчиликти стратегиялык деңгээлден конкреттүү бизнес-процесстерге чейин этап-этабы менен өткөрүүгө негизделет, бул Банктын институционалдык туруктуулугуна көмөктөшүүгө багытталган.

**Директорлор кеңеши жана Тобокелдик комитети**

ESG-стратегиясынын ишке ашырылышын көзөмөлдөөнүн жогорку деңгээлин Директорлор кеңеши жүзөгө ашырат.

**Функциялары:** ESG факторлорун интеграциялоонун негизинде Банктын өнүгүүсүнүн стратегиялык багыттарын аныктоо, туруктуу өнүгүү чөйрөсүндөгү прогресске мониторинг жүргүзүү, ошондой эле климаттык тобокелдиктерге өзгөчө көңүл буруу менен маалыматтарды ачыктоонун алдыңкы эл аралык практикаларын этап-этабы менен киргизүүнү контролдоо.

**Контролдоо механизми:** Тобокелдик комитети тобокелдикке багытталган башкарууну план ченемдүү өнүктүрүүнү камсыз кылуу менен каржылык эмес көрсөткүчтөрдү жана климаттык факторлордун кредиттик портфелге тийгизген таасирин пилоттук баалоонун жыйынтыктарын талдайт. Директорлор кеңеши Банктын ишмердүүлүгүнүн маанилүү ESG-аспекттери боюнча отчеттуулукту үзгүлтүксүз карап турат .

**Аткаруу вертикалы жана лидерлик: Банк Башкармасы**

Банк Башкармасынын төрагасы жалпы стратегиялык жетекчиликти камсыз кылып, Банктын бизнес моделинде ESG-принциптерине интеграциялануугa өбөлгө түзгөн аракеттерди жигердүү көрүп келет. Банк Башкармасынын ролу акционерлер жана кызыкдар тараптар үчүн узак мөөнөткө каралган баалуулуктарды камсыз кылуу жагында түзүмдүк бөлүмдөрдүн күч-аракеттерин консолидациялоодон көрүнөт.

**Аткаруучулук жоопкерчилик: Башкармалыктын ESG боюнча куратордук мүчөсү**

ESG-стратегиясын операциялык иште жүзөгө ашыруу үчүн түздөн-төз жоопкерчилик Банк Башкармасынын профилдик мүчөсүнө жүктөлгөн.

**Башкаруучулук мандат:** жоопкерчиликтүү банкинг принциптерин колдонууга киргизүү жана туруктуу каржылоо жагында KPIге жетишүүгө көзөмөлдүктү координациялайт.

**Методологиялык хаб (платформа):** Банк Башкармасынын тиешелүү түзүмдүк бөлүмдүн ишин түздөн-түз тескөөгө алган жетекчисинин карамагында ESG-координатору иш алып барат, ал жөнгө салуучунун талаптарынын, эл аралык стандарттардын так сакталышын камсыз кылып, бизнес-бөлүмдөр ортосунда фасилитатор катары иш алып барып, башкаруу чечимдерин кабыл алуу үчүн алынган маалыматтарды жалпылайт.

**Кросс-функционалдуулук:** Башкаруунун бул түзүмү ишти уюштуруунун бардык деңгээлинде ESG-демилгелерин тез арада жайылтууга, ички коммуникациянын таасирдүүлүгүн жогорулатууга жана жетекчилердин тескөөгө алган өз иш багыттары боюнча жеке жоопкерчиликтүүлүгүн камсыз кылууга багытталган.

**Кредиттик комитет: Чечимдерди кабыл алуу процессине интеграциялоо**

Кредиттик комитет ESG-саясатын практикалык ишке ашыруунун куралы болуп саналат. 2025-жылы билдирмелерди кароодо каржылык эмес тобокелдиктерди баалоо механизмдери өркүндөтүлдү, бул насыя алуучуларды түзүмдөштүрүлгөн талдоону камсыз кылган.

**ESG-скоринг:** Бул атайы иштелип чыккан текшерүү-баракчаларын колдонуп (EBRD/IFC методологиясынын базасында) насыя алуучуларды экологиялык жана социалдык стандарттарга ылайык системалуу текшерүүдөн өткөрүүгө өбөлгө түзөт. Бул инструмент (каражат) корпоративдик сегмент жана чакан жана орто бизнес үчүн андеррайтингдин милдеттүү баскычы болуп саналат.

**Климаттык тобокелдиктерди тескөө:** Чечимдерди кабыл алуу процессине тобокелдиктердин жылуулук карталарын (Heatmap) интеграциялоо Банк тарабынан өтмө, ошондой эле физикалык климаттык тобокелдиктерди (кургакчылык, ресурстардын тартыштыгы) идентификациялоого көмөктөшүүгө багытталган. Бул туруктуу портфелди калыптандырууга жана энергетикалык өтүүнүн жана климаттын өзгөрүүсүнүн натыйжасында активдердин кунсуздануу тобокелдиктерин азайтууга өбөлгө түзөт.

**Түзүмдөрдүн натыйжалуулугу**

Интеграцияланган модель Банктын, жөнгө салуучунун талаптарына жана инвесторлордун күтүүлөрүнө ыңгайлашып, ага шайкеш иш алып баруусун колдоого алат. Мындай ыкма KICBнин туруктуу өнүгүү максатын көздөгөн институт катары иш багытын чагылдырат.

GRI 203-1

## Туруктуу каржылоо

KICB үчүн туруктуу каржылоо узак мөөнөткө каралган стратегиялык иш тажрыйбасы болуп саналат. 2025-жылы бул багытта жүргүзүлгөн иш Банктын ички иш процесстерин Кыргыз Республикасынын «Жашыл» таксономиясына шайкеш келтирүүгө өбөлгө түзүүгө багытталган. Бир катар жылдардан бери өз натыйжалуулугун тастыктай алган программалар туруктуу портфелдин негизин түптөгөн:

**Европа Реконструкциялоо жана өнүгүү банкы (EBRD) менен өнөктөштүк:**

KICB ESG-маданиятын бекемдөөгө жигердүү өбөлгө түзүп, рынокто туруктуу өсүш принциптерин кеңири жайылтуу аркылуу энергияны үнөмдүү пайдалануу жагында долбоорлорду жигердүү өздөштүрүүдө EBRDнин өнөктөшү катары иш алып барып келет. Кардарларга бул багытта каржылоону сунуштап, ар тараптан кылдат талдоого алынган технологиялык чечимдерди кабыл алуу менен Банк энергияны керектөөнү оптималдаштыруунун эсебинен бизнестин үнөмдөөгө ык койгон иш натыйжалуулугун арттырууга көмөктөшүп, «жашыл» технологиялардын узак мөөнөт аралыгында артыкчылыктуу багыт экендигин айкын делилдей алды.

**Өздүк «жашыл» продукттар:** Банк тарабынан отчеттук мезгилге чейин эле ишке ашырылып келген «Жылуу үй» жана «Энергияны үнөмдөө» программалары энергияны үнөмдөө боюнча чечимдерди калктын кеңири катмары үчүн жеткиликтүү шартка айлантып, камтуу чөйрөсүн барган сайын кеңейтип келет.

**Финансылык инклюзия – «Мыкты Айым»:** Аял затынын бизнесине колдоо көрсөтүү 2025-жылдагы туруктуу портфелдин негизги сегментинен болгон. Банк ESG-маданиятын өркүндөтүп, ишкер аял затынын башкаруучулук компетенциясын арттыруу менен аларга натыйжалуу бизнес моделдерди түзүүсүнө колдоо көрсөтүп KICBнин жамааттарды өнүктүрүүдөгү айкын социалдык ролун тастыктоодо.

**Туруктуу өнүгүү облигациялары**

2025-жылы 1,3 миллиард сом суммасына облигациялардын чыгарылышы өздөштүрүлүп, кеңири колдонулуп жаткан программалар чөйрөсүн кеңейтүү үчүн улуттук валютада кошумча капитал тартууга түрткү берген жаңы өнүгүү баскычынан болуп калды.

**Методологиялык пайдубал:** Банк тарабынан иштелип чыккан туруктуу каржылоо Концепциясы (Sustainable Finance Framework) облигация чыгарууга негиз болгон. Аталган стратегиялык документте долбоорлорду тандоо критерийлери, каражаттарды сарамжалдуу пайдалануу механизмдери жана каржылоонун таасир этүү натыйжасы боюнча отчеттор форматы аныкталып, Банк ишинин эл аралык стандарттарга ылайык жүргүзүлүшүн камсыз кыла алган.

**Көз карандысыз верификация (SPO):** S&P Global Ratings агенттигинен көз карандысыз корутундунун (Second Party Opinion) алынышы жогоруда көрсөтүлгөн концепциянын үчүр талабына ылайык иштелип чыккандыгын тастыктамасы болуп саналат. Верификация, KICBнин бул багыттагы иш тажрыйбасы ICMA жана LMA приницптерине ылайык келе тургандыгынын айкын далилинен болду, бул IFC жана болочоктогу өнөктөштөр үчүн каражаттардын сарамжалдуу сарпталышынын ачык-айкындуулугун колдоого алат.

**Эл аралык институттардын таанышы:** Дүйнөлүк банктын тобуна кирген Эл аралык финансылык корпорация (IFC), тарабынан облигациялардын бүтүндөй чыгарылган көлөмүнүн сатылып алынышы иштелип чыккан Концепциянын жана Банктын тобокелдиктерди тескөө системасынын жогорку деңгээлде (сапатта) экендигинин таанылышы болуп саналат. Долбоор валюталык өзгөрүүлөр-гө (олку-солкулукка) карата туруктуулукту бекемдеп, социалдык жана экологиялык демилгелерди кредиттөө көлөмүн арттырууга өбөлгө түздү.

**Усулдук (методологиялык) база жана келтирилип жаткан таасирлерге монтиоринг**

KICBнин туруктуу каржылоо системасы активдерди тандоонун эл аралык стандарттарын жана операциялык тобокелдиктерди таасирдүү контролдоону айкалышта кароо шартына таянат.

**Классификация жана тандоо (Концепция):** Кредиттерди идентификациялоо жана классификациялоо иштелип чыккан Туруктуу каржылоо концепциясынын базасында жүргүзүлөт. 2025-жылы долбоорлорду тандоонун усулдук ыкмасы Кыргыз Республикасынын «Жашыл» таксономиясынын принциптерин эске алуу менен актуалдаштырылган, бул активдердин мамлекеттин приоритеттерине сыяктуу эле, эл аралык талаптарга ылайык келишин камсыз кылат.

**Тобокелдиктерди тескөөгө алуу:** Кредиттөөнүн бардык баскычында экологиялык жана социалдык тобокелдиктерди кылдат контролдоого алуу Банкта жөнгө салынган ESMS (Environmental and Social Management System) системасы аркылуу камсыз кылынат.

**Отчетторду өркүндөтүү:** Банк таасир этүү маалыматтарын (Impact Reporting) мезгил-мезгили менен топтоо инструменттерин өнүктүрүү аркылуу финансылык эмес отчеттор системасын өркүндөтүп келет. Банк насыя алуучулар менен өз ара иш алып барып, «жашыл» чечимдерди кабыл алуунун пайдалуу таасирине баа берүүдө аларга түздөн-түз көмөктөшөт. Статистиканын топтолушуна жараша ресурстарды үнөмдөө жана калктын максаттуу топторун колдоого алуу боюнча маалыматтарды кошо алганда, алдыда консолидацияланган натыйжалуулук көрсөткүчтөрүн чечмелөө пландаштырылууда.

GRI 207-1, 207-2, 207-3

## Салык саясаты жана ачык-айкындуулук

KICB салыктык чегерүүлөр экономикалык баалуулуктарды бөлүштүрүүнүн таасирдүү механизми жана мамлекеттик социалдык программаларды ишке ашыруунун негизи экендигин жакшы түшүнөт. Банк салыктык милдеттенмелердин акыйкат, так аткарылышын өзүнүн коом жана мамлекет алдындагы жоопкерчилигинин ажырагыс элементи катары карайт.

### Салык жана тобокелдиктерди тескөө ыкмалары

Банктын салыктарды төлөө чөйрөсүндөгү иши ачык-айкындуулук, отчет берип туруу жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзам талаптарын так сактоо принциптери аркылуу жөнгө салынат.

**Башкаруунун борборлоштурулушу:** Салык маселелеринин администрлениши үчүн Банктын Бахгалтердик эсепке алуу башкармалыгы жооп берет. Ички контролдоо системасы салыктардын жана жыйымдардын бардык түрү боюнча эсептешүүлөрдүн өз учурунда жүргүзүлүшүн жана тактыгын камсыз кылат.

**Этикалык пландаштыруу:** KICB салыктарды милдеттүү түрдө төлөөдө саясатына таянат жана максаты салыктык базаны жасалма кыскартуу болуп саналган түзүмдү колдонбойт. Банк салыктык төлөөлөр өзү иш алып барган аймактардын айкын экономикалык иш жагдайына шайкеш келгендей болушуна умтулат.

**Маалыматтарды верификациялоо:** Салыктык отчеттордун бардык көрсөткүчтөрү эл аралык компания тарабынан жыл сайын финансылык отчетко жүргүзүлгөн тышкы аудиттин алкагында милдеттүү түрдө текшерүүдөн өтөт. Маалыматтардын толук ачык-айкындуулугу финансылык отчеттордун Банктын расмий сайтында жарыяланышы менен камсыз кылынат.

**Талаш жараткан маселелерди азайтуу:** Банк Мамлекеттик салык кызматы (Салык кызматы) менен ачык диалог жүргүзүү аркылуу, кайчы пикирлердин келип чыгышы тобокелдигин кыскартууга аракет көрүп келет. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына киргизилип жаткан өзгөртүүлөргө мезгил-мезгили менен мониторинг жүргүзүү Банкка эсепке алуу процессин ыкчам шайкеш келтирүүгө жана укуктук белгисиздик жагдайларына кириптер болууну алдын алууга мүмкүндүк берет.

### Экономикалык салым жана отчеттуулук

KICB Кыргыз Республикасынын финансы секторунун эң ири салык төлөөчүсүнүн бири экендиги статусун тастыктап келет. Банктын салыктык төлөөлөр динамикасы бизнестин таасирдүү илгерилешине шайкеш келген туруктуу өсүш траекториясын далилдеп, капиталдын артып жатышын жана рынокко таасирдүү аралашуу чөйрөсүнүн кеңейгендигин тастыктоодо.

**2025-жылдагы көрсөткүчтөр:** Капиталды натыйжалуу тескөөгө алуу KICBге өлкө бюджетине салыктарды төлөөгө 1 млрд. сом багыттоого мүмкүндүк берген.

2024-жылдагыга салыштырганда төлөөлөрдүн туруктуу өскөндүгү байкалган. Ушунун өзү Банктын республика бюджетине салымы анын өнүгүшүнө шайкеш калыптангандыгын тастыктайт.


**Эскертүү:** 2025-жыл үчүн отчетто бир жыл мурдагы (2024-жылы) төлөнгөн салыктар боюнча маалыматтар салыштырып, тактоолор жыйынтыгы боюнча салык органдарынан алынган, такталган маалыматтарга ылайык келтирилген. Ал эми түзөтүүлөр техникалык мүнөзгө ээ жана жылдын финансылык көрсөткүчүнө таасирин тийгизбейт.

KICB Эл аралык ишкердик кеңешинин (МДС) жана Кыргыз банктар бирлигинин активдүү мүчөсү катары салык алуу маселелерин эксперттик талкуулоо ишине да тартылган. Банк салыктарды администрлөөнү өркүндөтүү жана өз ара иш алып баруунун санариптик механиздерин колдонууга киргизүүнү колдоого алат, бул өлкөдө адилет/ачык-айкын бизнес чөйрөсүн калыптандырууга өбөлгө түзөт.

Салыктык чыгашалар түзүмүн кеңири чечмелеген толук финансылык отчет менен Банктын https://kicb.net дареги боюнча жайгашкан расмий сайтынан таанышууга болот .

**Салыктык төлөөлөр, млрд. сом**

↑ 1,0
2025




0.9
2024

0.7
2023



Банктын Директорлор кеңешинин төрагасынын кайрылуусу

Банк Башкармасынын төрагасынын кайрылуусу

1. Отчет тууралуу
2. Туруктуу өнүгүү жана ESG
3. **Банктын БУУнун туруктуу өнүгүү максаттарына жетишүүгө кошкон салымы**
   - **3.1. Банктын БУУнун туруктуу өнүгүү максаттарына жетишүүгө кошкон салымы**
   - **3.2. Аныкталган олуттуу темалардын БУУнун турукутуу өнүгүү максаттарына шайкеш келиши**
4. Корпоративдик башкаруу
5. Бизнести жүргүзүү жоопкерчилиги
6. Социалдык жоопкерчилик
7. Экологиялык жоопкерчилик

Тиркемелер

# Банктын БУУнун туруктуу максаттарына жетишүүгө кошкон салымы

KICB үчүн туруктуу өнүгүү максаттарын бизнес стратегияга интеграциялоо коом жана экономика үчүн узак мөөнөткө каралган баалуулуктарды калыптандыруунун таасирдүү инструментинен болуп саналат. Банк, 2025-жылы аныкталган олуттуу темалар менен (7-бетти карагыла) ишке ашырылып жаткан социалдык демилгелер ортосундагы мурдатан белгиленгендерди так сактап, андан ары улантуу аркылуу өз приоритеттерин (биринчи кезекте көңүл бурлуучу маселелерди) актуалдаштырган.

**Кызыкдар тараптардын приоритеттирине стратегиялык интеграциялануу**

Банк комплекстүү сурамжылоолорду жүргүзүү жана келтирилип жаткан таасирллерге талдап-иликтөөлөр жыйынтыгынын негизинде ресурстарды, жүргүзүлгөн экспертиза жана финансылык мүмкүнчүлүктөр максималдуу натыйжа алып келген негизги иш багаттарына сарптоого жетишкен.

**Адам капиталын өнүктүрүү жана инклюзивдүүлүк (ЦУР 3, 4, 5):**

KICB «Социалдык өнүктүрүү» жана «Персонал менен иш алып барууга» коом тарабынан коюлуп жаткан жогорку талапка жооп катары билим берүү жана саламаттыкты сактоо чөйрөсүндө комплекстүү программаларды ишке ашырып келет. Банк ишкер аял затын колдоого алуу жана STEM-компетенцияларды өнүктүрүү («Мыкты Айым» программасы, EBRD менен өнөктөштүктө) долбоорлорунда стратегиялык өнөктөш катары иш алып барып, калктын бардык катмары үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылууга өзгөчө көңүл буруп келет.

**Санариптик трансформациялануу жана инновациялык инфратүзүм (ЦУР 8, 9):**

2025-жылы эң эле олуттуу катары таанылган «Киберкоопсуздук» жана «Санариптештирүү» темалары санариптештирилген банктык тейлөө шарттарын өнүктүрүүдөн жана технологиялык билим берүүнү колдоого алуудан айкын көрүнгөн. Бул, финансылык инклюзияны жогорулатууга жана Банк сыяктуу эле, анын кардарлары үчүн да экономикалык натыйжалуулукту арттырууга түрткү берет.

**Экология үчүн жоопкерчилик жана туруктуу өнөктөштүк (ЦУР 13, 17):**

Банк өз ишин жоопкерчиликтүүлүк менен каржылоо жана глобалдуу өнөктөштүк аркылуу жөнгө салууга жетишкен. Эл аралык уюмдар (AKDN, EBRD, IFC, НОКП, «Роза Отунбаеванын демилгелери» ЭКФ ж.б.) менен кызматташып иш алып баруу Банкка айлана-чөйрөнү көрктөндүрүү долбоорлорунун чөйрөсүн кеңейтүүгө жана финансы секторунда туруктуу өнүктүрүү стандарттарын жайылтууга өбөлгө түзүүдө.

**Социалдык жана экологиялык демилгелерди жүзөгө ашыруу натыйжалары**

Банктын верификацияланган иш максаттары өлчөө чеги белгиленген көрсөткүчтөрү менен ар жылдык иш аракеттер планына трансформациланууда. Мындан ары отчеттук мезгил ичинде туруктуу өнүгүү максаттарынын биринчи кезекте көңүл бурлуучу маселелеринин аткарылышына жетишүү үчүн Банк тарабынан ишке ашырылган негизги долбоорлор жана демилгелер жөнүндө сөз болот.



# Аныкталган олуттуу темалардын БУУнун туруктуу өнүгүү максаттарына ылайык келиши

## Бекем ден-соолук жана байгерчилик турмуш

- Персоналга камкордук: Алдын ала текшерүүдөн өтүү боюнча кеңири топтомду кошо алганда, 227 кызматкер үчүн Ыктыярдуу медициналык камсыздандыруу программасынын ишке ашырылышы.
- Коопсуздук: Жумуш орундарынын 100% эмгекти коргоо стандарттарына ылайык келишин жана мезгил-мезгили менен тренингдердин өткөрүлүп турушун камсыз кылуу.
- Социалдык салым: Өлкөнүн олуттуу социалдык илдеттерге каршы күрөшүү жагындагы илимий-тажрыйбалык потенциалын колдоого алуу. KICB Кыргызстанда алгачкылардан болуп Нарын областында тоо шартына ыңгайлаштырылган алгачкы жогорку технологиялык госпиталды курууга колдоо көрсөтүү үчүн Ага Хан өнүктүрүү уюму тарабынан сунушталган каржылоонун алкагында 43,7 млн. сом өлчөмүндө салым кошкон. Аталган госпитал жүрөк-кан тамыр илдеттерин аныктап, алдын алуу жана дарылоо жагына адистешкен.

## Гендердик теңчилик

- Ишкер аялзаты: 2025-жылы ишкер аял затына бөлүнгөн кредиттердин көлөмү чакан жана орто бизнес боюнча кредит портфелинде 3,3 млрд. сом чегинде катталган, бул өткөн жылдагы чакан жана орто бизнести жалпы каржылоонун 40% түзөт.
- Лидердик жана ментордук : EBRD менен «Бизнестеги аял заты» программасынын алкагында өнөктөштүктү өнүктүрүү жана анын 53 катышуучусу үчүн 3 окуу воркшопторду өткөрүү.
- Ички саясат: Эмгекке бирдей шартта төлөө жана бирдей мүмкүнчүлүктөрдү түзүү принциптерин сактоо: Учурда орто жана жогорку звенодогу жетекчилердин жалпы санынын 42% аял заты түзөт.

## Индустриализация, инновация жана инфратүзүм

- Санарип трансформацияланууу: KICBнин мобилдик банкингинин жана KICB Business шартынан активдүү колдонуучулардын санынын өсүшү жаңы тейлөө мүмкүнчүлүгүн (онлайн кредиттөө, төлөмдөр) колдонууга киргизүүнүн эсебинен 447 159 адамга жеткен, бул 2024-жылдагы көрсөткүчтөн 192% жогору.
- Чакан жана орто бизнести, корпоративдик бизнест колдоого алуу: Экономиканын реалдуу секторунда иш алып барган 280 көбүрөөк компанияны тейлөөгө алуу, анын ичинен 71 ишкер аял затына мүмкүнчүлүк түзүү, инфратүзүмдөрдү жана өндүрүштү өнүктүрүүнү каржылоо.
- Инновациялык карттар: фиртуалдык чечимдерди кошо алганда, тийгизип эле коюу менен төлөөлөр ишке ашырылган 60 717 жаңы банктык карт чыгарылган.

## Сапаттуу билим берүү

- Региондордо инклюзивдүүлүк: Жай мезгилинде 1 800 жаш балдар үчүн мектепке чейинки билим берүүдөн пайдаланууну камсыз кылуу максатында «Жайлоодо өнүктүрүү борбору» долбооруна инвестиция багытттоо иши улантылган.
- Таланттарды колдоого алуу: Жыл сайын стипендия бөлүп туруу программаларын ишке ашыруу: Кыргызстандын 13 жогорку окуу жайында билим алып жаткан 20 студенттин окуусуна жалпы суммасы 1,3 млн. сом грант бөлүнгөн.
- Корпоративдик окутуу: Банк кызматкерлери үчүн Hard жана Soft skills багытталган 160 ички жана тышкы тренингдер өткөрүлгөн.

## Татыктуу иш жана экономикалык өсүш

- Экономикалык салым: 1 371 жаранды туруктуу иш менен камсыз кылуу жана штаттык тизимди 2024-жылдагыга салыштырганда 4,74 % кеңейтүү.
- Финансылык инклюзия: Алыс жайгашкан аймактарда тейлөө түйүндөрүн кеңейтүү: ИТ борборду, 1 тейлөө пунктун ачуу, банкоматтар санын 68 бирдикке, ал эми төлөм терминалдарын 65 бирдикке көбөйтүү.
- Бизнес этикасы: Этика кодексинин жана адам укугу жагындагы мажбурлап иштеттүүнүн кандай болбосун формасын жокко чыгарган саясаттар талабын так сактоо.

## Климаттын өзгөрүүсүнө каршы күрөшүү

- Туруктуу каржылоо: KyrSEFF программасынын алкагында Банктын «жашыл» жана социалдык продукттарын кңеири жайылтуу жана **туруктуу өнүгүү облигацияларын чыгаруу**.
- Жоопкерчиликтүү банкинг: Кардарларды кредиттөө чечимдерин кабыл алууда экологиялык жана социалдык тобокелдиктерге (ESMS) баа берип, алдын алуу системасын өркүндөтүү.
- «Жашыл» кеңсе: Банктын башкы кеңсесинде калдыктарды өз-өзүнчө бөлүп чогултуу системасын жайылтуу. Энергияны үнөмдүү пайдалануу жана ресурстарды сарамжалдуу керектөө табитин арттыруу жагында чара көрүүнү улантуу.
- Көрктөндүрүү: 1800 түп бак-дарак отургузуп, 12 билим берүү мекемесин көрктөндүрүү.

## Туруктуу өнүгүү максатында өнөктөштүк

- Эл аралык кызматташуу: Туруктуу каржылоо жана экология жагында биргелешкен демилгелерди EBRD, IFC, ADB, ПРООН, GIZ менен ишке ашыруу.
- Локалдык демилгелер: Улуттук эко-акцияларга жана форумдарга, ошондой эле финансылык сабаттуулукту жогорулатуу жагында Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы менен биргелешкен демилгелерде башкы өнөктөш катары катышуу.



KICB
KYRGYZ INVESTMENT AND CREDIT BANK

Банктын Директорлор кеңешинин төрагасынын кайрылуусу

Банк Башкармасынын төрагасынын кайрылуусу

1. Отчет тууралуу

2. Туруктуу өнүгүү жана ESG

3. Банктын БУУнун туруктуу өнүгүү максаттарына жетишүүгө кошкон салымы

4. Корпоративдик башкаруу

4.1. Корпоративдик башкаруу боюнча баяндама

4.2. Кызыкдар тараптар менен өз ара иш алып баруу

4.3. Ишкердик этика, комплаенс жана коррупцияга каршы аракеттерди көрүү

4.4. Тобокелдиктерди интеграцияланган негизде тескөөгө алуу

4.5. Киберкоопсуздук

4.6. Маалыматтардын купуялуулугунун сакталышы

5. Бизнести жүргүзүү жоопкерчилиги

6. Социалдык жоопкерчилик

7. Экологиялык жоопкерчилик

Тиркемелер

# Корпоративдик башкаруу боюнча баяндама

GRI 2-9, 2-10, 2-11, 2-12, 2-13, 2-14, 2-17, 2-18, 2-19, 2-20, 2-21, 2-22, 2-23, 2-24, 2-29, 3-3, 201-2, 405-1, IFRS S1

Банктын корпоративдик башкаруу системасы Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына, Банктын ички ченемдик документтерине жана ачык-айкындуулук, отчет берип туруу, жоопкерчиликтүүлүк жана ыйгарым укуктарды натыйжалуу бөлүштүрүү принциптерине ылайык жөнгө салынган.

Акционерлердин жалпы жыйыны, Директорлор кеңеши жана Банк Башкармасы аталган системасынын негизин түптөйт. Акционерлердин жалпы жыйыны жогорку башкаруу органы болуп саналат. Директорлор кеңеши стратегиялык жетекичликти жүзөгө ашырып, аткаруу органдарынын ишин контролдоп, тобокелдиктерди тескөөгө алуу жана ички контролдоо системасын көзөмөлдөп, ошондой эле туруктуу өнүгүү маселелерин кароого алат. Банк Башкармасы утурумдук операциялык башкаруу иши жана Директорлор кеңешинде бекитилген стратегиялардын, саясаттардын жана чечимдердин ишке ашырылышы үчүн жооп берет

**Акционерлердин жалпы жыйыны**
Жогорку башкаруу органы

**Директорлор кеңеши**
Стратегиялык жетекчилик жана көзөмөлдөө

**Директорлор кеңешинин комитеттери**
- Аудит боюнча комитет
- Тобокелдик комитети
- Дайындоолор жана сыйакылар боюнча комитет
- Кредиттик комитет

**Банк Башкармасы**

**Түзүмдүк бөлүмдөр**



Банктын корпоративдик башкаруусу ички документтер системасы менен колдоого алынат, Устав, Корпоративдик башкаруу кодекси, «Директорлор кеңеши жөнүндө» жобо, «Банк Башкармасы жөнүндө» жобо алардын негизги болуп саналат.
Аталган документтерде Банктын башкаруу органдарынын ыйгарым укуктары, алардын өз ара иш алып баруу тартиби, отчет берүүгө карата талаптар, этикалык жүрүм-турум жана таламдардын каршы келип калышына бөгөт коюу шарттары аныкталган.

- Устав
- Корпоративдик башкаруу кодекси
- «Директорлор кеңеши жөнүндө» жобо
- «Банк Башкармасы жөнүндө» жобо

## Акционерлердин жалпы жыйыны
Банктын жогорку башкаруу органы

Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына жана Банктын ички документтерине ылайык банк ишинин негизги маселелери боюнча чечимдерди кабыл алат

## Директорлор кеңеши
Стратегиялык жетекичлик жана көзөмөл

Банк ишинн стратегиялык жетекчиликти жүзөгө ашырат, аткаруу органдарынын ишин контролдойт жана тобокелдиктерди теского жана корпоративдик башкарууну системасын көзөмөлдөйт

Директорлор кеңешинин комитеттери

4
комитет

- Аудит боюнча комитет
- Тобокелдик комитети
- Дайындоолор жана жана сыйакылар боюнча комитет
- Кредиттик комитет


Профилдик комитеттер негизги маселелердиг алдын ала кароого алынышын камсыз кылып, Директорлор кеңеши тарабынан көзөмөлдөө сапатын жогорулатат

2 Акционерлердин жалпы жыйыны

15 Директорлор кеңешинин отурумдары

GRI 2-9, 2-10, 2-11, 2-12, 2-13, 2-14, 2-17, 2-18, 2-19, 2-20, 2-21, 2-22, 2-23, 2-24, 2-29, 3-3, 201-2, 405-1, IFRS S1

**Банктын директорлор кеңеши 9 адамдан турат, үчтөн бири көз карандысыз мүчөлөр**



**Закир Махмуд**

**Кызмат орду:**

Директорлор кеңешинин Төрагасы

Дайындоолор жана сый акылар боюнча комитеттин төрагасы

**Дайындалган/кайра шайланган күнү:**

2024-жылдын 13-декабры

**Билими:** Лос-Анджелстеги Калифорния университетинин (UCLA) Ишкер администрлөө багыты боюнча магистр (MBA) жана техникалык илимдер багыты боюнча магистр (MS Engineering) даразасы. Карачидеги NED Колледжин техникалык илимдер боюнча бакалавр (BE Engineering) даражасы.

**Компетенциясы:** Европанын, Жакынкы Чыгыштын жана Пакестандын алдынкы банктык институттарында жетекчи кызмат орундарын аркалоо жагында 40 жылдан ашуу эл аралык тажрыйбага ээ. Финансылык институттарда масштабдуу трансформацияланууга, корпоративдик башкарууга жана өнүгүп келе жаткан рыноктордо тереңден экспертиза жүргүзүү. 2001-жылы франциянын «Сиңирген эмгеги үчүн» (Chevalier de L'Ordre National du Mérite) орденине, 2005-жылы Пакистандын «Артыкчылык жылдызы» (Sitara-e-Imtiaz) мамлекеттик сыйлыгына татыктуу болгон.

**Мурда ээлеген кызмат орундары:** Ага Хан университетинин Камкордук кеңешинин төрагасы; Председатель Совета директоров Jubilee Life Insurance Co. (Пакистан) компаниясынын Директорлор кеңешинин төрагасы; Aga Khan Agency for Microfinance (Швейцария) Директорлор кеңешинин төрагасы.



**Шаффик Дхарамши**

**Кызмат орду:**

Директорлор кеңешинин Төрагасынын орун басары

**Дайындалган/кайра шайланган күнү:**

2024-жылдын 29-марты

**Билими:** Жогорку билимдүү (Трент Университети / Trent University); Лондон экономика мектебинин экономика жана маалыматтык системалар багыты (LSE) боюнча магистр даражасы (MSc).

**Компетенциясы:** Жетекчи кызматтарда 30 жылдан ашуун эл аралык банктык тажрыйбага ээ. Тобокелдик менеджменти чөйрөсүндө (кредиттик, операциялык жана рыноктук тобокелдиктерди тескөөгө алуу жагында) ар тараптан кылдат экспертиза жүргүзүү, Азия жана Африканын финансылык институттарынын ишин стратегиялык көзөмөлдөө, корпоративдик башкаруунун ири инвестициялык долбоорлорго коплаенс жана кесипкөйлүк негизде аудит жүргүзүүнүн алдынкы стандарттарын жайылтуу жагында тажрыйбаларга ээ.

**Мурда ээлеген кызмат орундары:** Ага Хан фондунун экономикалык өнүгүү (AKFED, ОАЭ) тармагынын боюнча банк багыты боюнча жетекчиси; Habib Bank Limited (HBL, Пакистан) Директорлор кеңешинин төрагасы; Diamond Trust Bank (Танзания, Уганда жана Кения) жана Тажикистан Эл аралык банкынын Директорлор кеңешинин мүчөсү .



**Тарик Масауд**

**Кызмат орду:**

Директорлор кеңешинин мүчөсү

**Дайындалган/кайра шайланган күнү:**

2025-жылдын 24-ноябры

**Билими:** Лондон университетинин Чыгыш жана африка изилдөө мектебинин (SOAS) илимдин магистри даражасы (MSc); Башкаруу илмидеринин Лохар университетинин (LUMS) Ишкер администрлөө багыты боюнча магистр даражасы (MBA).

**Компетенцисы:** Эл аралык финансы секторунда 30 жылдан ашуун иш тажрыйбасына ээ. Ислам банкинги, корпоративдик каржылоо жана стратегиялык пландаштыруу жагында профилдик экспертиза жүргүзүү, кредиттик тобокелдикти тескөөгө алуу, Азиянын жана Африканын ири финансылык түзүмдөрүндө ичтен контролдоо системасын жөнгө салуу жагында жогорку компетенцияга ээ.

**Мурда ээлеген кызмат орундары:** Habib Bank Limited (Пакистан) компаниясынын Тобокелдиктерди тескөө боюнча жетекчиси (Chief Risk Officer); HBL Asset Management Company (Пакистан) Директорлор кеңешинин мүчөсү.



**Андреас Клинген**

**Кызмат орду:**

Директорлор кеңешинин мүчөсү

**Дайындалган/кайра шайланган күнү:**

2024-жылдын 13-декабры

**Билими: Жогорку техникалык** (Берлин Техникалык университети); Роттердам менеджмент мектебинин Ишкер администрлөө багаты боюнча магистр даражасы (MBA).

**Компетенциясы: Финансылык кызмат көрсөтүүлөр жана инвестициялык банкинг секторунда 25 жылдан ашуун башкаруучу тажрыйбага ээ.** Алдыңкы глобалдуу институттарда: Lazard (Франкфурт), JPMorgan (Лондон) жана Erste Group (Вена) жетекчи кызмат орундарын ээлеп, бириктирүү жана кошуп алуу (M&A), активдерди реструктуризациялоо жана менчиктештирүү процесстерине экспертиза жүргүзүү, ошондой эле санариптик трансформациялануу жана банктардын финансылык туруктуулугу стратегияларын иштеп чыгуур катышкан.

Мурда ээлеген кызмат орундары: NEPI Rockcastle B.V. (Нидерланды) компаниясынын жетектөөчү көз карандысыз аткаруучудан болбогон директору жана Аудит боюнча комитеттин төрагасы; в HTW Berlin (Германия) доценти (Associate Professor).



**Канако Секине**

**Кызмат орду:**

Директорлор кеңешинин мүчөсү

**Дайындалган/кайра шайланган күнү:**

2022-жылдын 31-марты

**Билими: Жогорку билимдүү** (Хитоцубаси Университети, Токио); Гарвард бизнес мектебинин (Harvard Business School) Ишкер администрлөө багыты боюнча магистр наамы (MBA). CFA эл аралык сертификатынын ээси.

**Компетенциясы:** Борбордук жана Чыгыш Европа өлкөлөрүндө, ошондой эле постсоветтик мейкиндикте каржылык кызмат көрсөтүүлөр секторунда 30 жылдан ашык иш тажрыйбасы бар банк иши жана каржы чөйрөсүндөгү жогорку квалификациялуу эксперт. Реконструкциялоо жана өнүктүрүү боюнча Европа банкында (ЕБРР) жетекчилик кызматтарды ээлеп, уюштуруучулук трансформациялоо боюнча долбоорлорду ийгиликтүү башкарган. Түз инвестициялар, тобокелдиктерди башкаруу, ошондой эле ESG (экологиялык, социалдык жана корпоративдик башкаруу) чөйрөсүндөгү стратегияларды жана саясаттарды иштеп чыгуу жана киргизүү жаатында терең экспертизага ээ.

**Мурда ээлеген кызмат орундары:** Toa Corporation (Токио, Япония) компаниясынын көз карандысыз аткаруучудан болбогон директору.



**Канатбек Тургунбеков**

**Кызмат орду:**

Директорлор кеңешинин мүчөсү

**Дайындалган/кайра шайланган күнү :**

2024-жылдын 13-декабры

**Билими: Жогорку билимдүү** (Бишкекетеги Кыргыз айыл-чарба институту жана Кыргыз Мамлекеттик улуттук университети).

**Компетенциясы:** Кыргыз Республикасында мамлекеттик башкаруу жана стратегиялык объекттерге жетекчилик жагында кеңири тажрыйбага ээ. Банк чөйрөсүндө операциялык менеджмент, активдерди тескөөгө алуу, улуттук деңгээлдеги финансылык институттарды өнүктүрүү багытына экспертиза жүргүзүү, стратегиялык пландаштыруу жана регулятордун (жөнгө салуучунун) ченемдик-укуктук талаптарынын так сакталышын көзөмөлдөө, кризиске каршы башкаруу ыкмасын, уюмдардын ички бизнес процесстерин оптималдаштыруу жагында иш тажрыйбага ээ.

Мурда ээлеген кызмат орундары: «Кыргыз инвестициялык кредиттик банкы» (KICB) ЖАКтын Директорлор кеңешинин мүчөсү.



**Марина Петров**

**Кызмат орду:**

Директорлор кеңешинин көз карандысыз мүчөсү, Аудит боюнча комитеттин төрагасы

**Дайындалган/кайра шайланган күнү:**

2024-жылдын 11-марты

**Билими:** Жогорку экономикалык билими (М.В. Ломоносов атындагы Москва мамлекеттик университети, ММУ).

**Компетенциясы:** Европа Реконструкциялоо жана Өнүгүү банкынын Украинадагы өкүлчүлүгүнүн башчысынын орун басары кызмат ордун кошо алганда (EBRD, 1995-2020-жж.), жетекчилик кызматтарда 25 жылдан ашуун олуттуу иш тажрыйбасына ээ. Казыналыктын иши, Долбоордук каржылоо, активдерди тескөөгө алуу жана Чыгыш Европа, КМШ өлкөлөрүнүн банктык түзүмдөрүнүн ишине мониторингге экспертиза жүргүзүү, ошондой эле корпоративдик башкаруу, кредиттик тобокелдиктерге баа берүү жагында ар тараптуу терең билим деңгээлине ээ.

**Мурда ээлеген кызмат орундары:** Көз карандысыз консультант; буга чейин PSIнин Киевдеги мектебинин Башкаруу кеңешинин мүчөсү.



**Андреас Цайслер**

**Кызмат орду:**

Директорлор кеңешинин көз карандысыз мүчөсү, Тобокелдиктер боюнча комитеттин төрагасы

**Дайындалган/кайра шайланган күнү:**

2025-жылдын 24-ноябры

**Билими:** Экономика илимдеринин доктору (Экономика университети, Берлин); Эл аралык финансы тармагы боюнча диплом (Финансы институту, Москва).

**Компетенциясы:** Өнүгүп келе жаткан рыноктордо долбоордук каржылоо, корпоративдик кредиттөө, түздөн-түз инвестициялоо (Private Equity) жана стратегиялык башкаруу жагында 40 жылдан ашуун глобалдуу иш тажрыйбасына ээ болуп, немец DEG инвестициялык корпорациясында финансылык институттарды глобалдуу каржылоо (Head of FI Global Equity) багытын жетектеген. Мындан тышкары, казыналыктын иши, аудит жана тобокелдиктерди тескөө системасын жүнгө салуу жагына экспертиза жүргүзүү тажрыйбасына ээ.

**Мурда ээлеген кызмат орундары:** «Ипак Йули» (Ташкент, Өзбекстан) акционердик инновациялык коммерциялык банкынын Директорлор кеңешинин мүчөсү.



**Жан Шеваль**

**Кызмат орду:**

Директорлор кеңешинин көз карандысыз мүчөсү

**Дайындалган/кайра шайланган күнү :**

2025-жылдын 24-ноябры

**Билими:** Жогорку инженердик-экономикалык билимге ээ (Париж Борбордук мектеби / École Centrale de Paris); Берлидеги Калифорния университетинде (UC Berkeley) билим алган.

**Компетенциясы:** Корпоративдик жана инвестициялык банкинг, түзүмдүк негизде каржылоо жана стратегиялык тобокелдик менеджменти жагында 40 жылдан ашкан эл аралык тажрыйбага ээ. Natixis, Banque Audi France жана Bank of Scotland France кошо алганда, ири финансылык топтордо жетекчи кызматтарды ээлеп, реструктуризациялоо, чегара аркылуу ишке ашырылган татаал бүтүмдөргө келишүү жана ачык-айкындуулук стандарттарынын сакталышын камсыз кылуу процесстерине адистешкен.

**Мурда ээлеген кызмат орундары:** Член Alpha Bank (Греция) Директорлор кеңешинин мүчөсү; Natixis Algérie (Алжир) Директорлор кеңешинин мүчөсү; Natixis Foundation (Франция) фондунун Директорлор кеңешинин төрагасы; EFG-Hermès (Египет) финансылык топтун Директорлор кеңешинин мүчөсү.

GRI 2-9, 2-10, 2-11, 2-12, 2-13, 2-14, 2-17, 2-18, 2-19, 2-20, 2-21, 2-22, 2-23, 2-24, 2-29, 3-3, 201-2, 405-1, IFRS S1

**Отчет даярдалган учурга карата Банк Башкармасынын курамына 8 кызмат адамы кирген, алардын ичинен экөө аял заты**



**Ариф Али**

Банк Башкармасынын Төрагасы



**Эмильбек Орозбаев**

Банк Башкармасынын мүчөсү



**Нурдин Илебаев**

Банк Башкармасынын мүчөсү/ Финансылык иш багытынын жетекчиси



**Хан Хаважа Калим Улла**

Банк Башкармасынын мүчөсү / Маалыматтык иш багытынын жетекчиси



**Елена Таирова**

Банк Башкармасынын мүчөсү / Бизнес иш багытынын жетекчиси



**Елена Бубнова**

Банк Башкармасынын мүчөсү



**Азамат Киргизбаев**

Банк Башкармасынын мүчөсү / Кредиттөө иш багытынын жетекчиси



**Ришат Мухамеджанов**

Банк Башкармасынын мүчөсү / Микрокредиттөөиш багытынын жетекчиси

Банк Башкармасынын алкагында банк ишин координациялоо жана операциялык иштин ар бир багыты боюнча маалыматтарга талдап-иликтөөлөрдү жүргүзгөн комитеттер жана жумушчу топтор иш алып барат.

Банк Башкармасынын Төрагасынын жетекчилиги алдында ESG багыты боюнча негизги чечимдерди жана демилгелерди иштеп чыгуу жана аларды жүзөгө ашыруу иши, туруктуу өнүгүү жагында иш чаралар жана иш аракеттер пландарынын аткарылышы камсыз кылынып, ошондой эле корпоративдик күн тартибине киргизилген ESG маселелеринин алкагында Банктын негизги түзүмдүк бөлүмдөрүнүн иши координацияланат.

Банк Башкармасынын отуруму зарылчылыкка жараша Банк Башкармасынын Төрагасы же аны алмаштырган адам тарабынан өткөрүлөт (чакырылат). Отчеттук мезгил ичинде 46 отурум өткөрүлүп, анда 400 маселе каралоо алынган.

**Директорлор кеңешинин жана Банк Башкармасынын мүчөлөрүнө сыйакы төлөө**

Директорлор кеңешинин мүчөлөрүнө сыйакы төлөө тартиби, алардын өлчөмү жана төлөө шарты Акционерлердин жалпы жыйынын чечими менен белгиленет. Банк Башкармасынын мүчөлөрүнүн эмгегине төлөө системасы «KICB» ЖАКтын кызматкерлеринин эмгегине төлөө жана аларга материалдык колдоо көрсөтүү жөнүндө» жобо аркылуу жөнгө салынат.

Директорлор кеңешинин жана Банк Башкармасынын мүчөлөрүнө отчеттук мезгил ичинде төлөнгөн сыйакынын суммардык өлчөмүнө тиешелүү маалымат Банктын тиешелүү жылдагы финансылык отчетунда чечмеленип берилген.

GRI 2-29, IFRS S1, IFRS S2

## Кызыкдар тараптар менен өз ара иш алып баруу

KICB өзүнүн стратегиялык болжолдоолоруна ылайык кардарларына, бүтүндөй коомго жана курчап турган чөйрөгө камкордук көрүү маселесине өзгөчө көңүл бурат. Банк финансылык институттун узак мөөнөткө туруктуу иштөөсү экосистеманын ыңгайлуулугу/талаптагыдай сакталышы менен тыгыз байланыштуу экендигин айкын таануу аркылуу бардык кызыкдар тараптар менен инклюзивдик диалогду жөнгө салууга жетишкен.

Банк бул документтин ушул бөлүгүн иштеп чыгууда эки олуттуу нерсеге көңүл буруу принцибине таянган: туруктуу өнүгүүнүн Банктын финансылык көрсөткүчтөрүнө жана капиталдаштырылышына (финансылык олуттуу) таасир этиши фактору сыяктуу эле, KICBнин ишинин экономикага, коомго жана аймактын климатына (таасир этүүнүн олуттуулугу) таасир этиши факторлоруна талдап иликтөөлөрдү жүргүзгөн.

2025-жылдагы иш натыйжасы жана өнүгүү динамикасы

Банк отчеттук мезгил ичинде алардын тобокелдиктерди тескөө системасына (ERM) интеграциялануу аркылуу кызыкдар тараптардын талабына алда канча терең талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүүгө өткөн. Мында маалымат коопсуздугу чегин күчөтүү жана инвестициялык процесстин алкагында климаттык факторлорго системалуу баа берүүнүн башталышы негизги жетишкендиктен болгон.

2026-жылга пландар

Банк эки олуттуу маселеге толук масштабдуу баа берүүнү пландаштырууда (Double Materiality Assessment). Бул процесс KICBнин ишинин курчап турган чөйрөгө таасир этишин верификациялоо үчүн сырттан эксперттерди тартууну болжолдойт, бул узак мөөнөткө каралган ESG-стратегиясын актуалдаштыруу жана маалыматтарды чечмелеп көрсөтүүнүн жаңы стандартына өтүү үчүн негиз түптөйт.

| Кызыкдар тараптар | Өз ара иш алып баруу максаттары | Өз ара иш алып баруу механизмдери |
|---|---|---|
| Акционерлер | 1. Корпоративдик башкаруунун жана туруктуу өнүгүүнүн ачык-айкындуулугун камсыз кылуу<br>2. Финансылык иш натыйжалары боюнча актуалдуу жана так маалыматтарды сунуштоо<br>3. Банк ишин талаптагыдай башкарууну жана инвестициялык өтүмдүүлүгүн камсыз кылуу<br>4. Башкаруу жыйынтыгы жана негизги чечимдердин аткарылышы боюнча кайтарым байланыштын жөнгө салынышын камсыз кылуу | 1. Жылдык жыйын<br>2. Мезгил-мезгили менен сунушталуучу отчеттор<br>3. Жалпыга маалымдоо каражаттары<br>4. Корпоративдик сайт |
| Кызматкерлер | 1. Персоналдын ESG-компетенциясын өркүндөтүүгө тартылышы табитин арттыруу<br>2. Банктын стратегиялык иш максаттары, иш натыйжалары жана ар бир кызматкердин жалпы максатка жетишүүгө кошкон салымын маалымдоо<br>3. Кызматкерлердин керектөөлөрүн жана орун калган көйгөйлүү маселелерин түшүнүп, аларды чечип берүү аракетин көрүү | 1. Банк ичинде өткөрүлгөн тренингдер, сурамжылоолор, коммуникациялык кампаниялар<br>2. Түзүмдүк бөлүмдөрдүн жетекчилери менен кызматкерлер ортосунда түздөн-түз байланышты жөнгө салуу<br>3. Корпоративдик иш-чаралар, тимбилдингдер<br>4. Ишеним жана этиканын сакталышы |
| Кардарлар | 1. Туруктуу жөнгө салынган финансылык продукттарга жана тейлөө шарттарына карата суроо-талапты канааттандыруу<br>2. Банктын продукттары жана кызмат көрсөтүүлөрү тууралуу маалымат берүү<br>3. Кардарлар үчүн каралган инновациялык жана технологиялык чечимдерди иштеп чыгуу жана аларды колдонууга киргизүү<br>4. Кардарлардын көйгөйлүү маселелерин, даттанууларын өз учурунда карап, чара көрүү | 1. Телефон линиясы, социалдык түйүндөр, жеке жолугушуулар жана мобилдик тиркемелер жардамы менен кайрылуулар аркылуу кайтарым байланышты жөнгө салуу<br>2. Корпоративдик сайтта жарыялоолор жана SMS-маалымдоолор<br>3. Интернет банкинги жана мобилдик тиркемелер аркылуу маалымдоолор<br>4. «Жашыруун сатып алуучу» тейлөө шартына иликтөөлөрдү жүргүзүүнүн алкагында кардарлардын сунушталган кызмат көрсөтүүлөргө ыраазы болуу деңгээлин аныктоо, сунушталган продукттар кызмат көрсөтүүлөргө жана өз ара иш алып барууга байланыштуу ой-пикирлер жана даттануулар<br>5. Финансылык отчеттор жана туруктуу өнүгүү багыты боюнча отчеттор |

GRI 2-29, IFRS S1, IFRS S2

| Кызыкдар тараптар | Өз ара катушуу максаттары | Өз ара аракеттенүү механизмдери |
|---|---|---|
| Өнөктөштөр, инвесторлор, донорлор, эл аралык уюмдар | 1. Туруктуу өнүгүү чөйрөсүндө биргелешкен демилгелерди ишке ашыруу<br>2. ESG-көрсөткүчтөрүн чагылдыруу жана туруктуу каржылоону тартуу<br>3. Эл аралык ESG-программаларына катышуу жана гранттарды тартуу<br>4. Финансы рыногун өнүктүрүү жана туруктуу өнүгүү маселелери жагында өз ара иш алып баруу | 1. ESG-презентациялары<br>2. ESG-рейтингдерге катышуу, вебинарлар жана жеке жолугушуулар<br>3. Туруктуу өнүгүү боюнча отчеттор<br>4. Корпоратидик сайт |
| Жөнгө салуучу органдар, мамлекеттик бийлик органдары | 1. Колдонуудагы мыйзамдарга жана туруктуу өнүгүү багыты боюнча талаптарга ылайык иш алып баруу<br>2. Финансылык иш натыйжалары жана бардык мыйзамдык жана ченемдик талаптардын сакталышы боюнча актуалдуу жэана такталган маалыматтардын берилишин камсыз кылуу<br>3. Экономикага жана банк ишине таасир этken мыйзамдарды иштеп чыгуу процессине катышуу | 1. Иш багытына тиешелүү жолугушууларга катышуу<br>2. Маалыматтык билдирүүлөр жана электрондук почта/телефон аркылуу кайрылуулар<br>3. Мезгил-мезгили менен отчет берип туруу<br>4. Текшерүүлөр жана талап коюу<br>5. Кыргыз банктар бирлиги аркылуу өз ара иш алып баруу<br>6. Расмий каттарды жөнөтүү |
| Сунуштоочулар жана иш аткаруучулар | 1. Туруктуу камсыздоо жана сунуштоо түйүнүнүн стандарттарын сактоо<br>2. Тараптар тарабынан түзүлгөн контрактылар жана келишимдер боюнча шарттардын аткарылышы<br>3. Банк ишин жүзөгө ашырууда зарыл болгон продукттарды же кызмат көрсөтүүлөрдү өз учурунда алуу<br>4. Сунуштоочулар жана аткаруучулардын адам укугун жана курчап турган чөйрөнү коргоо жагындагы шарттарды аткарууга жоопкерчиликтүүү мамиле кылышына өбөлгө түзүү | 1. Жүрүм-турум кодекси,<br>2. ESG-тобокелдиктерге баа берүү,<br>3. Келишимдерде тиешелүү шарттарды камтуу<br>4. Жолугушуулар, сүйлөшүүлөр |
| Калайык-калк, коомдук уюмдар | 1. Банк иш алып барган аймактарда социалдык жоопкерчиликтүүлүктү жана туруктуу өнүгүүнүн колдоого алуу<br>2. Банктын туруктуу өнүгүү жагында комплекстүү иш алып барuусуна өбөлгө түзгөн өнөктөштүк мамилелерди жөнгө салуу<br>3. Туруктуу өнүгүү иш баскычы боюнча эксперттерден, жамааттардан жана бейөкмөт уюмдардан маалыматтарды алуу<br>4. Банктын курчап турган чөйрөгө таасир этүү деңгээлин басаңдатууга, адам укугун коргоого, социалдык жана экологиялык коомдук маанилүү долбоорлорду колдоого алууга багытталган милдеттенмелери жана демилгелери тууралуу маалымат берүүнү арттыруу | 1. Жылдык отчет, туруктуу өнүгүү боюнча отчеттор<br>2. Корпоративдик сайт<br>3. Социалдык түйүндөр жана жалпыга маалымдоо каражаттары<br>4. Коомдук социалдык жана экологиялык иш-чараларга катышуу<br>5. Кайрымдуулук акцияларын өткөрүү |
| Жалпыга маалымдоо каражаттары | 1. ESG-демилгелеринин таанылышын жогорулатуу, жоопкерчиликтүүлүк менен жүргүзүлгөн иш натыйжасында жетишилген бизнес абройду бекемдөө<br>2. Калагандай бизнез натыйжаларына алып келүүчү ишке алгылыктуу таасир этүү максатында тиешелүү кызыкдар тараптар жана кеңири коомчулук менен алгылыктуу диалогго жетишүү<br>3. Банктын аброюун бекемдөө | 1. Пресс-релиздер<br>2. Интервью<br>3. Форумдарга жана конференцияларга катышуу<br>4. Корпоративдик сайт<br>5. Социалдык түйүндөр |

GRI 2-23, 2-24, 2-25, 2-27, GRI 3-3

## Ишкердик этика жана корпоративдик маданият

KICBде ишкердик этиканын так сакталышы кардарларды, өнөктөштөрдү жана регуляторду кошо алганда кызыкдар тараптардын ишениминин пайдубалы болуп саналат. Банк этикалык нормаларды бардык бизнес процесстерге интеграцияланган өз алдынча фильтр катары карайт. Банк жетекчилиги ар бир кызматкер ачык-айкын жана ишенимдүү өнөктөш катары Банктын (институттун) аброюн талаптагыдай сактоо үчүн жеке жоопкерчиликтүү экендигин тереңден түшүнгөн иш чөйрөсүн камсыз кылууга жетишкен.

### Баалуулуктар

- Таамай атып так иштөө – жашоо принциби катары. Банк иштин бардык чөйрөсүндө, бардык жерде жана ар дайым бизнести кынтыксыз, акыйкат жүргүзүүгө умтулат.
- Кардарга багыт алуучулук – өнөктөштүк кардар менен жөнгө салынган өз ара мамиленин өзөгүн түзөт. Банк бардык иш чөйрөсүндө ишенимге жана сый-урматка ээ болуу принцибине таянган өнөктөштүктү өнүктүрүп келет
- Тынымсыз жакшыртуу – күн сайын жакшы жагына өзгөрүү. Банк бардык иш багытын туруктуу өркүндөтүү жана алда канча натыйжалуу иштөө үчүн каражат аябастан эң мыкты мүмкүнчүлүктөрдү караштыруу аркылуу өз иш багытын акыйкат чегинде жүзөгө ашырып жатат.
- Жамааттык маанай – ар бир кызматкердин кошкон салымы өзгөчө баалуу жана абдан маанилүү. Биз кесипкөйлөрдөн турган бир бирдиктүү жамаат менен күчтүүбүз, анткени билим деңгээл, иш билгилик жөндөмдүүлүк, иш жигери жана ар бир кызматкердин ишке чыгармачылык менен мамиле кылуусу, эмгек жамаатын алда канча таасирдүү жана уникалдуу бир бүтүндүккө айландырат.

## Бизнес жүргүзүүгө жоопкерчиликтүүлүк менен мамиле кылуу принциптери

KICB саясый бейтараптыкты сактоо менен алгылыксыз жүрүм-турумдун кандай болбосун формасына келишпестик мамиле кылуу саясатына таянат. Мына ушул принциптерди ишке ашыруу коррупцияга каршы иш алып барuунун, таламдардын каршы келип калышына бөгөт коюунун жана финансылык мониторинг жүргүзүүнүн интеграцияланган механизмдери аркылуу камсыздалат жана алар Банктын комплаенс-контролдоо системасынын пайдубалын түптөйт.

Коррупцияга каршы аракеттенүү

Банк туруктуу өнүгүү стратегиясын ишке ашыруунун алкагында ачык-айкындуулук, акыйкат чегинде чын дили менен иш алып баруу принциптерине бекем берилгендигин тастыктап келет. Коррупцияга жол бербей, аны таасирдүү контролдоо системасы активдерди жана абройду коргоо механизми гана эмес, бардык таламдаш тараптар менен ишенимге ээ болууга негизденген мамилени жөнгө салуунун өзөгү катары каралат.

Банктын иши коррупциялык көрүнүштөрдүн кандай болбосун формасына келишпестик прицибине таянат. Банк отчеттук мезгил ичинде башкаруу чечимдерин кабыл алуунун бардык деңгээлинде – Директорлор кеңешинен ар бир кызматкерге чейин жогорку этикалык нормалардын сакталышына интеграциянууну камсыз кылуу аркылуу ичтен контролдоо иш өңүтүн туруктуу чыңдоого жетишкен.

Банк коррупцияга каршы таасирдүү механизмдерди иштеп чыгууну/түзүүнү жөн эле жөнгө салуучу талап катары эмес, кардарлар, өнөктөштөр жана акционерлер тарабынан ишенимдин негизинде иш алып баруунун зарыл шартты катары карайт.

Превентивдик чараларга жана талаптагыдай чөйрөнү калыптандырууга системалуу көңүл бурулат. Анда ар бир кызматкердин ачык-айкын, акыйкат чегинде кесипкөй иш алып баруусу персоналдын базалык компетенциясы болуп саналат. Коррупция менен келишпестик маанайын калыптандыруу кызматкерлерди мезгил-мезгили менен окутуудан өкөрүү аркылуу да ишке ашырылып келет.

Персоналга жана үчүнчү жактарга кандай болбосун укукка жатпаган же этикадан тыш иш-аракеттердин белгилери тууралуу коопсуз шартта, купуя маалымдоосуна өбөлгө түзгөн каналдардын жөнгө салынышы, ушул түзүмдүн ажырагыс бөлүгү болуп саналат

2025-жылы ушул каналдар аркылуу коррупцияга тиешелүү фактыларды тастыктаган билдирүүлөр түшкөн эмес.

Ишкердик этиканы камсыз кылуунун колдонуудагы механизмдери мамлекеттик органдар, каналдар жана ишкер өнөктөштөр менен өз ара иш алып барууда Банктын таламдарын коргоого жана келип чыгышы ыктымал болгон тобокелдиктерди алгачкы баскычында эле басаңдатууга өбөлгө түзүүгө багытталган.

Банк финансы системасында аткарып жаткан ролун тереңден түшүнүү менен коррупцияга каршы аракеттерди көрүү системасын мындан ары да ыраатту өнүктүрүүнү пландаштырууда. Өнүгүү багыты алдынкы эл аралык тажрыйбага, регулятордун актуалдуу талаптарына таянуу менен бул багытта колдонулуп жаткан инструменттердин (каражаттардын) таасирдүүлүгүнө туруктуу мониторинг жүргүзүү аркылуу ички регламенттерди (документтерди) өркүндөтүүгө багытталган. Ушунун өзү бизнес процесстерди жогорку деңгээлде коргоого алуу ишин колдоо аркылуу тышкы чөйрөнүн өзгөрүүсүнө шайкеш дароо/ыкчам чара көрүүгө мүмкүндүк берет.

GRI 2-15, GRI 3-3

### Таламдардын каршы келип калышын жөнгө салуу

Банк уюштуруу негизинде туруктуулукту камсыз кылуу жана бардык таламдаш тараптардын кызыкчылыгын коргоо максатында таламдардын каршы келип калышын жөнгө салуу системасын андан ары өркүндөтүү ишине фундаменталдуу көңүл буруп келет. Бул иш өзүнчө бир функция катары эмес, кардарлар жана кызматкерлер тарабынан жогорку деңгээлде ишенимди колдоого алууга өбөлгө түзгөн корпоративдик маданияттын ажырагыс элементи катары каралоо алынат. Банк максималдуу объективдүүлүктү жана уюштуруу түзүмүнүн бардык деңгээлинде башкаруу жана операциялык чечимдерди кабыл алууда бейтараптыкты камсыз кылууга багытталган ички экосистеманы ырааттуу өнүктүрүп жатат.

Банк отчеттук мезгил ичинде кызматкерлердин жана кызмат адамдарынын көз карандысыз ой жүгүртүп, пикир билдирүүсүнө таасир эте алган жагдайларды превентивдик негизде аныктоого умтулууга ык койгондугун тастыктай алды. Таламдардын каршы келип калышын жөнгө салууга карата колдонулган ыкма жеке жана кесиптик байланыштардын ачык айкындуулугу ишкердик жүрүм-турумдун стандарты болуп калган жеткире түшүнүү менен жоопкерчиликтүүлүк чөйрөсүн калыптандыруу жагына трансформацияланган. Мында, таламдардын тең салмактуулугун колдоого алууга өзгөчө маани берилет жана ушунун өзү аброй тобокелдигин жана финансылык тобокелдикти минималдаштырууга гана эмес, рыноктун бардык таламдаш тараптарына карата адилет мамиле кылуу маанайын калыптандырат.

### Инструменттер жана мониторинг

Келип чыгышы ыктымал болгон потенциалдуу тобокелдиктерге мониторинг жүргүзүп, аларга баа берүү механизмдери бизнес жүргүзүүнүн улам өзгөрүүгө дуушар болгон шарттарына жана корпоративдик башкаруунун эл аралык стандарттарына ыңгайлашуу менен туруктуу өнүгүү жолунда. Банк этикалык принциптерди күндөлүк тажрыйбага жигердүү жайылтып, институционалдык бүтүндүктү колдоого алуунун негизги инструменти катары маалыматтардын ачык- айкындуулугун жана өз учурунда чечмеленип берилишин колдоого алып келет.

Тобокелдиктерди басаңдатуу процесси персоналды системалуу түрдө окутуу, аларга этикалык стандарттарды тереңдеп түшүнүүгө багыт берип, кесипкөйлүк ой-пикирдин көз карандысыздыгына таасир эткен жагдайларга бөгөт коюуга багытталат.

Банк ушуну менен катар эле, маалымат коопсуздугун жана принципиалдуу позициясын билдирген жактардын коргоого алынышына кепилдик берүү менен жеке кызыкчылыкты көздөө белгилери тууралуу маалымдоо үчүн кайтарым байланыш каналдарын жөнгө салуу ишин да колдоого алат.

### Динамика жана келечек багыттар:

Келечекке каралган өнүгүү багыты усулдук базаны андан ары чыңдоого жана персоналдын ички компетенциясын өнүктүрүүгө багытталган, бул узак мөөнөттүү келечекте кесипкөйлүк адилеттүүлүктүн жана ишкердик этика статусун сактап калууга Банкка өбөлгө түзөт. Таламдардын каршы келип калышын жөнгө салуу ыкмаларын туруктуу өркүндөтүү стратегиялык приоритет бойдон калууда жана ал Банктын жоопкерчиликтүүлүк менен корпоративдик башкаруу жана туруктуу өнүгүү принциптерине таянуу менен иш алып бара тургандыгынын тастыктамасынан болуп саналат.



GRI 2-17, GRI 205-2, GRI 205-3

**Кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга (изин жашырууга) каршы аракеттенүү (ПФТД/ЛПД) жана этикалык контроль**

Банк жетекчилиги кылмыштуу ишти каржылоого жана кылымыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга карата аракеттенүү жагындагы талаптардын бардык кызматкерлер, кардарлар, контрагенттер жана өнөктөштөр тарабынан так сакталышына өзгөчө, биринчи кезекте көңүл бурат. Бизнес процесстердин ачык-айкын жөнгө салынышы, Банктын продукттарын жана кызмат көрсөтүүлөрүн укукка жатпаган максаттарда колдонулушуна ишенимдүү бөгөт коюу – мына ушул иш багытынын негизги максаты. KICBде ПФТД/ЛПД жагында алгылыктуу экосистема жөнгө салынган жана ал бардык бизнес процесстерге интеграцияланып, улуттук жана эл аралык жөнгө салуучу стандарттарга толук жооп бере тургандыгын гарантиялайт. Банк тарабынан комплаенс чектөө чаралары тосмо катары эмес, бизнестин жалпы туруктуулугун камсыз кылган өз алдынча фильтр катары каралат.

Ченемдик-укуктук база жана стандарттар

Банк өз ишин Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзам талаптарына, атап айтканда, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Финансылык чалгындоо мамлекеттик кызматынын жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик-укуктук актыларына ылайык жүзөгө ашырат. KICB өз ишинде жеке адамдар жана юридикалык жактар үчүн кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоодо аларды операциялык иш процессине интеграциялоо аркылуу алдынкы эл аралык финансылык институттардын тажрыйбасына таянат

**Ар бир иш багыты боюнча кабыл алынган саясаттар жана контролдоо программалары**

Банк ишинин системалуулугун жана ачык-айкындуулугун камсыз кылуу үчүн фундаменталдуу ички документтер жана программалар натыйжалуу колдонулат :

- ✓ «Өз карадарыңды бил» саясаты: бул, контрагенттердин иш мүнөзүн кылдат чечмелеп түшүнүүгө мүмкүндүк берген идентификациялоонун жана верификациялоонун көп деңгээлди камтыган системасы.
- ✓ Ички контролдоону уюштуруу саясаты: бардык бөлүмдөрдүн комплаенс-тобокелдиктерди басаңдатууга карата иш алып баруу тартибин аныктаган комплекстүү регламент.
- ✓ Тобокелдиктерди аныктоого багытталган ыкма: Банк контрагенттерди жана ашкере тобокелдикти камтыган транзакцияларды, алда канча опурталдуу иш багыттарын кылдат текшерүүгө алуу үчүн (Due Diligence) ресурстарды сарптайт.
- ✓ Туруктуу мониторинг: Банк айкын убакыт ыргагында жүргүзүлгөн операцияларга талдап-иликтөөлөр үчүн алдынкы технологиялык чечимдерди колдонот, бул мыйзамсыз төлөмдөрдү жүргүзүү аракеттерин тез арада аныктап, аларга бөгөт коюуга мүмкүнлдүк берет.

**Интеллектуалдык капитал**

Банк адам капиталын финансылык кылмыштуулукка карата негизги бөгөт катары кароого алат. 2025-жылы профилдик бөлүмдөрдүн кызматкерлеринин 100% актуалдуу санкциялык режимдер жана шектүү операцияларды аныктоо ыкмалары боюнча окутуудан өткөн.

Комплаенс кызматынын адистери коопсуздуктун глобалдуу тренддерине багыт алуу менен кесиптик квалификациясын мезгил-мезгили менен жогорулатып турат.

**Жыйынтыктар:**

Банкта 2025-жыл жыйынтыгы боюнча кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга же коррупцияга катышууга тартылган учурлар катталган эмес.

Банктын 2026-жылга каралган планында маалыматтарды иштеп чыгууну тездетүү, ошондой эле персонал үчүн эл аралык санкциялык мыйзамдарга киргизилген актуалдуу өзгөрүүлөр боюнча кеңири тренингдерди өткөрүү аркылуу мониторинг жүргүзүүнүн автоматташтырылган системасын андан ары өркүндөтүү иши каралган. Банк комплаенс-маданиятын чыңдоо, эл аралык финансылык институттар менен өз ара иш алып баруу ишин андан ары улантат.



GRI 2-12, GRI 2-13, IFRS S1

## Тобокелдиктерди интеграцияланган негизде тескөөгө алуу

Тобокелдиктерди тескөөгө алуу Банк ишинин ажырагыс бөлүгү болуп саналат жана анын финансылык туруктуулугун, стабилдүүлүгүн жана узак мөөнөткө өнүгүүсүн камсыз кылууга багытталган.

Тобокелдиктерди натыйжалуу тескөөгө алуу – бул, Банктын туруктуу өнүгүшүнүн пайдубалы жана ESG-стратегиясынын маанилүү бөлүгү.

Тобокелдик-менеджменти системасы финансылык туруктуулукту камсыз кылып, кардарлардын жана акционерлердин таламдарын коргоп, ошондой эле коомдун Банкка карата ишенимин чыңдайт.

ESG-факторлоруна интеграциялануу курчап турган чөйрөгө жана коопго узак мөөнөттүү таасир этүүнү эске алууга мүмкүндүк берет

### Тобокелдиктерди тескөөгө алуунун ESGдагы ролу

Банк үчүн бул инструмент активдерди коргоонун жана туруктуулуктун өзөгү болуп саналат. Кризиске бөгөт коюу системасы боло турган жагдайды алдын ала болжолдоону жана инвесторлордун ишенимин камсыздайт. Кредиттөө ишинде экологиялык жана социалдык тобокелдиктердин эске алынышы келип чыгышы ыктымал болгон коопту жагдайларды басаңдатып, туруктуу долбоорлорду колдоого алууга өбөлгө түзөт.

### ESG-ТОБОКЕЛДИКТЕРИ

**Тажрыйбалык чаралар жана инструменттер**

- Мониторинг жана стресс-тестирлөө — бул, портфелдин ар кандай сценарийлерде туруктуу сакталышына баа берүү
- Санариптик технологиялар: операциялык тобокелдиктерди аныктоо жана алдамчылыктан коргоонуу үчүн талдап-иликтөөлөр.
- Долбоорлорго экологиялык жана социалдык баа берүү — бул, курчап турган чөйрөгө жана коомго келтирилип жаткан терс таасирлерге талдап иликтөөлөр, олуттуу ESG-тобокелдиктерди камтылган долбоорлорду жокко чыгаруу.
- Кризиске каршы пландар: келип чыккан өзгөчө кырдаалдарга жооп катары шайкеш чара көрүү сценарийлери жана бизнести тез арада калыбына келтирүү механизмдери.
- Өз ара аракеттенүү: ESG жагында жаңы талаптарды жана күтүүлөрдү эске алуу үчүн мамлекеттик органдар жана коомдук уюмдар менен диалог.




### Тобокелдиктерди тескөөгө алуунун негизги принциптери

- Комплекстүүлүк: кредиттик, рыноктук, операциялык, укуктук, аброй тобокелдигин жана ESG тобокелдиктерин камтуу.
- Ачык-айкындуулук: таламдаш тараптарга мезгил-мезгили менен отчет берип туруу жана ачык билдирүү
- ESG-факторлорун долбоорлорго баа берүү жана инвестиция системасында интеграциялоо.
- Тобокелдик-менеджменти маданияты: Банк жамааттык жоопкерчиликти калыптандыруу үчүн окутуу жана мотивациялоо аркылуу кызматкерлерди ага тартуу
- Ыңгайлашуу: киберкоркунучтарга, мыйзамдардын өзгөрүшүнө жана глобалдуу ESGтренддерине жооп катары системасын жаңылап туруу

## ESG-тобокелдиктер: тобокелдиктерди төмөндөтүү ыкмалары жана чаралар

### ЭКОЛОГИЯЛЫК ТОБОКЕЛДИКТЕР

**Курчап турган чөйрөгө терс таасирлерге байланыштуу тобокелдиктер**

- ✓ Климаттык жана экологиялык факторлордун кредиттик чнчимдерге таасир этиши
- ✓ «Жашыл» долбоорлорду жана туруктуу демилгелерди каржылоо
- ✓ Тыюу салынган иштин түрлөрүн каржылоодон баш тартуу
- ✓ Көмүртектин сыртка таралы кесепетин кыскартуу
- ✓ Ресурстарды үнөмдүү кректөө жана калдыктар менен ыраатуу иш алып баруу

### СОЦИАЛДЫК ТОБОКЕЛДИКТЕР

**Банк кызматкерлерине, кардарларга жана бүтүндөй коомго таасир этүүгө байланыштуу тобокелдиктер**

- ✓ Адам укугунун жана эмгек мыйзамдарынын талаптарын так сактоо
- ✓ Коом алдында социалдык жоопкерчиликтүүлүк принциптеринин сакталышын камсыз кылуу
- ✓ Керектөөчүлөр укугун коргоо
- ✓ Кардарлардын жеке мүнөздөгү маалыматтарын коргоо
- ✓ Адам укугун бузууга баруу менен иштелип чыккан долбоорлорду каржылоого тыюу салуу
- ✓ Бирдей мүмкүнчүлүктөрдү жана инклюзивдик маданиятты калыптандырууну камсыз кылуу
- ✓ Гендердик теңчилик жана басмырлоого жол бербөө
- ✓ Социалдык мааниге ээ демилгелерге колдоо

### БАШКАРУУ ИШИНЕ БАЙЛАНЫШТУУ ТОБОКЕЛДИКТЕР

**Башкаруу ишинин сапатына, ачык-айкындуулугуна жана белгиленген нормалардын сакталышына байланыштуу тобокелдиктер**

- ✓ Корпоративдик башкаруунун жогорку стандарттарынын жана ишкердик этиканын так сакталышын камсыз кылуу
- ✓ Иштин бардык деңгээлинде ачык-айкындуулукту жана отчет берип турууну колдоого алуу
- ✓ Колдонуудагы мыйзам талаптарын жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик-укуктук актыларын так сактоо
- ✓ Таламдардын каршы келип калышын жеңге салуу
- ✓ Коррупцияга, алдамчылыкка, «арам» акчанын изин жашырууга каршы аракеттенүү

GRI 3-3, GRI 418-1, GRI 404-2

## Киберкоопсуздук

Санариптештирүү доорунда кибертуруктуулук рыноктук ишенимдин негизги факторлорунун бири болуп саналат, буга байланыштуу маалыматтарды коргоо Банктын жогорку стратегиялык артыкчылыктарынын катарына кирет. ISO 27001 сертификациясына багыт алуу бул ыкманы бекемдейт жана эл аралык стандарттардын деңгээлинде тобокелдиктерди системалуу башкарууга өтүүнү тастыктайт.

**Мына ушул ыкманын чегинде төмөнкүдөй негизги чаралар көрүлүүдө**

1. Зыян алып келген программалык камсыздоолордон жана максаттуу чабуулдардан коргонуу (EDR/коргонуу): адатта колдонулуп келген вируска каршы чаралардан тышкары жүргүзүлүп жаткан иштерге талдап-иликтөөлөрдүн алдынкы платформаларын колдонуу. Технологиялык мына ушундай чечимдерди (Sandbox) колдонууга өтүү шектенүүнү жараткан объекттерди коопсуз текшерүүгө алууну алда канча татаал, көп баскычтуу чабуулдарга (APT) баштапкы баскычында эле бөгөт коюуга мүмкүндүк берет

2. Программалык камсыздоолорду иштеп чыгуу процессинде (DevSecOps) коопсуздук шартын камсыз кылуу системасы Банктык продукттардын жана тейлөө шарттарынын көз каранды абалда калуу тобокелдигин алда канча басаңдатып, SDLCдин бардык баскычында коргонууну камсыз кылат.

3. Zero Trustтан пайдалануу мүмкүнчүлүгүн жөнгө салуу жана анын принциптери: идентификациялоо жана андан пайдалануу мүмкүнчүлүгүн комплекстүү тескөөгө алуу системасын колдонууга киргизүү. Бул чаралар каттоо жазууларын бурмалоого барууга байланыштуу тобокелдиктерди минималдаштыруу үчүн каралган көп фактордук аутентификациялоону (MFA) камтыйт.

4. Маалыматтардын сыртка чыгып кетишин контролдоо системасы (DLP): система кардарлардын жана өнөктөштөрдүн купуя маалыматтарын коргоого алуу үчүн каралган жана ал аброй тобокелдигин жана юридикалык тобокелдиктерди басаңдатып, Банктын таламдаш тараптар алдындагы социалдык жоопкерчилигине жооп берет.

5. Артыкчылыктуу колдонуучуларды контролдоо системасы (PAM): бул система маалыматтардан кыянаттык менен пайдаланууга жана алардын срытка чыгып кетишине бөгөт коюп, ошондой эле ыйгарым укуктарды бөлүштүрүү жана корпоративдик этика принциптеринин так сакталышын камсыз кылуу аркылуу ИТ-ресурстардан пайдалануу мүмкүнчүлүгүн тескөөгө шарт түзөт.

6. Vulnerability Management жана Patch Management көз карандысыздыкты тескөөгө алуу: Банктын ИТ-инфратүзүмүн үзгүлтүксүз сканерден өткөрүү жана алардын коргоого алынышына талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүү моделине өтүү. Бул чарада системанын алкагында операциялык жана колдонмо программалык камсыздоолордун «өксүк» жерлерин автоматташтырылган негизде аныктоо иши, ошондой эле коопсуздукту (патчей) жаңылоо регламентин жөнгө салууну камтыйт. Бул багытта айкын бир бизнес процесстерде келип чыгышы ыктымал болгон тобокелдиктерге талдап иликтөөнү жүргүзүүнүн негизинде көз карандысыздыкты (калпыстыкты) четтетүүгө биринчи кезекте көңүл бурулат.

7. Бизнестин үзгүлтүксүздүгүн камсыз кылуу (BCP) жана орун алган кырсыктардан (авариядан) кийин калыбына келтирүү (DRP): кандай болбосун опурталдуу жагдайларда өтө маанилүү банктык процесстердин үзгүлтүксүз иштөөсүн гарантиялаган комплекстүү туруктуулук стратегиясын иштеп чыгуу жана анын шарттарын колдонууга киргизүү.

8. Түйүндүк чектерди коргоого алуу: жаңы муундагы NGFW түйүндөр аралык экрандарын колдонуу аркылуу коопсуздуктун көп баскычтуу тосмосун түзүү. Банктын түйүндөр чегин жана ички инфратүзүмүн санкциясыз кирүүдөн жана чабуулдардан коргоп, сырттан келген коркунучтарга туруштук берүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылат.

9. Маалымат коопсуздугуна мониторинг жүргүзүү системасы (SIEM): айкын убакыт ыргагында иштин жүрүшүндө келип чыккан алгылыксыз жагдайларга көз салып, потенциалдуу коркунучтарга талдап иликтөөлөрдү жүргүзүп, аларга карата дароо чара көрүүгө мүмкүндүк берет жана бул отчет берүү жана корпоративдик башкаруунун ачык-айкындуулугу принциптерине ылайык келет.

10. Персоналдын маалымдуулугун жогорулатуу: персоналда социалдык инженерия жана фишинг ыкмаларын аныктап билүү көндүмдөрүн калыптандырууга багытталган комплекстүү негизде окутуу программаларын ишке ашыруу. Ушунун өзү маалыматтарды кокусунан бурмалоо тобокелдигин азайтууга мүмкүндүк берет. Маалымат коопсуздугу чарасы Банк кызматкерлерин мезгил-мезгили менен ушул багытта окутуудан өткөрүп, коопсуздуктун сакталышы маданиятын, иштти берилип аткаруу маданиятын калыптандыруу аркылуу ESG-ыкмасынын мына ушул социалдык аспектисин күчөтөт.

11. Ички ИТ-активдерди инвентаризациялоо жана аларга баа берүү системасы Банкка активдерди натыйжалуу тескөөгө алууга мүмкүндүк берип, ресурстарды пайдаланууну оптималдаштырып, келип чыгышы ыктымал болгон тобокелдиктерди алдын-ала аныктоого өбөлгө түзүү менен туруктуу өнүгүү жана жоопкерчиликтүүлүк менен башкаруу принцибине жооп берет.

GRI 3-3, GRI 418-1, GRI 404-2

### Маалыматтардын купуя сакталышы

Банк бул багытта алдынкы иш тажрыйбаларга ылайык санариптик активдерди, купуя маалыматтарды жана ишенимди коргоого алууга багытталган киберкоопсуздуктун туруктуу, ачык-айкын жана технологиялык таасирдүү экосистемасын калыптандырууга жетишкен.

Банк маалымат коопсуздугунун так сакталышын өзөгүндө кардарлардын, өнөктөштөрдүн, кызматкерлердин ишеними камтылган туруктуу ишинин негизги элементи катары кароого алат.

Банктык кызмат көрсөтүүлөрдү санариптештирүү шартында маалымат купуялуулугун, анын ичинде жеке маалыматтардын, банктык сырдын жана кызматтык ишке байланыштуу ички маалыматтардын ишенимдүү корголушун камсыз кылуу биринчи кезекте көңүл буруучу стратегиялык иш багыты болуп калууда.

Банк жеке мүнөздөгү маалыматтарды мыйзамдуу негизде, ачык-айкын жана коопсуз шартта иштеп чыгууну камсыз кылуу максатында Кыргыз Республикасынын жеке мүнөздөгү маалыматтар тууралуу мыйзам талабын так сактап келет.

Банк кызматкерлери өз ишинин чегинде жеке мүнөздөгү маалыматтарды коргоо жана талаптагыдай шартта иштеп чыгууга тиешелүү шарттарынын сакталышы үчүн жоопкерчиликтүү болуп саналат. Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына, Банктын ички ченемдик актыларына ылайык ар бир кызматкер иш процессинде ага маалым болгон маалыматтардын купуялуулугун жана коопсуз шартта иштелип чыгышын камсыз кылууга милдеттүү.





KICB
KYRGYZ INVESTMENT AND CREDIT BANK


Банктын Директорлор кеңешинин төрагасынын кайрылуусу

Банк Башкармасынын төрагасынын кайрылуусу

1. Отчет тууралуу

2. Туруктуу өнүгүү жана ESG

3. Банктын БУУнун туруктуу өнүгүү максаттарына жетишүүгө кошкон салымы

4. Корпоративдик башкаруу

5. **Бизнести жүргүзүү жоопкерчилиги**

   5.1. **Санариптик трансформациялануу жана финансылык инклюзия**

   5.2. **Банктын тармактык демилгелерге катышуусу жана эксперттик ишмердүүлүгү**

   5.3. **Чакан жана орто бизнес жана корпоративдик бизнес**

   5.4. **Микрокредиттөө**

   5.5. **Ишкер аял затын колдоого алуу**

   5.6. **Туруктуу жеткирүү чынжырчасын башкаруу жана жоопкерчиликтүү сатып алуулар**

6. Социалдык жоопкерчилик

7. Экологиялык жоопкерчилик

Тиркемелер

## Санариптик трансформациялануу жана финансылык инклюзия

GRI GRI 203, IFRS S1/S2

**Финтех-экосистемасын өнүктүрүү**

KICB 2025-жылы инновацияны финансылык инклюзиянын пайдубалы катары карап, санариптик трансформациялануу боюнча узак мөөнөткө каралган стратегия талабын ишке ашырууну уланткан. Мында негизги күч-аракет кардарлардын жигердүүлүгүн аралыктын тейлөө каналына которууга багытталган, бул операциялык иш натыйжалуулугун артырып, кагаз жүзүндө документтердин санын кыскартуунун эсебинен экологияга тийгизген терс таасирди басаңдатууга жетишкен.

**Негизги жетишкендиктер:**

**Санариптештирүүгө түрткү берүү:** Масштабдуу рефералдык кампания мобилдик тиркемеден активдүү колдонуучулар базасынын 192% өсүшүн камсыз кыла алды. Ушунун өзү күндөлүк эсептешүүлөрдүн калыпка салынган стандарты катары нак эмес төлөө инструменттеринин кеңири колдонулушуна өбөлгө түздү.

**Тил инклюзиясы:** Кыргыз, орус жана англис тилдеринен тышкары, кытай тилинде коштоо ишинин жөнгө салынышы менен мобилдик банкинг интерфейси тышкы экономикалык ишкердикке катышуучулардын жана чет өлкөлүк өнөктөштөрдүн тейлөө шартынан кеңири пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууда маанилүү кадамдан болду.

**Санариптик этика жана коопсуздук:** Антифрод-мониторинг системасынын модернизацияланышы жана аудентификациялоо жол-жоболорунун таасиринин күчөтүлүшү кардарлардын таламынын коргоого алынышына кепил болуу менен транзакциялардын көлөмүнүн өсүшү шартында алдамчылык бардуу операцияларына жол берүү ыктымалдыгы тобокелдигин алда канча кыскартууга мүмкүндүк берди.

**G2C (Government-to-Citizen) интеграциялануу мүмкүнчүлүктөн пайдалануунун инструменти катары**

Банк мамлекеттик тейлөө шарттарын түздөн-түз банктык платформага интеграциялоо аркылуу күн тартибиндеги санариптештирүү жагындагы улуттук маселелердин ишке ашырылышына жигердүү катышууда. 2025-жылы KICBнин мобилдик тиркемеси маанилүү социалдык кызмат көрсөтүүлөргө карата жеткиликтүү болгондой трансформацияланды.

**«Менин автом» коплекстүү тейлөө шарты:**

Отчеттук мезгил ичинде иштелип чыгып, колдонууга сунушталган бул мүмкүнчүлүк автоунаа ээлери үчүн алда канча алгылыктуу кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүн бириктире алды.

**Айыптык төлөмдөрдү текшерүү жана төлөө:** Маалыматтардын мамлекеттик базасына интеграциялануу кардарларга айкын убакыт ыргагында билдирмелерди алып, жол эрежесин бузууга жол берген шартта, алар үчүн төлөөлөрдү жүргүзүүгө мүмкүндүк берди.

**Санариптик камсыздандыруу:** Камсыздандыруу компанияларынын кеңселерине келип олтурбастан эле, онлайн иш ыргагында ОСАГО полистерин тариздетүү жана дароо узартуу мүмкүнчүлүгү сунушталды.

**«Carcheck» функционалы:** Транспорт каражаты тууралуу толук маалымат алуу мүмкүнчүлүгү да унааларды сатып алуу-сатуу рыногундагы иш жагдайынын ачык-айкындуулугун арттырып, кардарлардын таламын коргоого мүмкүндүк берди.

Интеграциялануунун бул мүмкүнчүлүгү Банктын кыргыз жарандары үчүн ыңгайлуу болгон санариптик чөйрөнү калыптандырууда мамлекеттин ишенимдүү өнөктөшү катары иш алып барып жаткандыгын тастыктоодо.

**Эл аралык эсептешүүлөр жана өнүгүү динамикасы**

Банк 2025-жылы өзүнүн банк-корреспонденттер боюнча глобалдуу түйүнүнүн чөйрөсүн кеңейтүүгө жетишип, Бириккен Араб Эмираттарынын ошол аймактагы эң ири финансылык институттарынын катарын толуктаган эки банкы менен түздөн-түз корреспонденттик мамилелерди жөнгө салууга жетишти.

**Бизнес үчүн:** Эсептешүүлөрдүн түздөн-түз каналынын жөнгө салынышы Бириккен Араб Эмираттарында эл аралык контракт боюнча дирхам менен төлөмдөрдү өткөрүү убактысын кыскартып, ортомчулардын комиссиялык төлөмүн минималдаштыра алды.

**Туруктуулук үчүн:** Инвестициялык бүтүмдөрдүн жана соодаҥы каржылоонун алкагында эсептешүүлөрдү оптималдаштыруу Банк кардарларынын тышкы экономикалык операциялары үчүн сыяктуу эле, Банктын өз операциялары үчүн да ишенимдүүлүктү жана ачык-айкындуулукту кыйла жогорулатуугап шарт түздү.



GRI 2-28, 201-4, 415-1

## Банктын тармактык демилгелерге катышуусу жана эксперттик ишмердүүлүгү

KICBнин мамлекеттик институттар, регулятор, эл аралык уюмдар менен өз ара тыгыз иш алып баруусу жана тышкы демилгелерге катышуусу ачык-айкындуулук, кесипкөйлүк негиздерге экспертиза жүргүзүү паритеттик өнөктөштүк принциптеринде жөнгө салынган. Банк башкаруунун эл аралык стандарттарына таянуу менен Кыргыз Республикасынын финансы секторунун инфратүзүмүн өнүктүрүүгө таасирдүү көмөктөшүүдө.

**Рынокту өнүктүрүүгө инфратүзүмдүк жана эксперттик колдоо көрсөтүү**

**Эл аралык стандарттарды колдонуу:** Банк IFC жана EBRD менен биргелешкен программалардын алкагында ESG тажрыйбасын андан ары жайылтууга өбөлгө түзүү аркылуу туруктуу каржылоо инструменттерин колдонууга сунуштап келет.

**Тышкы демилгелерге жана эксперттик иштерге, ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгууга катышуу:** Банктын өкүлдөрү банк ишине тиешелүү профилдик мыйзамдарды өркүндөтүү боюнча эксперттик жумушчу топтордун ишине туруктуу негизде катышып келет. Жүргүзүлүп жаткан экспертизалык иш Каржылоонун туруктуу (жашыл) улуттук таксономиясынын параметрлерин талкуулоону жана керектөөчүлөр укугун коргоо стандарттарын бекемдөө маселелерин кошо алганда, финансы рыногун жөнгө салуу механизмдерин иштеп чыгууга багытталат.

**Ишкердикти өнүктүрүү:** Банк аймактардагы стартаптар, экологиялык багыттагы долбоорлор жана чакан жана орто бизнес ишканалары (MSME) үчүн каржылоого жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу менен эл аралык демилгелер жана бизнес-акселераторлор менен өз ара аракеттенет.

## Мамлекеттик жардам жана саясый бейтараптык

- KICB отчеттук мезгил ичинде мамлекеттик финансылык жардам, бюджеттик субсидияларды, максаттуу мамлекеттик насыяларды (займ) алган эмес же преференциалдык салыктык иш ыргагынан колдонгон эмес.
- Банктын реалдуу секторду колдоо боюнча мамлекеттик экономикалык программаларга катышуусу рыноктук шарттарда жана өз ара коммерциялык натыйжалуулукка жетишүү принциптеринде гана ишке ашырылып келет.

**Саясый бейтараптык жана комплаенс-контроль**

- Саясый салымдар: Банкта саясый партиялардын шайлоо кампанияларынын, саясый кыймылдардын же алар менен байланыштуу жактардын пайдасына тике же кыйыр түрдө финансылык же финансылык эмес төлөмдөрдү жүргүзүүгө тыюу салган ички комплаенс-жол-жоболор иштелип чыккан жана так колдонулуп келет.
- Мамлекеттик органдар менен өз ара иш алып баруу: KICB лоббистикалык иш менен алектенбейт жана жөнгө салуучу чөйрөгө же мамлекеттик саясатка таасир этүү максатынан болгон уюмдарды да каржылоого албайт. Банктын бүтүндөй иши кесипкөйлүк бирикмелердин чегинде ачык эксперттик маалымат алмашуу жана илимий-практикалык кызматташуу менен чектелет.

## Уюмдарга жана ассоциацияларга катышуусу

KICB

- Американын Кыргыз Республикасындагы соода палатасы (AmCham Kyrgyz Republic)
- «Кыргыз банктар бирлиги» Юридикалык жактар бирикмеси (СБК)
- «АПКИ» кредиттик маалыматтарды колдонуучулар ассоциациясы (AUCI)
- «МДС» Эл аралык ишкер кеңеши (IBC)
- Эл аралык соода палатасы (ICC)
- Кыргыз Республикасынын Соода-өнөр жай палатасы

# Чакан жана орто бизнес жана корпоративдик бизнес: туруктуу экономикалык өсүш үчүн өнөктөштүк

GRI 203, 204; IFRS S1, S2; SDG 5, 8, 9, 13

KICB 2025-жылы өзүнүн Кыргызстандын экономикасынын реалдуу секторунун стратегиялык финансылык өнөктөшү ролун бекемдей алды. Чакан, орто жана корпоративдик бизнес сегментиндеги ишине биринчи кезекте көңүл бурулууга тийиш болгон улуттук маселелерди колдоого алууга, ишкердик жигердүүлүккө түрткү берүүгө жана Туруктуу өнүгүү максаттарына ылайык бизнестин экология-лык трансформацияланышуусуна көмөктөшүүнө багытталган.

**Экономикалык потенциалга жана аймактарды өнүктүрүүгө инвестициялар**

Банк чакан жана орто бизнести колдоого алууну социалдык туруктуулукка жана улуттук экономиканын бекемделишине фундаменталдуу салым катары карайт. Отчеттук мезгил ичинде KICB иш менен көбүрөөк камсыз кылууну жана импортту алмаштырууну камсыз кыла алган агрокайра ишщтеттүү жеңил өнөр жайы жана логистика сыяктуу тармактарды каржылоого басым жасаган.

**Иш менен камсыз кылуу шартын арттыруу:** Банктын кредиттик колдоосу ишкер кардарлардын өндүрүштүк кубаттуулуктарын кеңейтүүсүнө жана жумуш орундарын сактап калуусуна мүмкүндүк берүүгө багытталган, бул албетте, калктын кирешесинин өсүшүнө алып келет.

**Географиялык инклюзия:** Банк республика борборунун чегинен тышкары да ишкерлердин каржылоо шарттарынан пайдалануусуна артыкчылыктуу мүмкүнчүлүктү камсыз кылган. Ушунун өзү капиталды бейборлоштурууга жана өлкөнүн алыс жайгашкан райондорунда иш жигерин колдоого алууга түрткү берген.

**Инклюзия жана аял затынын лидерлиги:** Ишкер аял заты үчүн программаларды системалуу негизде өнүктүрүү, алардын инвестициялык ресурстардан пайдалануу мүмкүнчүлүгүн алда канча кеңейтип, улуттук гендердик саясатты ишке ашыруунун жана аял затынын экономикалык өз алдынчалыгын чыңдоонун маанилүү драйвери.

**«Жашыл» экономиканын өсүшү жана ресурстардын үнөмдүү пайдаланылышы**

KICB кардарларга ресурстарды үнөмдүү пайдалануу үчүн тиешелүү инструменттерди сунуштоо менен көмүр кычкылтеги аз колдонулган экономикага өтүүгө активдүү күч жумшоодо.

**Энергияга өтүүнү колдоо:** Банк эл аралык өнүгүү институттары менен өнөктөштүктө инфратүзүмдөрдү модернизациялоого жана калыбына келтирилүүчү энергия булактарын колдонууга киргизүүгө «жашыл» кредиттерди сунуштоо чөйрөсүн арттырууда. Бул, Кыргызстандын ишканаларына операциялык чыгымдарды азайтып, тышкы рыноктордо атаандашуу жөндөмдүүлүгүн арттыруусуна мүмкүндүк берүүдө.

**Процесстерди санариптештирүү:** Кагазсыз технологияларды кеңири колдонууга киргизүү жана аралыктан тейлөө каналдарын жөнгө салуу кредиттөө ишинде операциялардын экологияга келтирип жаткан зыяндуулугун минималдаштыруу менен капиталга ээ болуу мүмкүнчүлүгүн алда канча тездетти.

**Жоопкерчиликтүүлүк менен өнөктөштүк жана башкаруу стандарттары**

Жогорку сапатта экспертиза жүргүзүү жана эл аралык стандарттарды колдонууга өтүү Банк үчүн сыяктуу эле, анын өнөктөштөрү үчүн да узак мөөнөткө каралган туруктуу ишти камсыздап келет.

**Этикалык каржылоо:** EBRD жана IFCнин (Дүйнөлүк Банктын тобунун) усулдук негиздерин колдонуу жагындагы көп жылдык тажрыйбанын негизинде KICB кароого сунушталган долбоорлордон улам келип чыгышы мүмкүн болгон экологиялык жана социалдык тобокелдиктерге баа берип, капиталдын жоопкерчиликтүүлүк менен бөлүштүрүлүшүн камсыз кылууда.

**Ички экспертиза жүргүзүүнү өнүктүрүү:** ESG жагында профилдик окутуудан Банктын чакан жана орто бизнес менен иш алып барган кредиттик бөлүмдөрүнүн штаттык тизимине кирген бардык кызматкерлери өтүшкөн, бул дүйнөлүк эң мыкты тажрыйбаларды колдонууга киргизүүдө кардарларга консультациялык кеп-кеңеш берүүгө шарт түзгөн.

**2026-жылы андан ары өнүгүүгө тийиш болгон негизги векторлор:**

- ✓ Аймактарды өнүктүрүү: Аймактарда бизнести кредиттөө үлүшүн арттыруу.
- ✓ Иш менен камсыз кылууну колдоо: Жумуш орундарын сактап калуу жана жаңыларын түзүү максатында өнөр-жай секторлорун кеңири каржылоого алуу.
- ✓ «Жашыл» экономика: Энергияны үнөмдөөчү долбоорлорду каржылоо көлөмүн арттыруу.

Өнүгүүнүн орто мөөнөттүк приоритеттери:

1. Аял затынын ишкердиги: Банктын бардык аймактардагы операциялык иш багытында адистештирилген финансылык инструменттерди сапаттуу кеңейтүү.
2. ESGти коштоо: Туруктуу өнүгүү принциптерин кардарлардын бизнес моделдерине таасирдүү интеграциялоо үчүн консалтинг тажрыйбасын өнүктүрүү.
3. Туруктуу өнөктөштүктү бекемдөө: Насыя алуучулардын ресурстарды натыйжалуу пайдалануусуна өбөлгө түзүү жана рыноктун актуалдуу экологиялык жана социалдык талаптарына ылайык келишин камсыз кылуу максатында, алар менен узак мөөнөт өз ара иш алып баруу ыкмаларын өркүндөтүү.

# Микрокредиттөө: инклюзиянын стратегиялык инструменттери жана санариптик трансформациялануу

GRI GRI 203, 204; IFRS S1/S2; SDG 1, 5, 7, 8

KICBнин 2025-жылдагы иши микрокредиттөөнү өнүктүрүү, финансылык инклюзия жана аймактардын экономикалык жигерин колдоого алуу стратегиясын ишке ашырууга багытталган. Банктын бул сегменттеги иши географиялык тоскоолдуктарды четтетүүгө, жаштардын жана ишкер аял затынын капиталдан пайдалануу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүүгө, ошондой эле энергияны үнөмдөөнү көздөгөн каржылоо инструменттерин кеңири колдонууга багытталган.

**Каржылоодон пайдалануу мүмкүнчүлүгү жана аймактык инклюзия**

Шаар менен айыл аймагынын ортосундагы «санариптик ажырымды» четтетүү отчеттук мезгил ичинде негизги көңүл бурулган маселеден болгон. ИТ-платформаларды модернизациялоо аркылуу Банк бийик тоолуу райондордун жана айыл жеринин калкын аралыктан туруп тейлөөгө алууну жана кредиттерден пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кыла алган.

**Автоматташтыруу натыйжалары:** Так түшүнүүгө мүмкүн болгон интерфейстерди сунуштоо жана кредиттик конвейрлерди оптималдаштыруу кредит алууга келип түшкөн майда билдирмелерди иштеп чыгуунун орто мөөнөтүн 5-10 мүнөткө чейин кыскартууга шарт түздү. Аралыктан туруп өз ара иш алып баруу форматы насыя алуучулардын убакыт жана транспорттук чыгымдарын алда канча кыскартып, Банктын филиалдарынын алыс/жакын экендигине карабастан, алардын финансылык ресурстардан бирдей четке пайдалануусуна өбөлгө түздү.

**Экологиялык эффект:** Санариптик тейлөөгө өтүү жана ичте документтердин жүргүртүлүшүн оптималдаштыруу («жашыл кеңсе») кагаз жүзүндөгү документтердин көлөмүн алда канча кыскартып, бөлүмдөрдүн тикелей экономикалык зыянга учуроосун минималдаштыра алды.

**Жаңы сегменттерди колдоо жана гендердик теңчилик**

Банк ишенимдүү күрөөлүк камсыздоого ээ болбогон кардарлар категориясы үчүн капиталдан пайдалануу мүмкүнчүлүгүн ырааттуу кеңейтип келет. 2025-жылы күрөөсүз кредиттөөгө лимиттер кайрадан каралып, аймактарда микробизнести өнүктүрүүнүн драйвери болду.

**Жаштар демилгелери:** Студент-стартаперлер үчүн жеңилдетилген шартта кредиттик продукттарды сунуштоо, Банктын эксперттеринен кошумча менторлук программаларды караштыруу иши улантылды. Жаштардын кесипкөйлүгүнүн өсүшүнө дем берүү максатында микрокредиттөө бөлүмдөрүндө төлөө шартында тажрыйбалык такшалуудан өтүү программалары да иштелип чыккан, бул профилдик жетекчилердин, насаатчылардын кураторлугу алдында жаңы кадрларды ишке тартуунун бекем пайдубалын түптөйт.

**Аял затынын ишкердиги:** Банк социалдык жоопкерчиликтүүлүктү бекем сактоонун алкагында ишкер аял заты үчүн пайыздык чендерди субсидиялоо боюнча адистештирилген программалардын долбоорун иштеп чыгууга киришти. Бул демилге аял затынын экономикалык жигердүүлүгүн арттырууга жана аймактар боюнча финансылык көз карандысыздыгын чыңдоо максатын көздөйт.

**Жоопкерчиликтүүлүк менен каржылоо жана башкаруу экспертизасы**

Туруктуу өнүгүү принциптери (ESG) чечим кабыл алуунун жана орун алган тобокелдиктерди таасирдүү тескөөгө алуунун күндөлүк процесстерине да интеграцияланган.

**Компетенциялар:** Менеджменттин кесипкөйлүк деңгээли окутуу стандарттары менен тастыкталган: отчеттук жылы ESG багыты боюнча профилдик окутуудан Микрокредиттөө башкармалыгынын штаттык тизимге кирген бардык жетекчилери өтүшкөн.

**«Жашыл» портфель:** Банк KYRSEFF программасы менен өнөктөштүктө үй чарбалары үчүн энергияны үнөмдөөчү технологияларды масштабдуу каржылоо ишин жөнгө салган. Бул, кардарлар тарабынан ресурстарды керектөөнү азайтууга жана курчап турган чөйрөгө кыйыр таасирлерди минималдаштырууга түрткү берген.

**Этика жана социалдык колдоо:** Отчеттук мезгил ичинде убактылуу финансылык кыйынчылыктарга дуушар болгон кардарлар үчүн айыптык төлөмдөрдү жана туумдарды алып салуу жагында мүмкүнчүлүктөрдү караштыруу кампаниясы жүргүзүлгөн. Бул 100дөн ашуун кардарларга төлөө графигин калыбына келтирип, алгылыктуу кредиттик таржымалын сактап калууга мүмкүндүк берген. Мындан тышкары Банк, сектордун ишинин ачык-айкындуулугун жогорулатуу үчүн Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик укуктук базасын өркүндөтүү ишине эксперттик катышуу ишин улантккан.

**2026-жылга каралган пландар:**

Айыл жеринде микрокредиттөө портфелинин түзүмүндө «санариптик» микрокредиттердин үлүшүн 30% чейин жогорулатуу максатына жетишүү.

Банктын бардык аймактардагы операциялык ишинде аял затынын ишкердигин субсидиялык каржылоо программасын толук масштабдуу жөнгө салуу.

Процесстерди оптималдаштыруу жана операциялык тобокелдиктерди алда канча басаңдатуу үчүн микросегментте кредиттик таржымалдарды электрондук түрдө сактоого өтүү.

| Микрокредиттөө портфелининин натыйжалуулугунун маанилүү көрсөткүчтөрү | 2025 |
|---|---|
| Айыл жеринин жашоочуларына берилген кредиттердин үлүшү | 61% |
| Жаштарды каржылоо көлөмү | 68% |

# Аял затынын ишкердигин колдоого алуу жана өнүктүрүү

GRI 203-2, 405-1; IFRS S1; SDG 5, 8, 10

KICB банктын операциялык иш багыты жөнгө салынган бардык аймактарда лидер аялдардын ишкердик компетенциясын андан ары өнүктүрүү жана алардын финансылык ресурстардан пайдалануу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүүгө басым жасоо менен аял затынын ишкердигин колдоо боюнча системалуу ишти улантууда.

### Программалык иш жана кредиттик инструменттер

KICB 2021-жылдан бери атайын каралган шарттарда максатуу каржылоону сунуштоо аркылуу EBRDнин Бор-бордук Азияда ишке ашырылып жаткан «Аял заты бизнесте» программасына жигердүү катышып келет. Отчеттук мезгил ичинде Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жана EBRD тарабынан демилгеленген аял ишкерлерди каржлоо Кодексине (WE Finance Code) кол коюлушу маанилүү кадамдан болгон, бул инклюзивдик финансылык институт катары KICBнин статусун бекемдеген.

Ал эми «КИКБнын Мыкты Айымы» флагмандук кредиттик продукту рынокто туруктуу суроо-талапка ээ болуп жат-кандыгы тастыкталууда. Отчеттук мезгил ичинде адистеш-тирилген бул портфелдин көлөмү ишенимдүү өсүшүн: 2024-жылдын акырына карата 288,3 млн сомдон 2025-жылдагы 463,0 млн сомго чейинки ишенимдүү өсүшүн тастыктай алды. Ушунун өзү чакан жана орто бизнес боюнча жалпы кредит портфелинин курамында аял затынын бизнесинин үлүшү план ченемдүү көбөйүп жаткандыгынын далили.

### Билим берүү жана метордук демилгелер

KICB үчүн аял затынын ишкердигин каражат жагынан колдоого алуу кардарлардын башкарууучулук компетен-циясынын артып жаткандыгы менен тыгыз байланыштуу. Банк профилдик программаны ишке ашырууну баштаган учурдан тартып 400дөн ашуун катышуучуну камтыган 17 бизнес-тренинг өткөргөн.

Отчеттук мезгил ичинде билим берүү жана менторлук долбоорлор төмөнкүдөй негизги багыттар боюнча топтоштурулган:

**Аймактарда жүргүзүлгөн агартуу иштери:** Өлкөнүн Нарын, Ысык-Көл жана Жалал-Абад областтарында 53 ишкер аял заты үчүн Кыргыз Республикасынын салык мыйзамдарынын жоболору боюнча адистештирилген семинарлар өткөрүлгөн.

**Насаатчылыкты өнүктүрүү:** Банк EBRDнин Менторлук программасынын IV сезонунун өнөктөшү катары иш алып барып, анын катышуучуларына бизнес моделдерди жаңы рыноктоук шарттарга ыңгайлаштыруу жагында колдоо көрсөткөн.

**Инкубациялык колдоо:** KICBнин өкүлдөрү Women Cup (Accelerate Prosperity) инкубацитялык программанын инвестициялык-консультативдик кмитетинин курамына киорип, аял затынын келечекти көздөгөн стартаптарын тандоо жана аларды акселерациялоо жагына көмөктөшкөн.

**Эл аралык деңгээлде таанылуу жана миссияны верификациялоо**

KICB 2025-жылы EBRDнин «Аял заты бизнесте» глобалдуу программасынын чегинде Best First Mover эл аралык эл аралык абройлуу сыйлыгына татыктуу болгон. Албетте бул жетишкендик/статус гендердик маселелерди чечүүгө багыт алган демилгелерди ишке ашырууда экспертиза жүргүзүү борбору катары Банктын иш алып баргандыгын жана рынокто алгачкыдан болуп инновациялык финансылык чечимдерди колдонууга киргизүүгө даярдыгын далилдейт. Алган сыйлык KICBнин аял затынын экономикадагы ролун күчөтүү жана аймактарда белгиленип жаткан өсүштү колдоого алуу жагында ESG-стратегиясынын ийгиликтүүлүгүнүн көз карандысыз верификациясынан болуп саналат.

Эл аралык өнүгүү институттары тарабынан KICBге мындай жогорку баанын берилиши анык экспертиза жүргүзүү жагындагы негизги борбор статусун да бекемдейт. Банк орто мөөнөтке каралган өнүгүү приоритеттиринин алкагында аял затынын бизнесин колдоого алуунун кеңири масштабдуу жөнгө салынган экосистемасына айыркча көңүл бурат:

**Комптенецияларды масштабын кеңейтүү:** Банк операциялк ишин жүргүзгөн аймактарда окутуу программасынын чөйрөсүн кеңейтүү жана мезгил-мезгили менегн профилдик тренингдерди өткөрүү.

**Институционалдык өнөктөштүктү өнүктүрүү:** Эл аралык өнүгүү прституттары жана алдынкы профилдик уюмдар менен ишкер аял затынын тиешелүү билим деңгээлине жана капиталга ээ болуусу үчүн ар тараптан көмөктөшүү максатында стратегиялык өз ара иш алып баруу шартын тереңдетүү.



## KICBнин иш тажрыйбасы

GRI 203; IFRS S1; ЦУР 5, 8, 12, 17

### МАДАНИЙ МУРАСТАРДЫ САКТАП КАЛУУГА ЖАНА АЙЛАНМА ЦИКЛ ЭКОНОМИКАСЫН ӨНҮКТҮРҮҮГӨ ИНВЕСТИЦИЯЛАР *

KICB кароого алынып жаткан мезгил ичинде EBRD менен биргеликте «Тумар Арт Групп» ЖЧКсынын – кийизден буюм жасап чыгаруучу алдынкы улуттук өндүрүүчүнүн кубаттуулугун кеңейтүүнү кошо алганда, каржылоо боюнча олуттуу долбоорду ишке ашырган. Өнөктөштүк локалдык экспертиза жүргүзүү менен эл аралык капиталдын шайкеш айкалышын (синергиясын) тастыктай алган.

**Максаттуу багыт жана масштабдуулук:** Салтуу экопродукцияларга улам барган сайын күчөп жаткан талапты канааттандыруу үчүн атайы түзүлгөн цехтерди модернизациялоого багытталган инвестиция. Өндүрүштүк кубаттуулуктарды 30% көбөйтүү экологиялык коопсуздук стандарттарына таянуу/аларды эске алуу менен ишке ашырылган.

**Глобалдуу иш алып баруу:** 2003-жылы негизделген үй бүлөлүк ишкана эл аралык брендке ийгиликтүү трансформациялана алган. «Тумардын» продукциялары Кыргыз Республикасынын атынан дүйнөлүк жарманкелерге сунушталып, экологиялык товарлар рыногунда өлкөнүн бул багыттагы иш өнүтүн бекемдөө менен экспортко жигердүү жөнөтүлүүдө.

**Айланма цикл модели:** Аталган долбоор айланма цикл экономикасы концепциясынын эталону болуп саналат. Накта кийиз абаны жакшы өткөрүп, жылуулукту кармап, ыңгайлуулукту камсыз кылат. Калдыксыз өндүрүштүн жөнгө салынышы мына ушул бизнес-моделдин өзгөчөлүгү. Кийиздин калган кесиндиолери/үзүктөрү курулуш тосмолору үчүн материалга айландырылып, ички жасалгалоо (интерьер) үчүн колдонулуп, иш процессинин экологиялык тазалыгын колдоого алат.

### Социалдык таасир жана мурастарды сактап калуу

Бул багытты финансылык колдоого алуу өзүндө терең социалдык контекстти камтыйт жана ал аймактардын экономикалык өсүшүнө, гендердик теңчиликтин так сакталышына түрткү берет.

**Эмгек рыногун өнүктүрүү:** Долбоорду өздөштүрүү компаниянын штаттык тизимин 50% көбөйтүүгө багытталып, жергиликтүү адистер, чеберлер жана кол өнөрчүлөр үчүн 60 жаңы жумуш ордун түзүүнү караштырган.

**Аял затынын лидерлиги жана өз алдынчалыгы:** Олуттуу бөлүгүн чебер аял заты түзгөн эмгек жамаатынан турган ишкананы колдоого алуу энелердин финансылык көз карандысыздыгын камсыз кылып, кирешелерин арттырып, алардын кесипкөйлүк көндүмдөрүн ири шаарлардан тышкары да өнүктүрүүгө түрткү берет.

**Маданий коддун сакталышы:** Бүтүндөй өлкө боюнча кол өнөрчүлөрдүн биригүүсүнө шарт түзүү менен аталган долбоор алардын маркетингдик жана дизайнердик компетенциясын бекемдейт. Банктын бул багытта жүргүзүп жаткан иши Кыргызстандын уникалдуу маданий жана тарыхий мурасын болочок муун үчүн баштапкы калыбында сактап калууга өбөлгө түзөт.

Мына ушундай уникалдуу демилгелерди колдоого алуу KICBге жогорку социалдык жоопкерчиликтүүлүк стандарттары менен коммерциялык натыйжалуулукту айкалышта камтыган туруктуу кредит портфелин топтоого мүмкүндүк берет.




* Айланма цикл экономикасы – бул, жаратылыш ресурстарын сарамжалдуу пайдаланууга (кыскартууга) жана материалдарды кыйла узак мөөнөт аралыгында колдонууга өтүү аркылуу, калдыктарды жана айлана-чөйрөгө келтирлип жаткан кесепеттерди кыскартууга багытталган экономикалык система

# Туруктуу жеткирүү чынжырчасын башкаруу жана жоопкерчиликтүү сатып алуулар

GRI 2-6, GRI 204, GRI 308, GRI 414

## Туруктуу жеткирүү чынжырчасын башкаруу

KICB туруктуу жеткирүү чынжырчасын башкаруу жаатындагы ишти операциялык иш натыйжалуулугу жана корпоративдик жоопкерчиликтүүлүк элементи катары карайт. Банктын сатып алуулар жагындагы иши рынок катышуучулары үчүн бирдей шарттарды камсыз кылуу жана финансы институтунун ресурустарын үнөмдүү пайдаланууну камсыз кылуу аркылуу ачык-айкындуулук, атаандашууга жөндөмдүүлүк жана объективдүүлүк принциптерине таянуу менен ишке ашырылат.

## Сунуштоочулар менен өз ара иш алып баруу принциби

Банк акыйкаттуулукка негизденген жана өз ара пайда көрүү шартында узак мөөнөттүү өнөктөштүк мамилени жөнгө салууга жетишкен. Контрагенттер тарабынан Кыргыз Республикасынын мыйзам талаптарынын жана Банктын этикалык нормаларынын так сакталышы мына ушундай тартипте кызматташуунун ажырагыс бир шарты болуп саналат. KICB коррупциялык иш-аракеттерге же укукка жатпаган аракеттерге тартылган сунуштоочулар менен өз ара иш алып барууну бир тараптуу негизде токтотуу укугун өзүндө сактап келет жана ушунун өзү аброй жана комплаенс тобокелдиктерин басаңдатуунун таасирдүү инструменти болуп саналат.

2025-жылы жүргүзүлгөн мониторингдин жыйынтыгы боюнча, колдо болгон маалыматтардын негизинде, Банктын жеткирүү чынжырчасындагы негизги контрагенттердин арасында мыйзам талаптарын бузуулар, ошондой эле эмгек укугу, адам укуктары же экологиялык стандарттар чөйрөсүндөгү бузуулар катталган эмес.

## Сатып алуу ишинин механизмдери

Банк жогорку деңгээлде ачык-айкын иш алып барууну камсыз кылуу максатында сатып алууларга тиешелүү кулактандырууларды жайгаштыруу үчүн бул багытка адистешкен платформаларды колдонот (портал tenders.kg жана kicb.net расмий сайты). Бул процесс сатылып алынып жаткан товарлар же кызмат көрсөтүүлөрдүн масштабына жана чөйрөсүнө жооп берген ыкмалардын дифференциацияланган системасы аркылуу уюштурулган:

- Тендердик жол-жоболор: ири жана стратегиялык маанилүү сатып алуулар үчүн ачык жана эки баскычтуу тендерлер.
- Котировкаларды талап кылуу: оптималдуу рыноктук сунуштарды оперативдүү негизде тандап алуу үчүн.
- Чекене жана бир булактан сатып алуулар: бизнес процесстеринин үзгүлтүксүздүгүн камсыз кылуу үчүн Банктын ички саясаттары аркылуу жөнгө салынган учурларда колдонулат.

Улуттук экономиканы колдоо

Банк жергиликтүү компаниялар менен артыкчылыктуу негизде өз ара иш алып баруунун ырааттуу стратегиясын жүргүзүп келет. Ушунун өзү Банк операциялык ишин жөнгө салган аймактардын экономикасын чыңдоого жана жаңы жумуш орундарын түзүүнү шарттайт.


Төмөндө белгиленген көрсөткүчтөр Банктын өлкөнүн экономикалык экосистемасына жигердүү тартылышын жана жоопкерчиликтүүлүк менен сатып алуулар принцибин так сактап жаткандыгынын далили. Локалдаштыруунун жогорку үлүшү (97%) Банкка жергиликтүү өндүрүүчүлөрдү колдоого алууну гана эмес, логистикалык тобокелдиктерди басаңдатууга, ошондой эле товарларды ташып жеткирүүдө абанын булганышын кыскартууга мүмкүндүк берет.

2026-жылга карата стратегиялык иш багыттар

Банктын учурда жөнгө салынган сатып алуулар системасында товар сунуштоочуларды этикалык жана жөнгө салуучу нормаларга жараша текшерүүдөн өткөрүү механизмдери камтылган. KICB 2026-жылы мына ошол процесстерди андан ары өркүндөтүүгө, контрагенттердин иш багытынын экологиялык жана социалдык аспектилерине баа берүү притерийлерин этап боюнча колдонууга киргизүүгө айрыкча көңүл бурууну пландаштырууда. Бул, Банкка ачык айкын иш алып баруунун жогорку стандарттарын сактоого, өз өнөктөштөрүнүн арасында туруктуу өнүгүү принциптерин кеңири жайылтууга түрткү берет.

## Жергиликтүү сунуштоочулардан сатып алуулар үлүшү

Биз жергиликтүү бизнести колдоого алып, өлкө экономикасынын өнүгүүсүнө өбөлгө түзөбүз




Жергиликтүү сунуштоочулардан сатып алуу үлүшү,%

**97%**
2025-жылы жергиликтүү өндүрүүчүлөрдөн сатып алуулар үлүшү

Жергиликтүү өндүрүүчүлөрдөн сатып алуулар үлүшүнүн 2024-жылдагы 90%дан 2025-жылдагы 97% чейин өсүшү




Банктын Директорлор кеңешинин төрагасынын кайрылуусу

Банк Башкармасынын төрагасынын кайрылуусу

1. Отчет тууралуу

2. Туруктуу өнүгүү жана ESG

3. Банктын БУУнун туруктуу өнүгүү максаттарына жетишүүгө кошкон салымы

4. Корпоративдик башкаруу

5. Бизнести жүргүзүү жоопкерчилиги

6. Социалдык жоопкерчилик

6.1. Персонал менен өз ара иш алып баруу

6.2. Персонал менен иш алып баруу

6.3. Жакшы иштөөгө өбөлгө түзүү (мотивациялоо) жана сыйакы белгилөө системасы

6.4. Персоналды окутуу

6.5. HR-брендди өнүктүрүү жана корпоративдик маданият

6.6. Социалдык өнүгүүгө салым жана кайрымдуулук

7. Экологиялык жоопкерчилик

Тиркемелер

# Персонал менен иш алып баруу

GRI 2-7, 2-8, 2-23, 2-29, 2-30, 3-3, 201-3, 401-1, 401-2, 401-3, 402-1, 403-1, 403-2, 403-3, 403-4, 403-5, 403-6, 403-8, 403-9, 404-1, 404-2, 404-3, 405-1, 405-2, 406-1

Негизги көрсөткүчтөр

| | |
|---|---|
| ↑ 1371 | Кызматкерлердин жалпы саны |
| ↑ 4,74% | Персоналдын санынын өсүшү |
| ↓ 8% | Кадр алмашуунун кыскарышы |
| 63% | Штаттык тизимде аял затынын үлүшү |
| ~200 | Аял затын колдоого алуу (баланы багуу боюнча төлөнүп берилген өргүүлөрдү берүү) |

**Персоналды тескөөгө алуу жана алар менен өз ара иш алып баруу шартын жөнгө салган негизги ченемдик документтер**

- «KICB» ЖАКтын Этика кодекси
- «KICB» ЖАКтын Кадр саясаты
- «KICB» ЖАКка ишке кабыл алуу, кызматкерлерди жаңы иш ордуна ыңгайлашуусуна өбөлгө түзүү жана иштен бошотуу жөнүндө» жобо
- «KICB» ЖАКтын кызматкерлерин ротациялоо жөнүндө» жобо
- «KICB ЖАКтын кызматкерлеринин эмгегине төлөөлө жана материалдык жактан колдоо көрсөтүү жөнүндө» жобо
- «KICB» ЖАКтын кызматкерлеринин эмгек акысы жана башка төлөөлөр тууралуу» жобо
- «KICB» ЖАКтын иш натыйжалуулугунун негизги көрсөткүчтөрү системасы жөнүндө» жобо
- «KICB» ЖАКта окутуу процессин уюштуруу жөнүндө» жобо

**Персонал менен иш алып баруу ыкмасы**

Банк адам капиталын узак мөөнөттүү өсүштө негизги ресурс катары карайт. Банк үчүн ар бир кызматкер өзүнче баалуулук. Адам укугун урматтоо жана алар үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүү – бизнес жүргүзүүнүн негиз түптөгөн принциби. Банк ар бир кызматкер жынысына, жаш курагына, жашаган аймагына, үй-бүлөлүк абалына же башка жагдайларга карабастан, өзүн баалуулук катары сезип, коргоого алынып, кесипкөйлүгүн айкын көрсөтө алгандай бирдей мүмкүнчүлүккө ээ болушу максатын көздөө менен иш алып барат.

Банк, Кыргыз Республикасынын финансы секторунда ири жумуш берүүчүнүн бири болуп саналат жана бул багытта туруктуу өсүшкө ээ. Ар жылдык өсүш улам жогорулоодо : +34 адам (2023→2024), +62 адам (2024→2025), бул алгылыктуу жагдай HR-процесстерди план ченемдүү өнүктүрүүгө өбөлгө түзүүдө. Персоналдын туруктуу иштеп калышына шарт түзүү, кадр резервин өнүктүрүү жана Банктын стратегиялык иш максаттарына жетишүүгө багытталган башкаруучулук түзүмдү оптималдаштыруу, биринчи кезекте көңүл бурлуучу маселе болуп саналат.




GRI 2-7, 2-8, 405-1

### Персоналдын түзүмү жана иш менен камсыз кылуу

Отчеттук мезгил ичинде Банктын штаттык тизими туруктуу өсүштү тастыктоо менен 2023-жылдагы 1 275 адамдан 2025-жылдын акырына карата 1 371 адамга чейин көбөйгөн.

**Персоналдын жалпы саны**

**↑ 1 371**
**↑ 4,74%**
2025




**↑ 1309**
2024

**1275**
2023

### Кадрлардын алмашуусу

Банк персоналдын жалпы алмашуу жагдайын 2,4 пайыздык пунтка — 29,8%дан 27,5%га чейин кыскартууга жетишкен. Камтуу коэффициенти:

2025-жылы иштен бошоп кеткен 365 кызматкердин ордуна 417 жаңы кызматкер кабыл алынган (коэффициент 1,14).

### Гендердик баланс

Банк, алар финансы секторунда кесипкөйлүгүн айкын далилдей алышы үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүү аркылуу эмгек жамаатында аял затынын үлүшүн жогорку деңгээлде (63-64%) сактап калуу жагында жигердүү иш алып барууда.

**Персоналдын гендердик түзүмү**

| Жылдар | Эр адамдар (%) | Аял заты (%) | Эр адамдар (адам) | Аял заты (адам) |
|---|---|---|---|---|
| 2023 | 36% | 64% | 455 | 820 |
| 2024 | 37% | 63% | 480 | 829 |
| 2025 | 37% | 63% | 505 | 866 |

### Жаш курагы боюнча гендердик ажырым

Банктын эмгек жамааты жаш курагы боюнча балансташкан мүнөзгө ээ. Кызматкерлердин олуттуу үлүшүн жашы 30га жете электер (43%) түзөт, ал эми бул жигердүү жаштар менен иш алып баруу системасынын жөнгө салынгандыгын жана жаш адистер үчүн алгылыктуу эмгек шартын түзө алган жумуш берүүчүнүн статусун тастыктайт.

**Персоналдын жаш курагы боюнча түзүмү**

| Жынысы | Жаш курагы / % | 2023 | 2024 | 2025 | % 2025 |
|---|---|---|---|---|---|
| Эр адамдар | <30 жаш 43% | 163 | 155 | 196 | 33% |
| Аял заты | | 402 | 347 | 392 | 67% |
| Эр адамдар | 30-50 жаш 51% | 247 | 266 | 260 | 38% |
| Аял заты | | 380 | 430 | 434 | 62% |
| Эр адамдар | >50 жаш 6% | 44 | 59 | 44 | 49% |
| Аял заты | | 39 | 52 | 45 | 51% |

GRI 2-7, 2-8, 405-1

### Башкаруу түзүмү жана кадр резерви

Банктын уюштуруу түзүмү өзүндө Банк Башкармасын, жетекчи кызматкерлерди, филиалдардын, түзүмдөрдүн жетекчилерин жана адистерди камтыйт. Иштин мына ушундай жөнгө салынышы таасирдүү коммуникацияны жана жоопкерчиликти так бөлүштүрүүнү камсыз кылат.

**Персоналдын кызмат орду боюнча түзүмү**

| Кызматы орду | 2023 | 2024 | 2025 | Өзгөрүү 2024→2025 |
|---|---|---|---|---|
| Банктын жетекчилиги | 11 | 10 | 10 | ▼ -1 |
| Жетекчилер | 63 | 72 | 76 | ▲ +4 |
| Түзүмдүк бөлүмдөрдүн жетекчилер | 145 | 193 | 212 | ▲ +19 |
| Кызматкерлер | 1056 | 1034 | 1073 | ▲ +29 |
| Бардыгы болуп, кызматкерлер. | 1275 | 1309 | 1371 | |

**Жетекчиликтин кызмат орду, жынысы жана даш курагы боюнча түзүмү**

| Банк жетекчилиги | 2023 | 2024 | 2025 |
|---|---|---|---|
| 30-50 жаш | | | |
| Эр адамдар | 5 (71%) | 4 (67%) | 3 (60%) |
| Аял заты | 2 (29%) | 2 (33%) | 2 (40%) |
| <50 жаш | | | |
| Эр адамдар | 3 (75%) | 3 (75%) | 4 (80%) |
| Аял заты | 1 (25%) | 1 (25%) | 1 (20%) |

Түзүмдүк бөлүмдөрдүн 30дан 50 жашка чейинки курактагы жетекчилери Банктын башкаруучулар потенциалынын пайдубалын түптөө менен эң эле арымдуу өсүшкө ээ болгон категориясын (эки жыл аралыгында +58 адам) чагылдырат.

Кызмат орундары боюнча түзүмгө жүргүзүлгөн талдап-иликтөөлөр ээлеген кызматына жараша гендердик бөлүштүрүүдөн түздөн-түз көз карандылыкты далилдеөдө. Мында түзүмдүк бөлүмдөрдүн жетекечилери жана адистер арасында аял затынын басымдуу экендиги (65%) катталган. Баштапкы жана орто башкаруучу позицияларда аял затынын жогорку үлүштө экендиги, жетекчиликтин жогорку деңгээлинде гендердик теңчиликти андан ары сактап калуу үчүн негиз түптөйт.

**Персоналдын кызмат орду, жынысы жана жаш курагы боюнча түзүмү**


| Жетекчилер | 2023 | 2024 | 2025 |
|---|---|---|---|
| <30 жаш | | | |
| Эр адамдар | 0 | 1 (50%) | 1 (50%) |
| Аял заты | 1 (100%) | 1 (50%) | 1 (50%) |
| 30-50 жаш | | | |
| Эр адамдар | 32 (54%) | 37 (57%) | 37 (57%) |
| Аял заты | 27 (46%) | 28 (43%) | 28 (43%) |
| <50 жаш | | | |
| Эр адамдар | 1 (33%) | 2 (40%) | 5 (56%) |
| Аял заты | 2 (67%) | 3 (60%) | 4 (44%) |

| Түзүмдүк жетекчилер | 2023 | 2024 | 2025 |
|---|---|---|---|
| <30 жаш | | | |
| Эр адамдар | 10 (32%) | 11 (32%) | 10 (36%) |
| Аял заты | 21 (68%) | 23 (68%) | 18 (64%) |
| 30-50 жаш | | | |
| Эр адамдар | 38 (35%) | 57 (39%) | 59 (35%) |
| Аял заты | 71 (65%) | 90 (61%) | 108 (65%) |
| <50 жаш | | | |
| Эр адамдар | 4 (80%) | 4 (33%) | 6 (35%) |
| Аял заты | 1 (20%) | 8 (67%) | 11 (65%) |

GRI 2-7, 2-8, 405-1

### Аймактарда иш алып баруу

Банк Кыргыз Республикасынын бардык аймактарында иш алып барат. Кызматкерлердин эң көп саны Бишкек шаарында катталган (2025-жылы 818 адам). Банк аймактык филиалдарды өнүктүрүүгө жана кызматкерлердин иштеген жерине карабастан, алар үчүн бирдей эмгек шартын камсыз кылууга өзгөчө көңүл бурат.



GRI 2-30, GRI 401, GRI 405-2

**Жакшы иштөөгө өбөлгө түзүү (мотивациялоо) жана сыйакы белгилөө системасы**

Банк жакшы иштөөгө өбөлгө түзүү (мотивациялоо) системасын сыйакыларды адилет белгилөөнү, кесипкөй адистерди иштетип калтыруу жана сиратегиялык максаттардын аткарылышына жетишүүнүн өзөктүү инструменти катары карайт. Бул система ар бир кызматкердин жалпы иш натыйжасына кошкон салымына ачык-айкын баа берип, адилет төлөөнү камсыз кылууга багытталган. Персоналдын Банк менен узак убакыт боюнча кызматташып иштөөсү кошумча материалдык жана материалдык эмес колдоо үчүн негиз болуп саналат.

Банктын мотивациялоо принциптери

- Адилеттүүлүк - кызматкерлердин жаш курагына, жынысына же кайсыл аймактан экендигине карабастан, алардын эмгегин татыктуу баалап, бирдей төлөө
- Ачык-айкындуулук – ар бир кызматкерге айкын түшүнүктүү болгон эмгекке төлөөнүн өзгөрүлмөлүү бөлүгүн чегерүүнүн так критерийи
- Натыйжалуулук – иштин сапатына, комплаенске жана кардарга багыттуулукка байланыштуу KPIге жетишүүнү колдоо
- Туруктуулук - кызматкердин кесипкөйлүгүнүн кыска мөөнөттүү бонусу менен узак мөөнөттүү өнүгүүсүнүн ортосундагы тең салмактуулук (баланс)
- Таануу – Банк ишинде жетишкендиги жана жан дилден берилип иштегендиги үчүн ар айылык, ар жылдык жана юбилейлик сыйлыктар
- Лоялдуулук – Банкта 5, 10, 15, 20, 25 жыл иштеген кызматкерлерге колдоо көрсөтүү

Банк 2024-жылдан тартып бардык кызмат орундары үчүн эмгекке төлөөнүн өзгөрүлмөлүү бөлүгүн караштырган. Бул негизги натыйжалуулук көрсөткүчүн камсыз кыла алган кызматкерлердин эмгегин татыктуу баалоого мүмкүндүк берет.
Эмгекке төлөө фондусунун өзгөрүлмөлүү бөлүгү – бул, кызматкерлерди жакшы иштөөгө түрткү берген инструмент гана болбостон, ишке так, кардарлар менен өз ара иш алып бара алган, билим деңгээлин, кесипкөйлүгүн дайыма өркүндөтүп турууга жетишкен, жамаат үчүн берилип иштөө сыяктуу баалуулуктарды так сактоо аркылуу эң мыкты иш натыйжасын камсыз кыла алгандарга «рахмат» деп айтуу ыкмасы.

Эмгекке төлөөнүн өзгөрүлмөлүү бөлүгү кандайча түзүлгөн

Өзгөрүлмөлүү бөлүк негизги иш натыйжалуулугу көрсөткүчтөрүнө (KPI) таянуу менен чегерилет жана ал кызматкерлер тобу боюнча бөлүштүрүлөт :

- Фронт-офис – тейлөө сапаты, ички жол-жоболорду так сактоо, каталарга жол бербөө
- Кредиттөө бөлүмү -белгиленген планды аткаруу, сапаттуу кеп-кеңеш берүү, комплаенс
- Тобокелдик-менеджменти жана комплаенс – орун алган тобокелдиктерди өз учурунда аныктоо, кемчиликтерге жол бербөө
- ИТ жана санариптик тейлөө - системанын жеткиликтүүлүгү, өзгөрүүлөрдүн тез арада киргизилиши
- Жетекчилик – түзүмдүк бөлүмдөр тарабынан KPIнин аткарылышы, кызматкерлердин кесипкөйлүгүнүн жогорулатылышы жана бирин-бири алмаштыруу шартынын сакталышы

Банк өзүнүн «Ырыс алды - ынтымак» уялаган эмгек жамааты менен сыймыктанат жана кардарлар, кызматкерлер бири-бирине ишенип, узак мөөнөт өз ара иштиктүү мамилени жөнгө салуу аркылуу алгылыктуу натыйжаны камсыз кыла алган чөйрөгө айландыруу үчүн улантууда. Демек, Банк сыймыктануу менен иштеп, адилет, кесиепкөйлүк менен узак мөөнөт иштеген системаны калыптандырууга жетиштken.



GRI 2-7, 2-8, 405-1

## Персоналды окутуу

Банк персоналды окутууну стратегиялык инвестиция катары кабыл алат. Санариптештирүү шартында туруктуу өнүгүүгө бет алган эмгек жамааты тейлөөнүн жогорку сапатын камсыз кылууга, иш процессинде келип чыгышы ыктымал болгон тобокелдиктерди натыйжалуу жөнгө салууга жана инновацияны жайылтууга жөндөмдүү. Банк 2023-2025-жылдары окуу программаларынын санын жана кызматкерлерди окутуу мүмкүнчүлүгүн алда канча арттырган. Бул, кызматкерлердин билим деңгээлин оперативдүү негизде жаңылоого жана рыноктун өзгөрүшүнө ыңгайлаша алуусуна түрткү берет.

Банк алдынкы рыноктук иш тажрыйбаларын операциялык чөйрөсүнө интеграциялоо максатына адистештирилген провайдерлерди ишке тартуу менен сырттан окутуу үлүшүн алда канча кеңейткен. Ошону менен бирге эле, Банк негизги компетенцияларга өткөрүү үчүн ичтен окутуу системасын сактап калып, кызматкерлердин алардан өз алдынча пайдалана алуусу үчүн жаздырылып алынган курстар базасын кеңейтүүнү пландаштырууда.

Банк 2025-жылы ESG принциптери боюнча окутууну уюштуруп, ага кызматкерлердин 29% катышкан. 2026-жылы аткарган милдеттери/иш чөйрөсү тобокелдиктерди тескөөгө жана таламдаш тараптар менен өз ара иш алып барууга байланыштуу болгон жетекчилер жана кызматкерлер үчүн аталган программаны кеңейтүү пландаштырылууда.

Жыл сайын Банк кызматкерлери үчүн үч деңгээлден турган: Elementary, Pre-Intermediate жана Intermediate англис тили курсу өткөрүлүп келет. Ошондой эле, кызматкерлердин мамлекеттик тилди билүүсү үчүн мүмкүнчүлүктөр караштырылып, кыргыз тили курстары уюштурулган.

### Окутуунун жалпы көрсөткүчтөрү

| Көрсөткүчтөр | 2023 | 2024 | 2025 | Динамика 2023→2025 |
|---|---|---|---|---|
| Окутуу сааттарынын саны (бардыгы болуп) | 33 485 | 34 624 | 29 012 | ▼ -13,4% |
| Бир кызматкер үчүн каралган сааттын орточо саны | 26,3 | 26,5 | 21,2 | ▼ -5,1 саата |
| Курстардын саны (бардыгы болуп) | 74 | 107 | 169 | ▲ +128% |
| Окугандардын саны (бардыгы болуп) | 7 430 | 16 274 | 16 940 | ▲ +128% |

### Окутуунун түрлөрү боюнча динкамика

| Көрсөткүчтөр | Окутуу түрү | 2023 | 2024 | 2025 | Динамика 2023→2025 |
|---|---|---|---|---|---|
| Окутуу сааттары | Ичтен окутуу (саат) | 24 388 | 16 459 | 11 648 | ▼ -52% |
| | Сырттан окутуу (саат) | 9 097 | 18 165 | 17 364 | ▲ +91% |
| Курстардын саны | Ичтен окутуу (саат) | 16 | 37 | 37 | ▲ +131% |
| | Сырттан окутуу (саат) | 58 | 70 | 132 | ▲ +128% |
| Окугандардын сагны | Ичтен окутуу | 6 725 | 14 631 | 15 511 | ▲ +131% |
| | Сырттан окутуу | 705 | 1 643 | 1 429 | ▲ +103% |

GRI 2-7, GRI 401, GRI 403-6

## HR-Брендди өркүндөтүү жана корпоративдик маданият

Банк HR-брендди өркүдөтүүнү жана корпоративдик маданияттын таасирин күчөтүүнү тышкы кесипкөйлүк чөйрөгө аралашуу аркылуу өнүктүрүүдө. Жаштар менен өз ара иш алып барып, профилдик окуу жайлардын бүтүрүүчүлөрдүн арасынан кадр резервин топтоо, негизги иш багытынын бири болуп саналат.

**2025-жылы өткөрүлгөн иш-чаралар:**

Банк отчеттук мезгил ичинде иш издегендер менен түздөн-түз дикалогду камсыз кылуу аркылуу адистиктер боюнча бош кызмат орундар жарманкесине катышкан:

- 2025-жылдын март айында (Бишкек шаарында): 120дан ашуун консультациялар өткөрүлгөн.
- 2025-жылдын сентябрь айында 30 ашуун профилдик таржымал (резюме) топтолгон.

Иш алып баруунун мындай форматы потенциалдуу талапкерлер аркылуу өз баалуулугун кеңири жайылтууга мүмкүндүк берет.

**Корпоративдик чөйрө жана үй-бүлөлөрдү колдоого алуу**

KICB корпоративдик маданиятты жамаат менен узак мөөнөт тыгыз иш алып барып, кызматташууну чыңдоо каражаты катары баалайт. Банктын бул багыттагы демилгелери операциялык иш чөйрөсүнөн тышкары, кызматкерлердин үй- бүлө жагдайын эске алып, сергек жашоо образын калыптандырууга түрткү берет.

**Орчундуу демилгелер:**

**Үй-бүлөнү колдоого алуу:** Банктын башкы кеңсесинде жана аймактык филиалдарында кызматкерлердин балдары үчүн (1-июнда) жыл сайын майрамдык программаларды өткөрүп туруу жөрөлгөсү салтка айланган. Ушунун өзү Банктын социалдык маселелерге айрыкча көңүл буруусунун далили

**Спорт жана ден соолукту чыңдоо:** Банктын командаларынын улуттук жана шаардык жеңил атлетика иш-чараларына жигердүү катышуусу пресоналдын ден-соолугун чыңдоого жана жумуш берүүчүнүн социалдык жоопкерчиликтүүлүгү брендин кеңири жайылтууга өбөлгө түзүүдө.

Интеллектуалдык көңүл ачуу: Корпоративдик интеллектуалдык таймаштарды жана тимбилдингдерди өткөрүү.

**Коммуникация жана натыйжалар**

Маданияттын санариптик көргөзмөлөрү

Банктын ички ишин чагылдырган негизги коммуникациялык каналдан болуп, анын Instagramдагы расмий баракчасы саналат. Социалдык түйүндөр сыртта иш алып барууда колдонулат, ошондой эле кызматкерлердин жетишкендигин таануу жана корпоративдик иш-чараларды визуалдаштыруунун платформасы катары колдонулат.

**Жыл жыйынтыгы:**

- Банктын кеңсесинен тышкары үч корпоративдик иш-чара уюштурулган.
- Эмгек жамаатынын 10% көбүрөөгү спорттук иш-чараларга активдүү катышкан.

**2026-жылга каралган пландар:**

Кызматкерлер арасында «KICB амбассадорлору» программасын иштеп чыгуу жана аймактык окуу жайлары менен өз ара иш алып баруу форматын кеңейтүү.



GRI 203-1

## Социалдык өнүгүүгө салым жана кайрымдуулук

KICB 2025-жылы узак мөөнөткө каралган кайрымдуулук жана социалдык долбоорлорду өздөштүрүүгө 49,8 млн. сом бөлүү менен жамааттарга колдоо көрсөтүү жагындагы иш ыкмаларын андан ары улантып, маанилүү бул багытты сактап калууга жетишкен. Банктын ушул иш өнүтү системалуу мүнөзгө ээ жана өнүгүүнүн приоритеттүү чөйрөлөрүндө узак мөөнөткө эсептелинген натыйжаларга жетишүү максатын көздөйт.

Банк отчеттук мезгил ичинде билим берүү жана экология жагында каралган программаларды планга ылайык аткарууну камсыз кылып, ошондой эле саламаттыкты сактоо жана креативдүү индустрия чөйрөсүндө олуттуу демилгелерди ишке ашырууну колдоого алган. Өнөктөштөр менен өз ара тыгыз иш алып баруу жана социалдык долбоорлорду каржылоого карата максаттуу ыкма Банкка инфратүзүмдөрдү өнүктүрүүгө жана өзү иш алып барган аймактардын экономикалык потенциалын чыңдоого түрткү берет.

### Демилгелер

### Билим берүү:

Жаштардын билим алуу ресурстарынан пайдалануусуна колдоо көрсөтүүгө багытталган демилгелердин чегинде Банк өлкөнүн 13 жогорку окуу жайында билим алып жаткан 20 стипендиант үчүн жалпы суммасы 1,3 млн сомдон көбүрөөк каражат бөлгөн.

Банк «Жайлоодо өнүгүү борбору» долбоорун жыл сайын колдоого алып келет, жай мезгилинде бийик тоолуу жайлоолордо мектепке чейинки билим берүү шартынан пайдалануусуна жаш балдарга мүмкүнчүлүк түзүү - аталган долбоордун негизги максатынан.

Банк өнөктөштүк жөнүндө келишимден алкагында Борбордук Азия университетинин студенттерине жалпы суммасы 2,2 млн. сом өлчөмүндө стипендия ыйгарган.

KICB Кыргыз Республикасында Улуттук кызыл жарым ай коому менен өнөктөштүктө өтө маанилүү социалдык долбоорду - Каракол шаарындагы Т.Сатылганов атындагы жатак-мектебинин жуунуп-чайкануучу жана санитардык блогун капиталдык ремонттон өткөргөн.

Бишкектеги А.Токтоналиев атындагы финансы-экономикалык колледжинин окуу аудиториясын модернизациялоого колдоо көрсөтүп, келечекте финансы секторунун адистеринен болуучу жаштардын кесипкөйлүк деңгээлин өнүктүрүү үчүн үчүр талабына жооп берген, заманбап билим берүү чөйрөсүн калыптандырып, ага колдоо көрсөткөн.

### Спорт

Банк Кыргыз Республикасынын Такта үстүндө теннис оюну ассациясына инфратүзмдү өнүктүрүү, турнирлерди уюштуруп, спортчуларды зарыл шаймандар менен камсыз кылуу жагында финансылык жардам көрсөтүү аркылуу, анын өнөктөшү катары иш алып барган. Мындай демилге сергек жашоо образын кеңири жайылтууга жана жаш спортчулардын эң аралык аренада Кыргызстандын атынан спорт оюндарына таасирдүү катышуусун колдоого алуу үчүн каралган.

### Саламаттыкты сактоо

KICB Ага Хан уюму тарабынан сунушталган каржылоонун чегинде Кыргызстанда алгачкыдан болуп Нарын шаарында, тоо шартында жогорку технологиялык госпиталдын түзүлүшүнө колдоо көрсөтүү үчүн 43,7 млн. сом өлчөмүндө салым кошкон. Аталган госпитал жарандарыбыздын жүрөк-кан тамыр илдеттерин алдын-ала аныктап, дарылоо жагында адистешет.

Банк Онкология жана гемотология улуттук борбору тарабынан өткөрүлгөн эл аралык конференцияга демөөрчү болуп, өлкөнүн медициналык потенциалын чыңдоого жана 300дөн ашуун эл аралык эксперттердин онкологиялык илтеттерге каршы күрөшүү жагындагы күч-аракетин бириктирүүгө колдоо көрсөткөн.

### Маданият жана искусство

KICB Visa менен өнөктөштүктө ишкер аял затын жана креативдүү индустрияны колдоого алуу үчүн «Forum Kurak» коомдук бирикмеси тарабынан уюштурулган «Мода жана искусство» саркеч кийимдер көргөзмөсүнүн башкы демөөрчүсүнөн болго.н

### Ишкер аял затын колдоого алуу

Банк «Forum Kurak» коомдук бирикмеси менен жөнгө салынган стратегиялык кызматташуунун алкагында 320дан ашуун айымдар катышкан «Мыкты айым» атайы сунушу менен чыгып, Бүткүл дүйнөлүк ишкер аялдар күнүнүн (WED 2024) расмий демөөрчүсү катары иш алып барган.

EBRD менен узак мөөнөткө каралган, Кыргызстанда ишкер аялдарды колдоого алуу жана менторлук демилгесин улантуу менен «Аял заты бизнесте» программасын андан ары өнүктүрүүгө жетишкен.

Банк «Бардыгы үчүн санариптик көндүмдөр» форумунун өнөктөшүнөн болуп, 300дөн ашуун катышуучулардын STEM багытында, санариптик ишкердик жана киберкоопсуздук иш багыты боюнча компетенциясын өнүктүрүүнү колдоого алуу менен «Кыргыз Техновумен» коомдук фондусу уюштуруучудан болгон «Жаңы ишкер» демилгесин колдоого алган. Мына ушундай демилгелер Кыргызстанда ишкнр аял затына финансылык жардам көрсөтүп, консультациялык кеп- кеңеш берүү үчүн EBRD менен биргеликте ишке ашырылып жаткан «Мыкты айым» программасын толуктайт.

### Экология

KICB «Роза Отунбаеванын демилгеси» эл аралык коомдук фондусу жана Ага Хан өнүктүрүү уюму (AKDN) менен биргеликте Бишкек шаарынын жана Чүй областынын 12 билим берүү мекемесинин аймагында 1800дөн ашуун дарак көчөтүн жана бактарды отургузуу иш-чарасын уюштурган.

## KICBнин тажрыйбасы

GRI 203; IFRS S1; ЦУР 5, 8, 12, 17

**Кванг Янг Чой атындагы стипендиялык программа**

Банк 2025-жылы эл аралык деңгээлдеги банкир, банктын негиздөөчүсү жана биринчи жетекчиси Кванг Янг Чойдун урматындагы стипендиалдык программанын ишке ашырылышынын экинчи жылынын жыйынтыгын чыгарган. Программа социалдык жактан жетиштүү коргоого алынбаган категориядагы үй-бүлөдөн чыккан (майып, жетим жана көп балалуу үй-бүлөдөн) таланттуу жаштардын (жаш курагы 16 жаштан 24 жашка чейин) татыктуу билим алуусуна бирдей мүмкүнчүлүктү камсыз кылуу максатын көздөө менен туруктуу экономиканын пайдубалын түптөөгө жол ачат.

Академиялык жыл үчүн 88 миң сомго чейинки өлчөмдөгү максаттуу стипендия окуу наркына төлөө үчүн гана сарапталат. Атайы стипендияга талапкерлердин билдирмелерин кароого алуу жана аныктоонун ырааттуу тартиби менен KICBнин расмий сайтынан таанышууга болот.

- Эки жыл аралыгында 36 студент колдоого ээ болгон.
- Эки жыл аралыгында жалпы каржылоо көлөмү 2,1 млн сомду түзгөн.




**Креативдүү индустрияны өнүктүрүү жана аял затынын лидерлигин колдоо**

Жаратмандык таламында өнөктөштүк

KICB жана Visa 2025-жылы «Мода жана искусство» долбоорунун башкы өнөктөштөрүнөн болгон. Ал эми 2012-жылы аял затынын бизнесин, менторлукту колдоо үчүн түзүлгөн коммерциялык эмес уюм - «Курак. Аялдар форуму» коомдук бирикмеси анын уюштуруучусунан болгон.

Улуттук саркеч кийим-кече көргөзмөсү көрүнүктүү композитор жана кыргыз классикалык музыкасына негиздөөчүсү А.Малдыбаев атындагы Улуттук опера жана балет театрында өткөн. Долбоор жергиликтүү дизайнерлердин чыгармачылык дараметинен жаралган кийим-кечени кеңири таанытып, жайылтуу, ошондой эле Кыргызстандын креативдүү экономикасын чыңдоо платформасынан болуп калган.

KICBнин мына ушундай өзгөчө долбоорго катышуу менен улуттук маданий мурастын сакталышына жана локалдык этно-брендерди даңазалоого инвестиция жумшоо ниетин баса белгилейт. Финансылык инструменттерди жана жогорку деңгээлдеги искусствону бирдикте кароо менен Банк салтка айланган улуттук мурасты өлкөнүн учурдагы креативдүү экономикасына интеграциялоого өбөлгө түзүүдө.

**Демилгелерден алынган негизги натыйжалар:**

Маданий коллаборация: KICB менен Visaнын улуттук искусствону эл аралык деңгээлде жайылтуу жагындагы биргелешкен долбоору.

Талантттарды колдоого алуу: Кеңири белгилүү этно-дизайнер Татьяна Воротникованын жана жаш талантардын алдынкы «Dilbar» (дизайнер, маданияттын көрүнүктүү ишмери Д. Ашимбаева) мода үйүнүн коллекцияларын презентациялоо.





KICB
KYRGYZ INVESTMENT
AND CREDIT BANK


Банктын Директорлор кеңешинин төрагасынын кайрылуусу

Банк Башкармасынын төрагасынын кайрылуусу

1. Отчет тууралуу

2. Туруктуу өнүгүү жана ESG

3. Банктын БУУнун туруктуу өнүгүү максаттарына жетишүүгө кошкон салымы

4. Корпоративдик башкаруу

5. Бизнести жүргүзүү жоопкерчилиги

6. Социалдык жоопкерчилик

**7. Экологиялык жоопкерчилик**

**7.1. Экология үчүн жоопкерчилик маселелерин жөнгө салуу ыкмасы**

**7.2. Климаттык тобокелдиктерди жөнгө салуу жана мүмкүнчүлүктөрдү караштыруу**

**7.3. Парник газдарынын бөлүнүп чыгышы**

**7.4. Сууну керектөө**

**7.5. Калдыктар менен иш алып баруу**

**7.6. Энергияны керектөө жана энергия натыйжалуулугу**

Тиркемелер

# Экология үчүн жоопкерчилик

GRI 3-3, 302-1, 302-3, 302-4, 303-3, 303-4, 303-5, 304-1, 305-1, 305-2, 305-3, 305-4, 306-2, 306-3, 306-4, SASB FN-CB-410b.4, IFRS S2

KICBнин бул багытта жүргүзүп жаткан иши түздөн-түз операциялык терс таасирлерди кыскартууга жана инвестициялык иштин климатка тиешелүү аспектилерин системалуу негизде жөнгө салууга багытталган. Документтин ушул бөлүгүндө Банктын стратегиялык иш ыкмасы жана IFRS S2 стандарттарынын принциптерин колдонууну, портфелдин климаттык тобокелдиктерин идентификациялоону жана GHG Protocol жана PCAF (Scope 1, 2, 3) боюнча көмүртектин изин инвентаризация жүргүзүүнү кошо алганда, 2025-жыл ичинде бүткөрүлгөн иш жыйынтыгы чечмеленип берилген. Мында, негизги басым ресурстардын натыйжалуу пайдаланылышы, калыбына келтирилүүчү энергия булактарын өнүктүрүү жана Green Foundation экологиялык демилгелерине жасалат.

## Экологиялык жоопкерчилик маселелерин чечүү ыкмалары

Экологиялык маселелердин аспектилерин жөнгө салуу Банктын Экологиялык, социалдык жана башкаруу саясатына ылайык жүзөгө ашырылат. Банк жаратылышты коргоого тиешелүү мыйзам талаптарынын так сакталышын камсыз кылып келет (2025-жыл ичинде бул багытта айыптык төлөмдөр жана эскертүүлөр алынган эмес). Банк «жашыл» кеңсе принцибин колдонуу аркылуу персоналдын жоопкерчиликтүүлүк менен керектөө маданиятын калыптандырып, аларды экологиялык демилгелерге тартат.

## Климаттык тобокелдиктерди жөнгө салуу жана мүмкүнчүлүктөрдү караштыруу (IFRS S2)


Банк климаттын өзгөрүүсүн финансылык туруктуулукка жана узак мөөнөттүү келечекке каралган активдердин сапатына таасир тийгизиши ыктымал болгон фактор катары карайт. 2025-жылы Банк IFRS S2 стандарттарынын принциптеринт жана TCFD, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын сунуш-көрсөтмөлөрүнө, таянуу менен тобокелдиктерди тескөө системасын интеграциялоого киришкен.

## Портфелдин климаттык тобокелдиктерин идентификациялоо жана аларга баа берүү

Банк отчеттук мезгил ичинде кредит портфелинин негизги сегменттеринде климаттык скринингди ишке ашырган. Айкын болуучу жана өтүп кетүүчү климаттык тобокелдиктерге өтө тез дуушарлануучу секторлорду аныктоо негизги максат болгон. Талдап-иликтөөлөрдүн жыйынтыгы боюнча приоритеттүү мониторингдин жүргүзүлүшүн талап кылган көмүртектүү, тармактар аныкталган.

**Тобокелдикке дуушарлануучу тармактар**
Кайра иштетүү өндүрүшү
Кыймылсыз мүлк чөйрөсүндө иш
Жашоо жана тамактануу

**Жогорку ESG тобокелдик**
Айыл чарбасы
Курулуш
Транспорт




## Тобокелдиктерди жана мүмкүнчүлүктөрдү идентификациялоо матрицасы

| Категория | Таасир этүү факторлорун мүнөздөө (IFRS S2 ылайык) |
|---|---|
| Келип чыгышы айкын тобокелдиктер | Бөөдө кырсыктардын (суу ташкыны, кургакчылык) күрөөлүк мүлктүн жана кардарлардын климаттын өзгөрүшүнө көз каранды болгон операциялык активдеринин абалына айкын таасир этишинине мониторинг жүргүзүү. |
| Өтмө тобокелдиктер | Экологиялык жөнгө салуунун таасирин күчөтүү, технологиялык трансформациялануу жана рыноктук суроо-талаптын өзгөрүүсү сыяктуу факторлордо насыя алуучуларга келтирилген таасирге баа берүү. |
| Климаттык мүмкүнчүлүктөр | Энергия натыйжалуулугун жогорулатууга, кайра жаралуучу энергия булактарын киргизүүгө жана кардарлардын климаттын өзгөрүүсүнө ыңгайлашуусун колдоого багытталган өнүмдөрдү өнүктүрүү аркылуу «жашыл» каржылоонун потенциалын ишке ашыруу. |

2026-жылга каралган өнүгүү вектору:

Климаттын өзгөрүшүнө шайкеш иш алып баруу: ESG-скоринг процессинде насыя алуучулардын климаттык тобокелдиктерине баа берүү жагында иштелип чыккан ыкмаларга план ченемдүү интеграциялануу.
Сценарий боюнча талдап-иликтөөлөр: ар кандай климаттык жагдайлардын Банктын финансылык көрсөткүчтөрүнө жана кредит порфелинин сапатына таасир этишинин моделин түзүү ыкмаларын андан ары өркүндөтүү жагында ишти баштоо

GRI 3-3, 305-1, 305-2, 305-3, 305-4, SASB FN-CB-410b.4, IFRS S2

## Парник газдарынын бөлүнүп чыгышы

2025-жылы Банк климаттык күн тартибин бизнес-моделге ырааттуу түрдө киргизүү менен төмөн көмүртектүү өнүгүү принциптерин план ченемдүү киргизүү этабына өттү. Бул иштин негизги этабы болуп Банктын ESG-саясатына, ICMA жана LMA эл аралык стандарттарына, ошондой эле Улуттук жашыл таксономиянын талаптарына ылайык иштелип чыккан Туруктуу каржылоо концепциясынын киргизүү саналды. Концепциянын дүйнөлүк практикага шайкештиги S&P Global (SPO) агенттиги тарабынан тастыкталышы 1,3 млрд сом суммасындагы туруктуу өнүгүү облигацияларын чыгарууга өбөлгө түздү (кенен маалымат — «Туруктуу каржылоо» бөлүмүндө).

2026-жылы KICB кардарларга алардын климаттык трансформациясы жана ыңгайлашуу процессинде эксперттик колдоо көрсөтүү менен жоопкерчиликтүү каржылоо практикасын өнүктүрүүгө көңүл бурууну пландаштырууда. Бул өнөктөштүк мамиле каржылануучу бөлүнүп чыгуулардын интенсивдүүлүгүн башкарууга көмөктөшүүгө жана Кыргыз Республикасынын экономикасынын төмөн көмүртектүү өнүгүү моделдерине өтүүсүнө багытталган.

### Бөлүнүп чыгууларды баалоонун усулдук ыкмасы

Парник газдарынын бөлүнүп чыгышын инвентаризациялоо GHG Protocol жана ISO 14064-1 стандарттарына ылайык жүргүзүлдү.

Бөлүнүп чыгууларды CO2-эквиваленттинде эсептөө үчүн КӨПтүн (Климаттын өзгөрүүсү боюнча өкмөттөр аралык эксперттер тобунун) Алтынчы баалоо отчетундагы (AR6) глобалдык жылуулуктун потенциалынын (GWP) коэффициенттери колдонулган. Эсептөөгө CO2, CH4, N2O жана HFC газдары киргизилген.

Каржылануучу бөлүнүп чыгууларды баалоо (Scope 3, категория 15) PCAF усулдук ыкмасын колдонуу менен ишке ашырылды.

**Бөлүнүп чыгууларды каттоо чеги:**

Scope 1 (түз бөлүнүп чыгуулар): Банктын операциялык көзөмөлүндөгү булактарды камтыйт.

Scope 2 (кыйыр энергетикалык бөлүнүп чыгуулар): сатып алынган электр жана жылуулук энергиясын керектөөгө байланыштуу бөлүнүп чыгууларды камтыйт.

Scope 3 (башка кыйыр бөлүнүп чыгуулар): нарк түзүүдөгү бүткүл чынжырча боюнча бөлүнүп чыгууларды камтыйт, анын ичинде:

- Ижарага алынган активдерди;
- Аутсорсингдик автотранспортту;
- Операциялык сатып алууларды;
- Кредиттик портфелди.

### Өнүгүү багыты

2026-жылы Банк төмөнкүлөрдү пландаштырууда:
- Туруктуу каржылоо практикасын өнүктүрүүнү;
- Көмүртек изин эске алуу менен насыя алуучуларды баалоо ыкмаларын өркүндөтүүнү;
- Кредиттик портфелде бөлүнүп чыгуулардын деңгээли төмөн болгон долбоорлордун үлүшүн көбөйтүүнү;

Scope 1: Парник газдарынын түз бөлүнүп чыгуулары
Банк анын түздөн-түз операциялык көзөмөлүндө турган булактардан ПГнын (парник газдарынын) түз бөлүнүп чыгышын эсепке алууну жүргүзөт. Түз бөлүнүп чыгуулардын көрсөткүчү автопарктын түзүмүнүн өзгөрүшүнүн (аутсорсингге өтүү) жана тиешелүү маалыматтардын Scope 3кө которулушунун натыйжасында жылдык эсепте 14%га кайра бөлүштүрүлдү.

**Көрсөткүчтөрдүн динамикасынын негизги факторлору:**

**Калыбына келтирилүүчү энергия булактары:** Банктын PV-системасынын колдонууга киргизилиши эсебинен дизель-генераторлордон сыртка тарап кетүүлөр 2% кыскарган.

**Автономдуу жылытуу тутумдары (бойлерлор):** бөлүнүп чыгуулардын 45%га өсүшү кышкы мезгилде энергия тутумунда кубаттуулукту чектөөлөрдүн киргизилиши менен шартталган.

Scope 1 деги күндөлүк эсептөөлөрдө Банктын автотраспортунан хладогенттердин сыртка тарашы эске алынган. Мониторинг жүргүзүү системасынын андан ары өркүндөтүлүшүнөн улам, имараттардагы желдеткичтердин стационардык системасы боюнча маалыматтар учурда отчеттун чегинде камтылган эмес. Банк келечекте аталган булак боюнча маалыматтардын толук чечмеленишин камсыз кылууну көздөйт.

**Түз бөлүнүп чыгуулар, Scope 1, тонн СО2-экв.**




GRI 3-3, 305-1, 305-2, 305-3, 305-4, IFRS S2

## Scope 2: Кыйыр энергетикалык бөлүнүп чыгуулар

Банктын кыйыр энергетикалык бөлүнүп чыгууларынын көлөмү 2025-жылы 500,9 тонн $CO_2$-экв. түзгөн. Эсептөөлөр улуттук түйүндөрдүн актуалдуу көмүртекти керектөөсүн эске алуу менен аймактык ыкмасы (location-based) боюнча аткарылган. Бөлүнүп чыгуулардын дүң көлөмүнүн көбөйүүсүн менчик IT-имараттын колдонууга берилиши жана филиал тармагынын кеңейиши менен түшүндүрүүгө болот.

**Кыйыр сырткы тароолор, Камтуу 2, тонн $CO_2$-экв.**




**Өздүк генерацияны (калыбына келтирилүүчү энергия булактары) жана энергияны үнөмдөө мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү:**

2024-жылы ишке киргизилген пилоттук фотоэлектрдик тутумду (PV) эксплуатациялоо боюнча долбоор отчеттук мезгилде толук кандуу операциялык мониторинг этабынан өттү. 2025-жылдын жыйынтыктары кайра жаралуучу булактардан алынган генерациянын эсебинен сатып алынуучу электр энергиясынын бир бөлүгүн эсептелген көлөмдө алмаштырууну камсыз кылуу менен бул технологиянын жогорку натыйжалуулугун тастыктады.

Банк пиолттук долбоор боюнча тастыкталган маалыматтарга таянуу менен интеллектуалдык мониторинг элементтерин жана инфратүзүмдөрдүн жаңы объектеринин өнүгүү шартында энергияны үнөмдөөчү жабдууларды колдонууга өтүүнү пландаштырууда (албетте, техникалык жактан мүмкүн болгон жайларда). Иштин мындай ыкмасы бөлүнүп чыгуулардын интенсивдүүлүгүн оптималдаштырууга жана тышкы энерготүйүндөрүнөн көз карандылыкты басаңдатат.




**2026-жылга каралган пландар**

Банк, 2026-жылы пилоттук долбоор боюнча иш натыйжасына таянуу менен калыбына келтирилүүчү энергия булактарын колдонуу тажрыйбасын улантууну пландаштырууда. Мында, жалпы энергия балансында «жашыл» генерация үлүшүн план ченемдүү көбөйтүү максатында, негизги инфратүзүм объекттеринде күн энергиясын масштабдуу колдонууга басым жасалат. Мына ушундай максаттуу чаралардын көрүлүшү операциялык иш чөйрөсүндө көмүртектин изин азайтууга жана инфратүзүмдөрдүн технологиялык туруктуулугун бекемдөөгө багытталат.

**Парник газдарынын сыртка тарашынын интенсивдүүлүгү**

Бөлүнүп чыгуулардын боюнча маалыматтар – Scope 1 жана Scope 2 Банктын операциялык контролдугуна алынган (менчигиндеги) объекттер чеги боюнча аныкталган.

2025-жыл жыйынтыгы боюнча интенсивдүүлүк коэффициенти

**0,62** тонна $CO_2$–экв. бир кызматкерге




түзүп, 2024-жылдагы көрсөткүчкө (0,62 тонны CO2-экв.) салыштырмалуу туруктуу сакталып калган.

GRI 3-3, 305-1, 305-2, 305-3, 305-4, IFRS S2

## Scope 3: Нарк түзүү чынжырчасындагы башка кыйыр бөлүнүп чыгуулар (Upstream)

Банк операциялык ишти камсыз кылуу үчүн зарыл болгон ресурстарды өндүрүүдөн, товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуудан келип чыккан эмиссияларды камтыган Scope 3 (Upstream) алкагында кыйыр бөлүнүп чыгуулардын тутумдуу эсебин жүргүзөт. 2025-жылы Upstream бөлүнүп чыгууларынын биргелешкен көлөмү 1008,9 тонна CO2-экв. түздү, бул 2024-жылдын көрсөткүчүнөн 44%га төмөн.


**Категориялардын динамикасын жана түзүмү:**

**Капиталдык товарлар (Category 2):** дүң көрсөткүчтүн (2024-жылдагы с 803 т CO2-эквиваленттен 2025-жылдагы минималдуу мааниге чейин) олуттуу төмөндөшү банктын менчик имаратынын курулушунун бүткөрүлүшү менен шартталган. Отчеттук мезгил ичинде бир жолку капиталдык сарптоолордун болбогондугу утурумдук операциялык беренелерге мониторинг жүргүзүү таасирин күчөтүүгө мүмкүндүк берген.

**Ижарага алынган активдер (Category 8):** Scope 3төгү эң ири таасир этүүчү булак (Upstream көлөмүнүн 37%ы). Бул категория ижарага алынган кеңселерди жана аутсорсингдеги автотранспортту эксплуатациялоодон бөлүнүп чыгууларды камтыйт жана 370,5 тонна CO2-экв. түздү.

**Логистика жана операциялык ресурстар (Categories 1, 5, 6, 7):** кызматкерлердин жумушка келип-кетүүсүнөн пайда болгон бөлүнүп чыгуулардын суммардык көлөмү 344,5 тонна CO2-экв. түзгөн. Калдыктардын топтолушунан (187 тонна), кагазды колдонуудан (42,3 тонна) жана ишке байланыштуу авиа учуулардан (48,8 тонна) бөлүнүп чыккан эмиссиялар филиалдар тармагынын кеңейүү фонунда бир аз өсүштү (+4%) көрсөткөн.


Кыйыр бөлүнүп чыгуулар Scope 3 (Upstream), тонна $CO_2$-экв.




Scope 3: Нарк түзүү чынжырчасынындагы башка кыйыр бөлүнүп чыгуулар (Upstream) - 2024




Scope 3: Нарк түзүү чынжырчасынындагы башка кыйыр бөлүнүп чыгуулар (Upstream) - 2025



GRI 3-3, 305-1, 305-2, 305-3, 305-4, IFRS S2

Каржы институтунун экологиялык изинин негизги үлүшү анын инвестициялык ишмердүүлүгүндө топтолгонун моюнга алуу менен, KICB нарк түзүү чынжырчасынын кийинки этаптарындагы (Downstream, Scope 3) каржылануучу бөлүнүп чыгууларды тутумдуу инвентаризациялоого киришти.

Эл аралык PCAF усулдугун киргизүүгө жана маалыматтарды чогултуунун жаңы тутумун калыптандырууга байланыштуу, Банк 2025-жылды кредиттик портфелдин таасирин баалоо үчүн базалык жыл (Base Year) катары аныктады. Бул чечим кийинки отчеттук мезгилдер үчүн маалыматтардын жогорку ишенимдүүлүгүн жана салыштырмалуулугун камсыз кылууга умтулуу менен шартталган. 2024-жыл Банктын өздүк операциялык бөлүнүп чыгуулары (Scope 1 жана 2) үчүн базалык жыл бойдон калса, Scope 3 үчүн баштапкы чекит үстүбүздөгү жылы белгиленди.

2025-жылы баалоо корпоративдик бизнестин эң маанилүү сегменттерине багытталды, бул KICBнин жалпы кредиттик портфелинин 54%ын камтууну камсыз кылды. Бул тандалма климаттык тобокелдиктерге мониторинг жүргүзүү үчүн репрезентативдүү болуп саналат.


**Scope 3: дүң бөлүнүп чыгуулар (тонна $CO_2$-экв.) жана Интенсивдүүлүк (тонна $CO_2$-экв./млн АКШ доллары)**




2025-жылы бааланууучу каржылануучу бөлүнүп чыгуулардын биргелешкен көлөмү 172 миң тонна $CO_2$-экв. түздү. Портфелдин салыштырмалуу интенсивдүүлүгү 476 тонна $CO_2$-экв./млн АКШ доллары деңгээлинде катталды.

Каржылануучу бөлүнүп чыгуулардын учурдагы тармактык түзүмү Банктын бааланууучу кредиттик портфелинин өзгөчөлүгү менен шартталган. Эсептөөлөргө ылайык, эмиссиялардын негизги үлүшү айыл чарбасына (46%) жана транспорттук-логистикалык секторго (39%) туура келет.

**Бааланууучу портфелдин тармактык түзүмү (Scope 3)**




**Усулдук база (PCAF)**

Отчеттуулуктун ачык-айкындуулугун жана салыштырмалуулугун камсыз кылуу үчүн Банк эл аралык Парник газдары боюнча протоколдун (GHG Protocol) алкагында PCAF (Partnership for Carbon Accounting Financials) стандартын колдонду. Учурдагы этапта эсептөөлөр экономика тармактарынын ИДП бирдигине бөлүнүп чыгуулардын интенсивдүүлүк коэффициенттерин колдонууга негизделген.

**Маалыматтардын сапатын баалоо (PCAF Score)**

| Активдердин категориясы | Баалоо усулу | Балл PCAF |
|---|---|---|
| Бизнес-кредиттер | Монетардык | 5 |

**2026-жылга карата өнүгүү багыты**

Каржылануучу бөлүнүп чыгуулардын тутумдуу мониторингин ишке киргизүү Банктын климаттык таасирди башкаруу боюнча узак мөөнөттүү стратегиясынын баштапкы этабы болуп саналат. Кийинки отчеттук мезгилде Банк төмөнкү артыкчылыктуу багыттарга көңүл бурат:

**Маалыматтардын сапатын жогорулатуу (Data Quality):** климаттык отчеттуулуктун тактыгын жогорулатуу үчүн орточо тармактык көрсөткүчтөрдү колдонуудан ири корпоративдик кардарлардын бөлүнүп чыгуулары жөнүндөгү баштапкы маалыматтарды чогултууга план ченемдүү өтүү.

**Трансформацияны стимулдаштыруу:** насыя алуучулардын төмөн көмүртектүү жана энергия натыйжалуу технологияларга өтүүсүн колдоо үчүн «жашыл» каржылоо өнүмдөрүнүн линиясын өнүктүрүү.

GRI 3-3, 303-3, 303-4, 303-5, 306-2, 306-3, 306-4

## Сууну керектөө


Банк менчигинде турган жана операциялык көзөмөлүндөгү объекттерде сууну сарамжалдуу пайдалануу принциптерин карманат. Ресурстар муниципалдык тутумдардан гана алынат жана бөтөлкөдөгү сууну сатып алууну камтыйт; табигый булактардан түз суу алуу жүргүзүлбөйт.

Тиричилик саркынды сууларын агызуу Банк иштеген аймактардын экологиялык ченемдерине ылайык жүзөгө ашырылат. Саркынды суулардын негизги көлөмү борборлоштурулган канализация тутумдарына багытталат. Шаардык тармактарга кошулуу техникалык жактан мүмкүн болбогон бөлүмдөрдө Банк адистештирилген уюмдарды тартуу менен автономдуу тутумдар аркылуу саркынды суулардын коопсуз чогултулушун камсыз кылат.

### Эсепке алуунун динамикасы жана сапаты

2025-жылы сууну жалпы керектөө 9,73 миң м³ түздү. Бул көрсөткүчтүн 2024-жылга салыштырмалуу өзгөрүшү, биринчи кезекте, Банктын инфраструктурасынын кеңейиши (жаңы IT-имаратынын пайдаланууга берилиши), ошондой эле ички экологиялык мониторинг тутумун өнүктүрүүнүн алкагында эсепке алуу периметринин кеңейиши жана чогултулган маалыматтардын деталдаштырылышы менен байланыштуу.

Алынуучу суунун жана саркынды сууларды агызуунун жалпы көлөмү, миң м³




## Калдыктарды башкаруу

Банк операциялык таасирди минималдаштыруу үчүн жоопкерчиликти түшүнөт жана циклдүү экономика принциптерин карманат. 2025-жылы экологиялык стратегиянын негизги этабы болуп Банктын Башкы кеңсесинде калдыктарды өз-өзүнчө чогултуу тутумун ишке киргизүү саналды. Бул демилге калдыктардын агымын үч категорияга: кагаз, пластик жана катуу турмуш-тиричилик калдыктарына (КТК) натыйжалуу бөлүштүрүүгө мүмкүндүк берет.

### Кагаздын жашоо циклин башкаруу

Банктык ишмердүүлүктүн өзгөчөлүгүн эске алуу менен, кагаздын жүгүртүлүшү артыкчылыктуу багыт болуп саналат. Бул багытта Банк комплекстүү ыкманы ишке ашырат:

1. **Кагаз калдыктарынын пайда болушунун алдын алуу:** санариптик документ жүгүртүүгө план ченемдүү өтүү жана операцияларды электрондук тастыктоо тутумдарын киргизүү.
2. **Туюк цикл (Recycling):** «Жашыл кеңсе» долбоорунун алкагында чогултулган бардык макулатура экинчилик кайра иштетүү үчүн адистештирилген өнөктөштөргө өткөрүлүп берилет.

2025-жылы кайра иштетүүгө 5,15 тонна кагаз өткөрүлүп берилди, бул полигондордо көмүүгө багытталган калдыктардын көлөмүн азайтууга мүмкүндүк берди. Учурдагы эсепке алуу тутуму экинчилик сырьелорду кабыл алуу-өткөрүү актыларына негизделет.

### Кагаздарды колдонуу циклинин көрсөткүчтөрү

| Калдыктын категориясы | Өлчөө бирдиги | 2024 | 2025 |
|---|---|---|---|
| Кеңседе колдонулган кагаздар | тонна | 40,46 | 44,55 |
| Кайра иштетүүгө өткөрүлгөн кагаз калдыктар | тонна | 5,74 | 5,15 |
| **Кайра иштелип чыккан кагаздардын жалпы көлөмдөгү үлүшү** | **%** | **14%** | **12%** |

### 2026-жылга экологиялык приоритеттер

**Отчеттук мезгилдин жыйынтыктарына таянуу менен, Банк жаратылыш капиталына болгон жүктөмдү азайтуу боюнча максаттарды аныктады:**

**Сууну үнөмдөө:** Банктын өздүк имараттарындагы сантехникалык жабдууларды сууну натыйжалуу пайдалануучу аналогдорго (сенсордук аралаштыргычтар, кош агызуу тутумдары) алмаштырууну улантуу.

**«Жашыл кеңсени» масштабдоо:** калдыктарды өз-өзүнчө чогултуу инфраструктурасын негизги аймактык филиалдарга кеңейтүү.

**Процесстерди санариптештирүү:** тейлөөнүн кагазсыз технологияларын өнүктүрүү аркылуу кагазды колдонууну андан ары кыскартуу.

GRI 3-3, 302-1, 302-3, 302-4

### Энергияны керектөө жана энергия натыйжалуулугу

Банк ресурстарды сарамжалдуу пайдаланууну операциялык натыйжалуулуктун ажырагыс элементи жана айлана-чөйрөгө тийгизген таасирди минималдаштыруунун куралы катары карайт. Бул бөлүмдө Банктын менчигинде турган жана операциялык көзөмөлүндөгү объекттер жана транспорт тарабынан отун-энергетикалык ресурстарды (ОЭР) керектөөнүн көрсөткүчтөрү берилген.

Көрсөткүчтөрдүн салыштырмалуулугун камсыз кылуу үчүн өткөн мезгилдеги маалыматтар ретроспективдүү түрдө түзөтүлдү.

### Энергетикалык ресурстарды керектөөнүн динамикасы

2025-жылы Банктын биргелешкен энергия керектөөсү 10,1%га кыскарып, 5 436 ГДж түздү. Инфраструктуранын кеңейүү фонунда дүң көрсөткүчтүн төмөндөшү операциялык активдерди оптималдаштыруу жана транспорттук логистиканы кайра карап чыгуу боюнча чаралардын натыйжалуулугун тастыктайт.

### Таасир этүүчү факторлор жана тармактык өзгөчөлүк:

**Электр энергиясы жана жылуулук менен камсыздоо:** Керектөөнүн өсүшү инфраструктуранын физикалык кеңейиши, тактап айтканда, Банктын өздүк IT-имаратынын пайдаланууга берилиши менен шартталган. Башкы кеңсе эң көп энергия керектөөчү объект бойдон калууда.

**Транспорттук логистика:** Бензинди колдонуунун олуттуу кыскарышы (-34,9%) логистикалык процесстерди аутсорсингге өткөрүү программасынын аякташы менен байланыштуу. Дизель отунун керектөө туруктуу бойдон калды (-2,6%), бул бир эле учурда Банктын өздүк дизель автотранспортун эксплуатациялоону жана Банктын негизги тутумдарын үзгүлтүксүз электр энергиясы менен камсыздоо үчүн резервдик генераторлордун даярдыгын камсыз кылды.

**Автономдуу жылытуу:** Көмүрдү керектөөнүн өсүшү кышкы мезгилде энергиянын альтернативдүү булактарына жеткиликтүүлүк жок болгон учурда алыскы филиалдардагы температуралык режимди сактоо үчүн зарыл чара болуп саналат.

**KICBде отун-энергетикалык ресурстарды керектөөнүн көлөмү:**

| | 2024 | 2025 |
|---|---|---|
| **Электр энергия** | | |
| млн. кВт/с | 2,73 | 3,29 |
| ГДж | 98,22 | 118,32 |
| **Жылуулук энергия** | | |
| Гкал | 168,79 | 206,92 |
| ГДж | 706,67 | 866,34 |
| **Бензин** | | |
| миң литр | 80,10 | 52,14 |
| ГДж | 2 883,76 | 1 877,06 |
| **Дизель отуну** | | |
| миң литр | 49,27 | 47,99 |
| ГДж | 1 773,73 | 1 727,50 |
| **Жаратылыш газы** | | |
| миң $м^3$ | 4,81 | 4,93 |
| ГДж | 158,60 | 162,76 |
| **Көмүр** | | |
| тонна | 21,32 | 34,21 |
| ГДж | 426,40 | 684,20 |
| **Энергияны жалпы керектөө, ГДж** | **6 047** | **5 436** |

### Энергияны керектөөнү кыскартуу боюнча иш-чаралар

Отчеттук мезгилде Банктын ишмердүүлүгү ресурстарды сарамжалдуу пайдалануу боюнча практикалык чараларды ишке ашырууга жана энергияны үнөмдөөчү технологияларды киргизүүгө багытталды.

### 2025-жылы ишке ашырылган иш-чаралар:

**Күн энергиясын колдонуу (КЭУ):** кеңселердин биринин базасында фотоэлектрдик тутумду (PV) ийгиликтүү эксплуатациялоо улантылды. Кайра жаралуучу энергияны өндүрүү тажрыйбасы сатып алынуучу электр энергиясын жарым-жартылай алмаштыруу жана сырткы тармактарга болгон жүктөмдү азайтуу үчүн анын натыйжалуулугун тастыктады.

**Транспорттук логистиканы экологиялаштыруу:** Экологиялык таасирди азайтуу стратегиясынын алкагында Банк транспорттук кызмат көрсөтүүлөрдү аутсорсингге жарым-жартылай этап-этабы менен өткөрүүнү ишке ашырууда. Бул трансформациянын артыкчылыктуу багыты болуп электромобилдерди операциялык ишмердүүлүккө интеграциялоо саналат. Электр транспортун ижарага алууну пилоттук түрдө киргизүү мотор отунун керектөөнү оптималдаштырууну баштоого жана «жашыл» логистика принциптерин жеткирүү чынжырчасына (Scope 3) интеграциялоого мүмкүндүк берди. Узак мөөнөттүү келечекте Банк тышкы логистикалык келишимдердин алкагында электромобилдерди колдонуунун үлүшүн план ченемдүү көбөйтүүнү пландаштырууда.

### 2026-жылга карата өнүгүү багыты:

Күн энергиясын колдонуу практикасын кеңейтүү жана Банктын жалпы энергия балансында «жашыл» микрогенерациянын үлүшүн көбөйтүү пландаштырылган.

## KICBнин иш тажрыйбалары

### Green Foundation

Жаратылыш жана социалдык капиталга 14-жылдык салым

KICB үчүн туруктуу өнүгүү бизнес-стратегиянын пайдубалы болуп саналат. Банк 2012-жылдан бери аймактарды таасирдүү көрктөндүрүүгө жана өсүп келе жаткан жаш муундарда экологиялык маданиятты калыптантрууга багытталган, узак мөөнөткө каралган "Green Foundation" долбоорун жүзөгө ашырып келет.

Долбоордо жаратылышка карата камкордук менен мамиле кылуунун өзөгү түптөлгөн мектептердин жана балдар бакчаларынын аймактарын көрктөндүрүү иши камтылган. Банк окуу жайларында "жашыл оазисти" түзүү менен абанын сапатын жакшыртып, балдардын дилинде ааламды баштапкы калыбында, адам баласынын денсоолугуна жагымдуу шарт түзгөн абалда сактоо табитин калыптандырууга жетишүүдө. Билим берүү мекемелеринен тышкары ушул долбоор аркылуу банк коомдук рекреациондук аймактарды өнүктүрүүгө салым кошуп, өзү иш алып барган аймактарда экосистеманы колдоого алып келет.

KICB 14-жыл аралыгында «Роза Отунбаеванын демилгеси» жана Ага Хан (AKDN) өнүктүрүү уюму менен өнөктөштүктө Кыргыз Республикасынын экологиялык маселелерин чечүүгө фундаменталдуу салым кошууга жетишкен.

Отчеттук мезгил ичинде бул ишчарага Бишкек шаарынын жана Чуй областынын 12 мекемеси камтылган. Билим берүү жана социалдык аймактарда мироклиматтын сапатын жакшыртуу үчүн эксперт-экологдор тарабынан тандалып алынган 1813 көчөт отургузулган.

Негизги көрсөткүчтөр:

14 жыл аралыгында 20 443 көчөт отургузулган.

Жергиликтүү шартка ыңгайлаштырылган 26+ өсүмдүктүн түрү (каштан, ак кайың, мажүрүм тал, клен, сирень ж.б.).

Бүтүндөй мезгил ичинде обьектерди кумулятивдик камтуу чөйрөсү: :

**25** орто жалпы билим берүү мектептеринде: миңдеген окуучуларга билим берүү үчүн алгылыктуу чөйрөнү калыптандыруу.

**18** мектепке чейинки билим берүү уюмдарында эң кичине бөбөктөр үчүн "жашыл" оюн аймактарын түзүү.

**8** адистештирилген мектеп интернатында: инклюзивдүүлүктү колдоо жана өзгөчө камкордука муктаж балдар үчүн ыңгайлуу микроклиматты түзүү.

**3** коомдук гүлбакчада: шаар жашоочулары үчүн эс алып, басып жүргөн жайлардын чөйрөсүн кеңейтүүгө жана аймактардын биотүрдүүлүгүн өнүктүрүүгө салым.





KICB
KYRGYZ INVESTMENT
AND CREDIT BANK


Банктын Директорлор кеңешинин төрагасынын кайрылуусу

Банк Башкармасынын төрагасынын кайрылуусу

1. Отчет тууралуу
2. Туруктуу өнүгүү жана ESG
3. Банктын БУУнун туруктуу өнүгүү жагында белгилеген максаттарына жетишүүгө кошкон салымы
4. Корпоративдик башкаруу
5. Бизнести жүргүзүү жоопкерчилиги
6. Социалдык жоопкерчилик
7. Экологиялык жоопкерчилик


## Тиркемелер


А тиркемеси: GRI көрсөткүчү
В тиркемеси: Маалыматтарды IFRS S1 сунуш-көрсөтмөлөрүн эске алуу менен чечмелөө
С тиркемеси: Маалыматтарды IFRS S12 сунуш-көрсөтмөлөрүн эске алуу менен чечмелөө

D тиркемеси: Глоссарий (атоолор)

Е тиркемеси: Байланыш маалыматтары

# А тиркемеси: GRI стандарттарынын көрсөткүчү

| Теманын индекси | Көрсөткүч | Барагынын номери | Түшүндүрмө (Комментарий) |
|---|---|---|---|
| **GRI 1. Негизги жобо 2021** | | | |
| GRI стандарттарын пайдалануу жөнүндө билдирүү | | 6 | **Бул отчет «KICB» ЖАК тарабынан GRI стандарттарына ылайык даярдалды жана 2025-жылдын 1-январынан 2025-жылдын 31-декабрына чейинки мезгилди камтыйт** |
| GRI версиясы | | 6 | **GRI Foundation 2021** |
| **GRI 2 ЖАЛПЫ АЧЫКТАМАЛАР 2021** | | | |
| **1. УЮМ ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ ЖАНА ОТЧЕТТУУЛУККА ДАЯРДЫК** | | | |
| 2-1 | Уюм жөнүндө маалымат | 6-8 | |
| 2-2 | Уюмдун туруктуу өнүгүү жаатындагы отчеттуулугуна киргизилген юридикалык жактар | 6 | |
| 2-3 | Отчеттук мезгил, отчеттуулуктун мезгилдүүлүгү жана байланыш маалыматы | 6, 68 | |
| 2-4 | Маалыматтагы өзгөрүүлөр | 6 | |
| 2-5 | Отчеттуулукту тышкы тастыктоо | 6 | |
| **2. УЮМДУН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ ЖАНА КЫЗМАТКЕРЛЕРИ** | | | |
| 2-6 | Уюмдун ишмердүүлүгү, кошумча нарк чынжыры жана башка ишкердик байланыштары жөнүндө маалымат | 8, 40 | |
| 2-7 | Уюмдун штаттык кызматкерлери | 8, 42-45 | |
| 2-8 | Уюмдун штаттык кызматкерлери болуп саналбаган кызматкерлер | | Статистикалык маалыматтарды топтоо системасын консолидациялоо зарылдыгына байланыштуу бул маалыматты Туруктуу өнүгүү жөнүндө кийинки отчеттордо ачып берүү пландалып жатат. |
| **3. КОРПОРАТИВДИК БАШКАРУУ** | | | |
| 2-9 | Башкаруунун түзүмү жана курамы | 19-24 | |
| 2-10 | Жогорку башкаруу органынын шайлоо жана бекитүү тартиби | 19-24 | |
| 2-11 | Жогорку башкаруу органынын башчысы | 19-24 | |
| 2-12 | Жогорку башкаруу органынын таасирлерди башкарууну контролдоону камсыздоодогу ролу | 12 | |
| 2-13 | Таасирлерди башкаруу боюнча жоопкерчиликти өткөрүп берүү | 12 | |
| 2-14 | Жогорку башкаруу органынын туруктуу өнүгүү боюнча отчеттуулукту бекитүүдөгү ролу | 6 | |
| 2-15 | Кызыкчылыктардын кагылышы | 27-29 | |
| 2-16 | Критикалык маанилүү көйгөйлөр жөнүндө коммуникация/маалымдоо | 27-29 | |
| 2-17 | Жогорку башкаруу органынын жамааттык билими | 19-24 | |
| 2-18 | Жогорку башкаруу органынын ишин баалоо | 19-24 | |
| 2-19 | Сыйлоо саясаты | 19-24 | |
| 2-20 | Сыйлоону аныктоо тартиби | 19-24 | |
| 2-21 | Жылдык компенсациянын жалпы коэффициенти | | Маалыматтардын купуялуулугу жаатындагы чектөөлөргө байланыштуу маалымат ачыкталбайт. |
| **4. СТРАТЕГИЯ, САЯСАТТАР ЖАНА ПРАКТИКАЛАР** | | | |
| 2-22 | Туруктуу өнүгүү стратегиясы жөнүндө билдирүү | 3-4 | |
| 2-23 | Уюмдун ички документтеринде бекитилген милдеттенмелер | 27-29, 52 | |
| 2-24 | Саясаттарды жана милдеттенмелерди киргизүү | 12, 27-29 | |
| 2-25 | Терс таасирди азайтуу механизмдери | 25-29 | |
| 2-26 | Консультация алуу жана көйгөйлөр жөнүндө билдирүү механизмдери | 25-29 | |
| 2-27 | Мыйзамдарды сактоо | 27-29, 52 | Отчеттук мезгилде Банк банктык мыйзамдарды олуттуу бузууларга жана айып пулдарды салууга жол берген эмес. |
| 2-28 | Ассоциацияларга мүчөлүк | 35 | |
| **5. КЫЗЫКДАР ТАРАПТАР МЕНЕН ӨЗ АРА АРАКЕТТЕНҮҮ** | | | |
| 2-29 | Кызыкдар тараптар менен өз ара аракеттенүү ыкмасы | 25-26 | |
| 2-30 | Жамааттык келишимдер | 42-45 | |

| Темандын индекси | Көрсөткүч | Барагынын номери | Түшүндүрмө (Комментарий) |
|---|---|---|---|
| GRI 3 МААНИЛҮҮ ТЕМАНЫН КӨРСӨТКҮЧТӨРҮ 2021 | | | |
| 3-1 | Маанилүү темаларды аныктоо тартиби | 6-7 | |
| 3-2 | Маанилүү темалардын тизмеси | 7 | |
| 3-3 | Маанилүү темаларды башкаруу | 7 | Маанилүү темаларды башкаруу жөнүндө маалымат Отчеттун тиешелүү тематикалык бөлүмдөрүндө ачыкталат. |
| GRI 200: ЭКОНОМИКАЛЫК КАТЕГОРИЯ | | | |
| GRI-201: Экономикалык көрсөткүчтөр 2016 | | | |
| 201-1 | Түзүлгөн жана бөлүштүрүлгөн түз экономикалык нарк | 9, 49 | |
| 201-2 | Финансылык аспектилер жана климаттын өзгөрүшү менен байланышкан башка тобокелдиктер жана мүмкүнчүлүктөр | 52 | |
| 201-3 | Мамлекеттен алынган финансылык жардам | 35 | |
| GRI 204: Сатып алуулар 2016 | | | |
| 204-1 | Жергиликтүү жеткирүүчүлөргө кеткен чыгымдардын үлүшү | 40 | |
| GRI 205: Коррупцияга каршы күрөш 2016 | | | |
| 205-1 | Коррупцияга байланыштуу тобокелдиктерди баалоо жүргүзүлгөн бөлүмдөр | 27-29 | |
| 205-2 | Коррупцияга каршы аракеттенүү саясаттары жана методдору жөнүндө маалымдоо жана аларды окутуу | 27-29 | |
| 205-3 | Тастыкталган коррупция учурлары жана көрүлгөн чаралар | 27-29 | |
| GRI 206: Атаандаштыкка каршы жүрүм-турум 2016 | | | |
| 206-1 | Атаандаштыкка каршы жүрүм-турумга, антитрасттык жана монополияга каршы практикага карата укуктук аракеттер | 27-29 | Отчеттук мезгилде Банк тарабынан атаандаштыкка каршы жүрүм-турум жана монополияга каршы мыйзамдарды бузуу учурлары катталган эмес. |
| GRI 207: Салык салуу 2019 | | | |
| 207-1 | Уюмдун салык төлөөгө болгон мамилеси | 14 | |
| 207-2 | Салыктарды башкаруу жана тобокелдик-менеджмент | 14 | |
| 207-3 | Кызыкдар тараптар менен өз ара аракеттенүү жана салык салуу маселелерин башкаруу | 14 | |
| 207-4 | Салыктар жана башка байланыштуу финансылык көрсөткүчтөр боюнча маалымат (салык юрисдикцияларынын кесилишинде) | | Банк ишмердүүлүгүн Кыргыз Республикасынын аймагында гана жүзөгө ашырат, демек салыктар Кыргыз Республикасынын бюджетине төлөнөт. |
| GRI 300: ЭКОЛОГИЯЛЫК КАТЕГОРИЯ | | | |
| GRI 302: Энергия 2016 | | | |
| 302-1 | Уюмдун ичиндеги энергия керектөө | 58 | |
| 302-2 | Уюмдун чегинен тышкары энергия керектөө | | Уюмдун чегинен тышкары ОЭР (отун-энергетикалык ресурстар) керектөө жүргүзүлбөйт. |
| GRI 303: Суу 2018 | | | |
| 303-2 | Суу чыгарууга байланыштуу олуттуу таасирлерди башкаруу | 57 | |
| 303-3 | Алынган суунун жалпы көлөмү | 57 | |
| 303-4 | Агынды сууларды төгүү | 57 | |
| GRI 304: Биологиялык ар түрдүүлүк 2016 | | | |
| 304-1 | Уюмдун менчигинде, ижарасында же башкаруусунда болгон жана корголуучу жаратылыш аймактарында жана корголуучу жаратылыш аймактарынын чегинен тышкары же аларга чектеш жайгашкан биологиялык ар түрдүүлүгү жогору аймактардагы операциялык аянтчалар | | Ишмердүүлүктүн өзгөчөлүгүнө байланыштуу, Банкта менчигинде, ижарасында же башкаруусунда болгон жана корголуучу жаратылыш аймактарында жана корголуучу жаратылыш аймактарынын чегинен тышкары же аларга чектеш жайгашкан биологиялык ар түрдүүлүгү жогору аймактардагы операциялык аянтчалар жок. |
| GRI 305: Чыгындылар 2016 | | | |
| 305-1 | Парник газдарынын түз чыгындылары (1-охват) | 52-56 | |
| 305-2 | Парник газдарынын кыйыр чыгындылары (2-охват) | 53-56 | |
| 305-3 | Парник газдарынын башка кыйыр чыгындылары (3-охват) | 53-56 | |
| 305-4 | Парник газдарынын чыгындысынын интенсивдүүлүгү | 53-56 | |
| 305-5 | Парник газдарынын чыгындысын азайтуу | 53-56 | |
| 305-6 | Озонду бузуучу заттардын атмосферага чыгындылары | 53-56 | |

| Теманын индекси | Көрсөткүч | Барагынын номери | Түшүндүрмө (Комментарий) |
|---|---|---|---|
| GRI 306: Калдыктар 2020 | | | |
| 306-1 | Калдыктардын пайда болушу жана алар менен байланышкан олуттуу таасирлер | 57 | |
| 306-3 | Пайда болгон калдыктардын жалпы салмагы | 57 | |
| 306-4 | Калдыктарды утилдештирүү | 57 | |
| GRI 400: СОЦИАЛДЫК КАТЕГОРИЯ | | | |
| GRI 401: Жумуштуулук 2016 | | | |
| 401-1 | Жаңы кызматкерлердин жалпы саны, кадрлардын алмашуусу | 42-45 | |
| 401-2 | Толук убакытта иштеген кызматкерлер үчүн берилген, бирок убактылуу же толук эмес убакытта иштеген кызматкерлерге берилбеген жеңилдиктер | 42-45 | Банк өз кызматкерлерине Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган бардык жеңилдиктерди берүүгө багытталган. Кошумча жеңилдиктер кызматкердин конкреттүү ролуна жана жумушка орношуу форматына жараша болот жана ар кандай факторлорго жараша өзгөрүшү мүмкүн. |
| 401-3 | Балдарды кароо боюнча өргүү | 42-45 | |
| GRI 402 Кызматкерлер менен жетекчиликтин өз ара мамилелери 2016 | | | |
| 402-1 | Чарбалык ишмердүүлүктөгү өзгөрүүлөр жөнүндө эскертүүнүн минималдуу мөөнөттөрү | 42-45 | Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарына ылайык, Банк иш берүүчү катары кызматкерлерге эмгек шарттарынын олуттуу өзгөрүшү жөнүндө 1 айдан кечиктирбестен билдирүүгө милдеттүү. |
| GRI 403: Жумуш ордундагы ден соолук жана коопсуздук 2018 | | | |
| 403-1 | Эмгекти коргоо маселелерин башкаруу системасы | 42-45 | |
| 403-2 | Коркунучтарды аныктоо, тобокелдиктерди баалоо, окуяларды иликтөө | 42-45 | |
| 403-3 | Эмгекти коргоо кызматтары | 42-45 | |
| 403-4 | Кызматкерлердин катышуусу, консультацияларды өткөрүү жана эмгек гигиенасы жана коопсуздук техникасы маселелери боюнча маалымат берүү | 42-45 | KICBде кызматкерлердин жана иш берүүчүнүн Эмгекти коргоо жана коопсуздук техникасы боюнча биргелешкен комитеттери жок. |
| 403-5 | Кызматкерлерди эмгекти коргоо жаатында окутуу | 42-45 | |
| 403-6 | Кызматкерлердин ден соолугун сактоо | 42-45 | |
| 403-7 | Ишкердик мамилелерге түздөн-түз байланыштуу эмгекти коргоо жана өнөр жай коопсуздугу жаатындагы таасирлердин алдын алуу жана азайтуу | 42-45 | |
| 403-8 | Эмгекти коргоо жана өнөр жай коопсуздугун башкаруу системасынын ишмердүүлүгү жайылтылган кызматкерлер | 42-45 | |
| 403-9 | Өндүрүштүк жаракаттар | 42-45 | |
| 403-10 | Кесиптик оорулар | 42-45 | Банкта коркунучтуу факторлор жок. |
| GRI 404: Окутуу жана билим берүү 2016 | | | |
| 404-1 | Бир кызматкерге окутуунун орточо жылдык сааты | 47 | |
| 404-2 | Кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана үзгүлтүксүз кесиптик өсүү программалары | 47 | KICBде мыйзамдарда каралбаган, кызматкерлерге андан ары жумушка орношуу мүмкүнчүлүгүн камсыздоо үчүн берилүүчү жардам программалары, пенсияга чыгар алдындагы курактагы кызматкерлер үчүн программалар, ошондой эле пенсияга чыкканда же жумуштан кеткенде колдоо программалары жок. |
| 404-3 | Натыйжалуулукту жана карьералык өнүгүүнү мезгил-мезгили менен баалоо жүргүзүлгөн кызматкерлердин үлүшү | 47 | |
| GRI 405: Персоналдын социомаданий ар түрдүүлүгү жана бирдей мүмкүнчүлүктөр 2016 | | | |
| 405-1 | Жетекчи кадрлардын жана кызматкерлердин социомаданий ар түрдүүлүгү | 10, 19-24 | |
| 405-2 | Эркектер менен аялдардын базалык эмгек акысынын жана сыйлыктарынын катышы | 46 | |
| GRI 406: Дискриминацияга жол бербөө 2016 | | | |
| 406-1 | Дискриминация учурлары жана көрүлгөн оңдоочу аракеттер | 27-29 | |
| GRI 408: Балдардын эмгеги 2016 | | | |
| 408-1 | Балдардын эмгегин колдонуунун олуттуу тобокелдиги бар бөлүмдөр жана жеткирүүчүлөр | 40 | Банкта балдардын эмгегин колдонуунун олуттуу тобокелдиги бар бөлүмдөр жок. |
| GRI 409: Мажбурлап жана милдеттүү эмгек 2016 | | | |
| 409-1 | Мажбурлап же милдеттүү эмгекти колдонуунун олуттуу тобокелдиги бар бөлүмдөр жана жеткирүүчүлөр | 40 | Банкта мажбурлап же милдеттүү эмгекти колдонуунун олуттуу тобокелдиги бар бөлүмдөр жок. |
| GRI 418: Керектөөчүнүн жеке жашоосунун кол тийбестиги 2016 | | | |
| 418-1 | Керектөөчүнүн жеке жашоосунун кол тийбестигин бузуу же маалыматты жоготуу боюнча тастыкталган арыздар | 32 | |

## В тиркемеси: Маалыматтарды IFRS S1 сунуш-көрсөтмөлөрүн эске алуу менен чечмелөө

| IFRS S1 | Талаптар (кыскача мазмуну) | Барак номери | Түшүндүрмө (комментарий) |
|---|---|---|---|
| 1. Жалпы маалымат жана отчеттук камтуу | Отчеттуулуктун жана камтылган түзүмдөрдүн чегин ачып берүү | 6 | |
| 2. Отчетту даярдоо үчүн жоопкерчилик | Башкаруу системасын жана жооптуу органдарды баяндоо | 6 | |
| 3. Туруктуу өнүгүүнүн бизнесмодель жана стратегия менен байланышы | Туруктуу өнүгүү стратегияга жана операциялык ишке кантип интеграцияланган | 3, 4, 12 | |
| 4. Маанилүү (материалдык) темаларды аныктоо | Маанилүү темаларды аныктоо методикасы жана алардын тизмеси | 6, 7 | |
| 5. Башкаруу (Governance) | Директорлор кеңеши менен Башкарманын туруктуу өнүгүүнү башкаруудагы ролу | 12, 19-24 | |
| 6. Стратегия (Strategy) | Туруктуу өнүгүүгө байланышкан негизги тобокелдиктер жана мүмкүнчүлүктөр | 3, 12 | |
| 7. Тобокелдиктер жана тобокелдиктерди тескөө | ESG-тобокелдиктерди идентификациялоо, баа берүү жана мониторинг процесстери | 30, 52 | |
| 8. Чендер жана көрсөткүчтөр | ESG-темалар, максаттар жана натыйжалар боюнча негизги көрсөткүчтөр | 10 | Маанилүү темаларды тескөө жөнүндө маалымат Отчеттун тиешелүү тематикалык главаларында ачылып берилет. |
| 9. Маалыматтардын салыштырылышы жана ырааттуулугу | Өткөн мезгилдердин маалыматтарын салыштыруу жана методикадагы өзгөрүүлөрдү түшүндүрүү | 6 | |
| 10. Верификациялоо жана маалыматтын аныктыгы | Көз карандысыз текшерүү же маалыматтарды тастыктоо | 6 | |
| 11. Финансылык отчеттуулук менен байланыш | Туруктуу жана финансылык отчеттуулук чегинин шайкештиги | 6, 9 | |
| 12. Кызыкдар тараптар менен өз ара аракеттенүү | Өз ара аракеттенүү механизмдери жана кызыкдар тараптарды тартуу | 25-26 | |

## С тиркемеси: Маалыматтарды IFRS S2 сунуш-көрсөтмөлөрүн эске алуу менен чечмелөө

| IFRS S1 | Талаптар (кыскача мазмуну) | Барак номери | Түшүндүрмө (комментарий) |
|---|---|---|---|
| 2-1 Governance – (a) | Директорлор кеңешинин климаттык-тобокелдиктерге жана мүмкүнчүлүктөргө көзөмөлдүк кылуу ролун ачып берүү | 3, 12, 52 | |
| 2-1 Governance – (b) | Жетекчиликтин климаттык-тобокелдиктерге баа берүү жана тескөөдөгү ролун ачып берүү | 4, 12, 52 | |
| 2-2 Strategy – (a) | Уюмга таасирин тийгизген климаттык тобокелдиктерди жана мүмкүнчүлүктөрдү аныктоо | 13, 52 | |
| 2-2 Strategy – (b) | Климаттык тобокелдиктердин бизнес-моделге жана стратегияга таасири | 13, 52 | |
| 2-2 Strategy – (c) | Стратегиянын туруктуулугун баяндоо (сценарийлерди талдап-иликтөөнү кошуп алганда) | 6, 52 | |
| 2-3 Risk Management – (a) | Климаттык тобокелдиктерди идентификациялоо жана аларга баа берүү | 30, 52 | |
| 2-3 Risk Management – (b) | Климаттык тобокелдиктерди тескөө процесстери | 30, 52 | |
| 2-3 Risk Management – (c) | Тобокелдиктерди тескөөнүн жалпы системасына интеграциялоо | 30, 52 | |
| 2-4 Metrics and Targets – (a) | Климаттык-тобокелдиктерге жана мүмкүнчүлүктөргө баа берүү үчүн колдонулган көрсөткүчтөр | 53-56 | |
| 2-4 Metrics and Targets – (b) | Бардык категориялар боюнча парник газдарынын сыртка таралышын ачып берүү ($CO_2$e) | 53-56 | |
| 2-4 Metrics and Targets – (c) | Сыртка таралууну кыскартуу максаттары жана аларга жетишүүдөгү прогресс | 4, 52 | |

## D тиркемеси: Глоссарий

| Термин | Аныктамасы | Термин | Аныктамасы |
|---|---|---|---|
| Жашыл таксономия | Экологиялык жактан туруктуу деп таанылган экономикалык ишмердүүлүктүн түрлөрүн классификациялоонун расмий тутуму (бул контекстте — Кыргыз Республикасынын Жашыл таксономиясы). | AR6 | Климаттын өзгөрүүсү боюнча өкмөттөр аралык эксперттер тобунун Алтынчы баалоо отчету (IPCC). Анын глобалдык жылуулук потенциалынын (GWP) коэффициенттери парник газдарынын бөлүнүп чыгышын эсептөө үчүн колдонулат. |
| Ишеним линиясы | Кызматкерлерге жана үчүнчү жактарга этиканын бузулушу же коррупция тууралуу билдирүүгө мүмкүндүк берген купуя кайтарым байланыш каналы (GRI 2-26 боюнча комплаенс-тутум алкагында). | ESG | Бизнестин туруктуулугун баалоо үчүн колдонулуучу экологиялык (E), социалдык (S) мүнөздөгү жана корпоративдик башкаруу (G) факторлорунун жыйындысы. |
| Каржылануучу бөлүнүп чыгуулар | Банк каржылаган насыя алуучулар жана долбоорлор тарабынан түзүлүүчү парник газдарынын бөлүнүп чыгышы (PCAF жана IFRS S2 стандарттарына ылайык Scope 3түн негизги элементи). | GHG Protocol | Парник газдарынын бөлүнүп чыгышы боюнча корпоративдик эсепке алуунун жана отчеттуулуктун эл аралык стандарты. |
| Кош олуттуулук | ESG факторлорунун Банктын каржылык абалына тийгизген таасирин (каржылык олуттуулук), ошондой эле Банктын экономикага, коомго жана климатка тийгизген таасирин (таасир этүү олуттуулугу) баалоону талап кылган GRI жана IFRS принциби. | IFRS | Туруктуу өнүгүүгө (IFRS S1) жана климаттын өзгөрүүсүнө (IFRS S2) байланыштуу каржылык маалыматтарды ачыктоону жөнгө салуучу финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттары. |
| KPI | Натыйжалуулуктун негизги көрсөткүчтөрү — экологиялык ийгиликтерди жана социалдык максаттарга жетүүнү контролдоо үчүн Банк тарабынан колдонулуучу метрикалар (GRI 3-3 алкагында). | ISO | Маалыматтык коопсуздукту башкаруу тутумун (МКБТ) түзүү, киргизүү, колдоо жана үзгүлтүксүз өркүндөтүү боюнча талаптарды белгилеген эл аралык стандарт (анын ичинде ISO 27001). |
| Стандарт GRI | Уюмдун тийгизген таасири жөнүндөгү маалыматтардын ачык-айкындуулугун жана салыштырмалуулугун камсыз кылган каржылык эмес отчеттуулуктун глобалдык стандарттары (Global Reporting Initiative). | PCAF | Финансы институттарынын көмүртекти эсепке алуу боюнча глобалдык өнөктөштүгү. PCAF усулдугу кредиттик портфель боюнча каржылануучу бөлүнүп чыгууларды эсептөө үчүн колдонулат. |
| GHG Protocol | Международный стандарт корпоративного учета и отчетности по выбросам парниковых газов. | PV | Фотоэлектрдик күн тутумдары (күн панелдери). Таза энергияны өндүрүү жана дизель-генераторлорунан көз карандылыкты азайтуу үчүн Банк тарабынан колдонулуучу инфраструктуралык чечим. |
| Таасир этүү жөнүндө отчеттуулук | Максаттуу жашыл же социалдык инструменттердин эсебинен каржыланган долбоорлорду ишке ашыруунун сапаттык жана сандык натыйжалары жөнүндө маалыматтарды ачыктоо. | Scope 1 | Банктын менчигинде же түздөн-түз операциялык көзөмөлүндө турган булактардан парник газдарынын түз бөлүнүп чыгышы (автоунаалардагы жана отканалардагы отунду жагуу) (Түз бөлүнүп чыгуулар). |
| Туруктуу өнүгүү облигациялары | Тартылган каражаттары жашыл жана социалдык долбоорлордун айкалышын каржылоого же кайра каржылоого гана багытталган облигациялар. | Scope 2 | Банк тарабынан сатып алынган жана керектелген энергияны (электр энергиясы жана жылуулук менен камсыздоо) өндүрүүгө байланыштуу парник газдарынын кыйыр бөлүнүп чыгышы. |
| Туруктуу өнүгүү максаттары | БУУ тарабынан 2030-жылга чейинки Күн тартибинин алкагында кабыл алынган, Банк өзүнүн олуттуу темаларын шайкеш келтирген туруктуу өнүгүү чөйрөсүндөгү 17 максат (БУУнун ТӨМдөрү). | Scope 3 | Иш сапарларды, кызматкерлердин жумушка келип-кетүүсүн, жеткирүү чынжырчасын жана каржылануучу бөлүнүп чыгууларды кошкондо, нарк түзүүдөгү бүткүл чынжырча боюнча башка кыйыр бөлүнүп чыгуулар. |
| $CO_2$-экв. | Ар кандай парник газдарынын нурлануу жөндөмдүүлүгүн алардын көмүр кычкыл газына карата глобалдык жылуулук потенциалынын (GWP) негизинде салыштыруу үчүн универсалдуу өлчөө бирдиги (көмүртек эквиваленти). | SPO | Облигациялардын алкагындагы программанын эл аралык стандарттарга шайкештигин тастыктаган сырткы верификациялоочу тараптын (Second Party Opinion) көз карандысыз эксперттик корутундусу. |

| Аббревиатура | Чечмелөө |
|---|---|
| EBRD | Европа Реконструкциялоо жана Өнүктүрүү Банкы |
| ЖАК | Жабык акционердик коом |
| кВт | Киловатт |
| КИКБ / KICB | «Кыргыз Инвестициялык Кредит Банкы» ЖАК |
| ПГ | Парник газдары |
| $CO_2$-экв. | Көмүр кычкыл газынын эквиваленти |
| ESG | Экологиялык, социалдык жана башкаруу көрсөткүчтөрү (Environmental, Social, and Governance) |
| GHG | Парник газдары (Greenhouse Gases) |
| GRI | Отчеттуулук тууралуу глобалдык демилге (Global Reporting Initiative) |
| HR | Адам ресурстары (Human Resources) |
| IFC | Эл аралык финансылык корпорация |
| IFRS S1, S2 | Туруктуу өнүгүү тууралуу маалыматтарды ачыктоо стандарттары (IFRS Sustainability Disclosure Standards) |
| IT | Маалыматтык технологиялар (Information Technology) |
| S&P Global Ratings | Кредиттик рейтинг агенттиги (Standard & Poor’s) |



# Е тиркемеси: Байланыш маалыматтары

Бишкек шаары, Эркиндик бульвары 21,
Кыргыз Республикасы, 720040

+996 (312) 620 101

https://kicb.net

Reception@kicb.net

Отчет 2026-жылдын 2-июнунда бекитилген жана жарыяланган.